Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлиги

# Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы

**(480 часов)**

Бишкек
2015

БЕКЕР ТАРАТЫЛАТ

УДК 373
ББК 74.102
П 78

**Иштеп чыккандар:**
*Н. В. Колесникова, Г. И. Расулова, Т. А. Орусбаева,*
*А. Д. Токтомаметов, Н. К. Тунгатарова, А. К. Садыкбекова,*
*Д. А. Акматов, Н. А. Касымова*

**Кеңешчи:**
*А. А. Исаева*

П 78 **Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы (480 саат).** – Б.: Аркус бас., 2015. – 136 б.

ISBN 978-9967-31-326-2

Программа Community Development Alliance (CDA) уюмунун эксперттер тобу тарабынан Кыргыз Республикасынын БИМинин «Билим берүү – жалпыга» программасынын максаттарын тездетип ишке ашыруу демилгелери» долбоорунун алкагында «Мектепке чейинки билим берүү женүнде» КР мыйзамына Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик стандартына ылайык иштелип чыкты.

КББА тарабынан ( 29.06.2015-ж. № 7) бекитилген.

2015-жылдын 17-августундагы № 1090/1 Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен бекитилди.

Нускасы 27 496 даана.
«KIRLand» ЖЧК басмаканасында басылды.
720083, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Аламүдүн-1 к/р, 75.

**П 4305000000-15**

**УДК 373**
**ББК 74.102**

ISBN 978-9967-31-326-2
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2015

# МАЗМУНУ


Түшүндүрме кат ....5

**I бөлүм.** Программанын максаттары жана милдеттери....9

**II бөлүм.** 6–7 жаштагы балдардын өсүү чөйрөлөрүнө мүнөздеме....12

Денелик жактан өстүрүү ....12

Когнитивдик өсүү....12

Социалдык-эмоционалдык өсүү ....15

Чыгармачыл жана эстетикалык өсүү....16

**III бөлүм.** Балдарды 6 жаштан мектепке даярдоодо окуу процессин уюштурууга карата жалпы талаптар ....17

**IV бөлүм.** Балдарды 6 жаштан мектепке даярдоо үчүн окуу планы....20

**V бөлүм.** Балдарды 6 жаштан мектепке даярдоо программасынын иш тартиби....23

6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо классынын/тайпасынын иштөө тартиби....23

6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо классындагы/тайпасындагы сабактардын болжолдуу расписаниеси (1-вариант) ....24

**VI бөлүм.** Өнүктүрүүчү чөйрө....25

**VII бөлүм.** Предметтик программалардын мазмуну ....30

«Дене өстүрүү» программасы....31

«Дене өстүрүү» программасынын окуу планы....35

«Айлана чөйрө менен тааныштыруу» программасы ....44

«Айлана чөйрө менен тааныштыруу» программасынын окуу планы ....46

«Кеп өстүрүү жана көркөм адабият» боюнча программа ....50

«Кеп өстүрүү жана көркөм адабият» боюнча окуу планы....52

«Сабат ачуу» боюнча окуу программасы ....58

«Сабат ачуу» программасынын окуу планы ....59

«Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК) /Конструкциялоо» программасы ....63

«Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК)/ Конструкциялоо» окуу планы ....67

«Көркөм өнөр чыгармачылыгы» программасы ....81

«Көркөм өнөр чыгармачылыгы» окуу планы ....85

«Кыргыз тили – экинчи тил» программасы ....89

«Кыргыз тили – экинчи тил» программасынын окуу планы ....94

«Орус тили – экинчи тил» программасы ....96

«Орус тили – экинчи тил» программасынын окуу планы ....99

**VIII бөлүм.** Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген (ДМЧ) балдарды инклюзивдик окутуу ....104

**IX бөлүм.** Окуудагы жетишкендиктерге жана балдардын өнүгүүсүнө мониторинг жасоо жана баалоо ....110

ТИРКЕМЕ ....113

1-ТИРКЕМЕ. Окуудагы жетишкендиктерге жана балдардын өнүгүүсүнө мониторинг жасоо жана баалоо ....113

ГЛОССАРИЙ....123

АДАБИЯТТАР....130

## Түшүндүрмө кат

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Мектепке чейин билим берүү жөнүндө» мыйзамдарын ишке ашырууда, Туруктуу өнүктүрүү стратегиясынын (2013–2017-ж.) максаттарын ишке ашырууда жана Кыргыз Республикасынын Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясынын (2012–2020-ж.) алкагында 6 жаштагы балдардын мектепке даярдоого болгон укугу бекемделип, ал Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы артыкчылыктуу багыттардын бири болуп калды. Мындай езгерүүнүн мааниси билим берүүнүн сапатын жогорулатуу менен түшүндүрүлет, ал мектепке келген балдарга бирдей баштапкы мүмкүнчүлүктерду камсыз кылмакчы. Мындай езгерүүнүн мааниси билим берүүнүн сапатын жогорулатуу менен түшүндүрүлөт, ал мектепке келген балдарга бирдей баштапкы мүмкүнчүлүктерду камсыз кылмакчы.

«Наристе» программасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин демилгеси менен «Билим берүү – жалпыга» программасынын алкагында кайсы бир билим берүү программаларына тартылбаган 6 жаштагы балдарды мектепке даярдоону камсыздоо болуп саналат. Ошондой эле мектепке чейинки билим берүү уюмдарына пайдаланууу сунушталат.

Программанын артыкчылыктарына ылайык, мектепке даярдоо класстарында/тайпаларда окутуу процесси 6 жаштагы балдарды турмуштук жаңы жагдайларга көнүктүрүүгө, социалдаштырууга жана пикирлешүүнүн, кызматташуунун, өз ара мамиле кылуунун жана психо-социалдык тоскоолдуктарды жеңип чыгуунун жөнөкөй көндүмдөрүн балдарга сиңирүүгө багытталган.

«Наристе» программасынын философиясы билим берүүнүн жеткиликтүүлүк принцибине, мектепке сапаттуу даярдоо боюнча балдардын укугун ишке ашырууга негизделген, бул келечекте мектептеги жетишүүнүн сапатына оң таасир этет.

Программа 6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо боюнча улуттук жана чет элдик программалардын мыкты тажрыйбаларын, ошондой эле тажрыйбалуу мугалимдердин, мектеп директорлорунун, окуу бөлүмүнүн башчыларынын жана кенже курактагы балдарды естүрүү жаатындагы эксперт-кеңешчилердин сунуштарын эске алуу менен иштелип чыкты. Программа балдарды мектепке барганга чейин бир жыл окутканга

ылайыкталган. Практика балдарды мектепке даярдоонун кыска мөөнөттүү процесси натыйжалуу болбостугун жана балдар менен бир окуу жылынын ичиндеги такай жана системалуу сабактар туруктуу, сапаттуу жыйынтык берерин көрсөттү.

## Программанын түзүлүшү

Программада төмөнкү негизги бөлүктөр камтылган: 1) «Программанын максаттары жана милдеттери», 2) «6–7 жаштагы балдардын өсүүсүнүн негизги чөйрөлөрүнө мүнөздөмө», 3) «6 жаштагы балдарды мектепке даярдоодо билим берүү процессин уюштурууга карата жалпы талаптар», 4) «6 жаштагы балдарды мектепке даярдоодогу окуу планы», 5) «6 жаштагы балдарды мектепке даярдоодогу программанын иш тартиби», 6) «Өнүктүрүүчү чөйрө», 7) «Предметтик программалардын мазмуну», 8) «Дең соолук мүмкүнчүлүгү чектелген (ДМЧ) балдарды жуурулуштуруп (инклюзив) окутуу», 9) «Окутуудагы жетишкендиктерге жана балдардын өсүүсүнө мониторинг жасоо жана баалоо».

***«Программанын максаттары жана милдеттери»*** бөлүгү буларды ачып берет: 6 жаштагы балдарга бирдей мүмкүнчүлүктү жана сапаттуу даярдоону камсыз кылуу боюнча программанын негизги максаттарынын жана милдеттеринин мазмуну; ар бир предметтик чөйрөдө окутуунун максаттары жана милдеттери; коюлган максаттарга жетүүнүн методологиясы сыяктуу милдеттердин тизмеси; 6 жаштан баланын өсүү чөйрөлөрүн жуурулуштуруу эске алынган билим берүү процессинин максаттары жана милдеттери.

***«6–7 жаштагы балдарды өстүрүү чөйрөлөрүнүн мүнөздөмөсү»*** бөлүгүндө 6 жаштагы балдардын негизги өнүгүү чөйрөлөрү (дене жагынан, когнитивдик, социалдык-эмоционалдык, эстетикалык) тууралуу маалымат камтылган. Мында балдардын өсүү чөйрөлөрүн өзгөрүп жаткан процесстен карап сыпаттоо орун алган, ал өнүгүү чөйрөлөрүнүн өз ара байланышына негизделген системалуу жана прогрессивдүү процесс болуп саналат

***«6 жаштагы балдарды мектепке даярдоодо билим берүү процесссин уюштурууга карата жалпы талаптар»*** бөлүмүндө төмөнкүлөр боюнча маалыматтар бар: билим берүү процессин уюштурууга карата негизги талаптар; педагогдун ишинин принциптери; 6 жаштан балдарды «Наристе» программасы менен окутууга карата талаптар; балдар менен сабактарды уюштуруу, өткөрүү үчүн зарыл шарттарды түзүү; билим берүү процессин пландоонун комплекстүү-тематикалык принцибинде куруу; бул программаны ишке ашыруучу жалпы билим берүүчү уюмдардын ишмердигин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук документтерге сыпаттама да берилет.

***«6 жаштагы балдарды мектепке даярдоодогу окуу планы»*** бөлүмү. Программанын бул бөлүмүндөгү материалдар: предметтик чөйрөлөрдүн тизмеси; предметтик чөйрөлөр боюнча программанын жалпы окуу жүктөмү (жумасына, айга, жылга карата окуу сааттарынын саны): жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЭМТК), дене боюн өстүрүү, айлана чөйрө менен тааныштыруу, сабат ачуу, кеп өстүрүү, көркөм өнөр ишмердиги; окуу материалын толук өздөштүрүү үчүн 6 жаштагы балага керектүү окуу пландагы ар бир предмет боюнча сабактардын (жумасына, айга, жылга) саны. Окуу планынын милдеттери *предметтик чөйрөлөрдөгү*

*сабактар боюнча тематикалык пландар* аркылуу ишке ашат, алар дене боюн өстүрүү, айлана чейре менен тааныштыруу, кеп естүрүү, сабат ачуу, ЭМТК, керкем өнер ишмердиги боюнча билим берүү иштеринин кеңири тематикасын камтыйт. Сабактар боюнча тематикалык пландар буларды эске алуу менен түзүлгөн: окуу материалын берүүде акырындык менен татаалдаштыруу (женекейден татаалга); етүлген материалды кайталоо жана бекемдее; жуурулуштуруп окутуунун жана предмет аралык байланыштардын принциптерин чагылдыруу.

***«6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо программасынын иш тартиби»*** белүмү. Программанын бул белүмү буларды жөнге салат: окутуунун толук курсунун меенеттүк чектери (бир окуу жылы); программаны ишке ашыруунун мөөнеттөрү (окуу жылынын башталышы-аякташы); жыл ичиндеги окуу жүктемүнүн келему (480 саат); жумасына (айга, жылга) предметтер боюнча окуу сааттарынын саны; бир сабактын (академиялык сааттын) узактыгы; дем алыштын жана каникулдардын саны; иштее тартиби; музыкалык жана ойноо тыныгууларын кошкондо сабактардын күн тизмеги (расписаниеси).

Биринчи жолу билим берүү программаларынын мазмунуна, тактап айтканда, иш тартибине жана сабактардын күн тизмегине ***оюн жана музыкалык тыныгуулары*** кошулду. «Ойноо жана музыкалык тыныгуулары» күн сайын еткерүү 6 жаштагы балдарды окутуу жана естүрүү процессинде оюнду жана түрдүү музыкалык иш – аракеттерин пайдалануунун маанисин жана баалуулугун түшүнүүнү күчетүүгө багытталган. Оюн жана музыкалык тыныгуулар учурунда бала оюнга, езүн керсете алууга жана жакшы нерсеге карата сезимин енүктүрүү укугун ишке ашырат, ал күн сайын (тыныгуу – 35 мүнет) түрдүү оюндарга жана музыкалык иш-аракеттерге катышат (сюжеттик-ролдук, театралдык, драмалаштырылган оюндар, пантомималар, таймаштар, кыймылдуу жана дидактикалык оюндар).

Оюн тыныгуусун еткерүп жатып, педагог окутууга карата жуурулушкан мамилени колдонот; предметтик чейрөлөрдүн естүрүүчү, билим берүүчү жана тарбиялоочу милдеттерин комплекстүү ишке ашырат; балдарды жаңы материалдар менен тааныштырат жана өтүлгендердү кайталайт; жекече иштерди алып барат, *өнүктүрүү борборлорунда* балдардын кызыгуусу боюнча иштерди активдештирет.

Сунушталган «музыкалык тыныгуу музыкалык сабактын ордун толтуруп, тиешелүү билимдерди берет: музыканы угуп, бийге түшкенгө, ырдаганга же музыканын аталышын тапканга мүмкүнчүлүк берет. Музыкалык тыныгууда кызыктуу эс алганга, сабактан кийин өзүн эркин, кеңири сезгенге, музыка енөрү боюнча билимин еркүндетүп, енүгүүгө умтулганга жана шарт түзүлет.

***«Өнүктүрүүчү чөйрө»*** белүмүнен теменкү талаптар тууралуу маалыматтар орун алды: программаны ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү боюнча; жайгашкан жери (жалпы билим берүү мектебинде) жана жайгашкан орду (атайын белүнгөн имарат жайда); классты/тайпаны жабдууга жана айлана чейренүн коопсуздугуна; санитардык абалына; окуу жана ойноо жабдууларына; окутуунун техникалык каражаттарына (ОТК) ж.б. талаптар.

***«Предметтик программалардын мазмуну» бөлүмү*** «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» Мамлекеттик стандартына, 6 жаштагы балдарды окутуунун мамлекеттик билим берүү программаларынын жана башталгыч класстардын/тайпалардын стандартарына негизделип иштелип чыккан жети предметтик программалардын топтомунан турат.

Парциалдык программалардын (негизги жалпы билим берүүчү программаларга кошумча программа) топтому Окуу планындагы негизги предметтер боюнча билим берүү иштеринин жалпы келемүн камтыйт, алар: «дене жагынан есүү», «айлана чейре менен тааныштыруу», «кеп естүрүү жана көркем адабият», «сабат ачуу», «ЭМТК», «керкем енер», «экинчи (кыргыз/орус) тил». Жети программанын ар бири предметтик материалдын мазмунун берүүнүн бирдей түзүмүне ээ: сыпаттоо белүгү; предметтик чейренүн максаттары жана милдеттери; предмет боюнча бир жылга окуу планы; бир окуу жылына сабактар боюнча тематикалык план; окутуу курсу (окуу аракеттери) аяктагандан кийинки базалык күтүлген натыйжалар жана предметтик билимдер (билгичтиктер, көндүмдөр). Бул программанын алкагында биринчи жолу окутуу курсунун аякташына карата күтүлгөн натыйжалар боюнча дифференциялык мамиле колдонулду, тактап айтканда, бул программа боюнча окутуу курсу аяктаганда «окуу аракеттери» жана «предметтик билимдер» 6 жаштагы баланын жетишкендигинин езүнче категориясы катары каралат.

***«Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген (ДМЧ) балдарды жуурулуштуруп (инклюзивдик) окутуу» бөлүмү*** жалпы билим берүүчү мектептердин базасында инклюзивдик билим берүүнү уюштурууну женгө салуучу ченемдик-укуктук базаны сыпаттоону езүне камтыйт, мектепке даярдоо класстарында/тайпаларында инклюзивдик билим берүүнүн максаттарын, милдеттерин жана ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштеенүн принциптерин (эрежелерин) ачып берет, ошондой эле инклюзивдик билим берүүнү уюштурууга жооптуу жактардын чейресүн аныктайт.

***«Окутуудагы жетишкендиктерге жана балдардын өсүүсүнө мониторинг жасоо жана баалоо» бөлүмү*** мониторинг жана баалоо объектилерин, ыкмалар менен усулдардын тизмесин, ошондой эле мониторинг менен баалоону еткерүүнү женгө салган ченемдик документтерди езүнө камтыйт.

## I бөлүм. Программанын максаттары жана милдеттери

Программа төмөнкү социалдык кейгейлөрдү чечүүгө багытталган:

- мектепке чейинки программаларга тартылбаган 6 жаштагы балдарды мектепте окууга сапаттуу даярдоо жана алар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү;
- өзгөчө муктаждыктары бар балдарды билим берүү процессине тартуу.

Бул программанын алкагында балдарды мектепке даярдоо төрт багыт боюнча жүргүзүлөт:

- социалдык ыңгайлашуу;
- жалпы өсүү (эс-тутумдун, көңүлдүн, интеллекттин өсүүсү);
- окууга болгон кызыгууну жараткан мотивдерди калыптандыруу;
- балдардын ден соолугун коргоо жана бекемдөө, алардын дене жана психикалык жактан өсүүсү үчүн болушунча шарттарды түзүү.

Программа, биринчиден: 6 жаштагы балада пикирлешүү, теңтуштары, чоң адамдар жана айлана чөйрө менен өз ара мамиле жасоо көндүмдөрүн калыптандырууга өзгөче маани берет, булар мектепке барууда базис болуп саналат.

Экинчиден, программа педагогикалык максатты чечүүгө багытталган – баланын инсанын ар тараптуу өнүктүрүү жана алардын билимдерди өздөштүрүүгө жана системалуу окууга болгон даярдыгын калыптандыруу; окуу ишмердигине ээ кылуу; сабат ачуунун жана математиканын башталышына окутуу; курчап турган дүйнөнү табигый-илимий таанып билүү ыкмасынын (тажрыйба, эксперимент, изилдөө ж.б.) элементтерин өздөштүрүүгө үйрөтүү.

Балдарды мектепке даярдоо бир жылдык программасы Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» (2003), «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» (2009) мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясынын (2012–2020-ж.) негизинде «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» (2012) Мамлекеттик стандартына ылайык жана башталгыч класстардын стандартына дал келген негизги предметтер аныкталган: «математика», «сабат ачуу», «көркөм өнөр», «дене өстүрүү», «кеп өстүрүү» жана «айлана чөйрө менен тааныштыруу».

Программа олуттуу деңгээлде баланы мектепте окууга даярдоого багытталган, ал жаңы шарттарга социалдык ыңгайлашуунун, таанып-билүү процесстеринин, буюмдарды жана айлана чөйрөнүн кубулуштарын жалпылоонун өсүү деңгээлинен көрүнөт.

Мектепте окууга даярдык баланын дене мүмкүнчүлүктөрү, окуу тапшырмаларынын маанисин түшүнүү, иш-аракеттерди аткаруу ыкмаларын аңдап сезүү, өзүн өзү көзөмөлдөө

жана өзүнө баа берүүсү, эрк сапаттарынын өсүүсү, байкоо, угуу, эске тутуу билгичтиктери, коюлган маселени чече алуусу менен аныкталат. Программанын артыкчылыктары 6 жаштагы балдардын академиялык билимдерди алуусуна гана эмес, баланын инсанынын ар тараптуу: интеллектуалдык, адептик, эстетикалык жана дене жагынан өсүүсүн калыптандырууга да багытталган.

## Программанын негизги милдеттери

*Билим берүүчү:*

- мектепте ийгиликтүү окуу үчүн негизги психикалык процесстерди (кеңүл, эс тутум, ой жүгүртүү) өстүрүү;
- балдарда Кыргызстан, анын борбору – Бишкек шаары, өз челкему (айыл, шаар ж.б.), мамлекеттик символдор, улуттук кийимдер тууралуу түшүнүктердү, билимдерди калыптандыруу;
- адамдын коомдогу жана мектептеги жүрүм-турумун аныктоочу маанилүү социалдык ченемдер жана баалуулуктар тууралуу түшүнүктердү, билимдерди калыптандыруу;
- женекөй математикалык түшүнүктерду калыптандыруу;
- кепти активдүү пайдалануусун жана фонетикалык угумду калыптандыруу;
- мектепте окууга эмоционалдык оң мамилени калыптандыруу;
- конструктивдүү ез ара мамиленин жөнөкей көндүмдөрүнө окутуу;
- мектепте окуу үчүн зарыл окуу иш-аракеттерин естүрүү;
- керсетмөлөрдү аткаруу жана эреже боюнча аракеттене билүүсүн калыптандыруу;
- окууга кызыгуусун калыптандыруу;
- балдарды мектепке даярдоо менен башталгыч билим берүү предметтеринин ырааттуулугун камсыз кылуу.

*Өстүрүүчү:*

- 6 жаштагы балдардын теңтуштары жана чоң адамдар менен пикирлеше билүүсүн естүрүү;
- түрдүү турмуштук жагдайларга карата чечим таба ала билүүсүн калыптандыруу;

- 6 жаштагы балдардын кызыкчылыктарын, муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, окутуу, тарбиялоо жана өстүрүү процессин уюштуруу;
- жазуунун майда-булчуңдарды иштетүүчү кызматтарын жана жаза билүүсүн өнүктүрүү;
- айлана чөйрөнү таанып-билүүнүн табигый-илимий формасына (тажрыйба, изилдөө, эксперимент ж.б.) кызыгууну арттыруу;
- жөнөкөй логикалык ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрүү;
- акыл калчап, жыйынтык чыгара ала билүүсүн калыптандыруу;
- сабактарда, оюндарда чыгармачылык шыгын жана ой-чабытын өстүрүү;
- организмдин физикалык мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу;
- адам үчүн ден соолукту чыңдоонун, коргоонун жана дене маданиятынын маанилүүлүгүн түшүнүүнү өстүрүү.

*Тарбиялоочу:*

- 6 жаштагы балдарда мекенчилдик сезимдерди, Мекени – Кыргызстанды, өз чөлкөмүн (айыл, шаар) сүйүүнү жана аны менен сыймыктанууну калыптандыруу;
- Кыргызстанда жашаган калкты урматтоого тарбиялоо;
- эмгекти жана чоң адамдардын эмгеги менен жаралган баалуулуктарды урматтоо;
- адептүү жүрүм-турумдун ченемдерин жана эрежелерин билүү жана урматтоо;
- мамиле кылуу сапаттарын, муктаждыктарын жана кызматташууга болгон жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу;
- мектеп окуучусуна тиешелүү сапаттарды (эмгекти сүйүү, чынчылдык, тыкандык, тартиптүүлүк) калыптандыруу;
- теңтуштарын, айланасындагы адамдарды урматтоого тарбиялоо;
- өз ара түшүнүшүү жана өз ара жардам берүү сезимин өркүндөтүү;
- мектептеги жана коомдогу жүрүм-турум маданиятынын ченемдерин жана эрежелерин балдарга сиңирүү;
- өз ара достук мамилени жана айланадагыларга өз ара оң мамиле жасоо көндүмдөрүн өстүрүү.

## II бөлүм. 6–7 жаштагы балдардын өсүү чөйрөлөрүнө мүнөздөмө

Бардык балдар бирдей өсүп, өнүгүшөт, бирок ар бир балада өсүү темпи жана деңгээли жана өзүнүн жеке таанып билүү стили болот.

### Денелик жактан өстүрүү

6–7 жаш курактагы балдардын денелик өсүүсүндө олуттуу өзгөрүүлөр болот. Баланын денесинин салмагы айына болжолдуу 100–150 граммга өсүп, орточо 21–23,5 кг-ды түзөт. Баланын бою орточо 113–122 см-ге жетет, мээси дээрлик чоң адамдардыкындай калыптанган болот. Кыймылдоосу жакшы өнүккөн болот. Сөөктөрүнүн катуу процесси уланат, бирок омурткаларынын ийилүүсү азырынча омоктуу эмес, ошондуктан баланын түз жүрүүсүнө көз салуу абдан маанилүү. Ири жана айрыкча майда булчуңдары өнүгөт. Сөөк тарамыштарын башкаруу интенсивдүү өнүгөт. Жалпы денелик өнүгүү баланын майда моторикасынын өнүгүүсү менен тыгыз байланышта болот. Колдун манжаларын көнүктүрүү баланын интеллектин, көбин жана жазууга даярдануусун жогорулатуу каражаты болуп саналат.

6–7 жаш курактагы балдар өз жүрүм-турумун башкара билишет, бул баланын эрктик сапаттарын, узак бир абалда болуу жөндөмүн калыптандырганга, «тырышчаактыгын» өстүрүүгө таасир этет. Бирок көңүл бурууну талап кылган жана бир түрдүү абалда балдар узак мөөнөткө боло турган сабактарда педагог физкультминуткаларды (динамикалык тыныmдар) уюштурууну, аларга басуу, чуркоо, созулуу, бурулуу, жарым отуруу, ийилүү, ири жана майда булчуңдарды өнүктүрүү үчүн колдорун жана манжаларын ачып-жумуусуну кошууну унутпашы керек. Мотриканы өнүктүрүү балага эркин кыймылдаганга, өзүнө өзү кам көргөнгө жана чыгармачылык дараметин көрсөткөнгө мүмкүнчүлүк берет.

### Когнитивдик өсүү

Баланын ***когнитивдик өсүүсү*** – бул бардык ой жүгүртүү жана таанып билүү процесстеринин түрлөрүн өнүктүрүү аркылуу баланын маалыматты үйрөнүү жана көйгөй маселени чечүү жөндөмү. Баланын инсанындагы маанилүү өзгөрүүлөрдүн бири анын көз карашындагы андан аркы өзгөрүүлөр болуп саналат, буга адамдын дүйнө жана өзү жөнүндөгү билими да кирет.

Баланын төмөнкүдөй маалыматты үйрөнүүнү жана таанып билүүнү өнүктүрүү аркылуу жөндөмү: кабыл алуу, эс-тутум, түшүнүктөрдү калыптандыруу, маселелерди чечүү, таанып- билүү, элестетүү жана логика.

*Угуу жана кеп:* баарлашуу үчүн оозеки кепти пайдалануу, сөздүк запасты байытуу, маектешүүгө катышуу. Окуу жана жазуу, алфавит, тамгалар жана жазылган сөздөр менен таанышуу.

*Көйгөйлөрдү чечүү аркылуу окутуу:* окуяларга байланыштуу болуп жаткандарга байкоо жүргүзүү, боло турган чечимдерди божомолдоо, байкоонун жардамы менен окутуу.

*Логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү:* буюмдар жана айлана чөйрөдөгү кубулуштар жөнүндө маалыматтарды топтоо боюнча ( айрым кездерде символикалык буюмдар менен алмашылат) салыштыруу, классификациялоо, эсептөө, ченөө, чийме жана үлгү боюнча аныктоо жолу менен буюмдар ортосундагы байланыштар физикалык мыйзам ченемдүүлүктер боюнча ишке ашат.

6–7 жаштагы балдарда мээ өтө тездик менен өсөт. Бул курактын аягында баланын мээси чоң адамдын мээсинин көлөмүнүн 80–90%ын түзөт. Бешене жагы активдүү өсөт, ал ой жүгүртүү жана аң сезим үчүн жооптуу болот. Бул физиологиялык өзгөрүүлөр акырындык менен баланын когнитивдик чөйрөсүндөгү (кабыл алуу, ой жүгүртүү, эс тутум, көңүл буруу, кыялдануу, кыймылды башкаруу) өсүүгө алып келет. Бул куракта балдарды интеллектуалдык эмгектен кубаныч алганга үйрөтүү, акыл жагынан өсүүгө болгон муктаждыкты жана окуу процессине оң мамилени калыптандырганга жеңил болот. Бирок окуу материалынын татаалдыгын жана бул курактагы балдарда таанып-билүү процессинин өсүү мүмкүнчүлүгүнүн деңгээлин дифференциялоого туура келет. 6–7 жаштагы балдардын көңүлүн, эс-тутумун, пикирлешүү көндүмдөрүн, дидактикалык жана өстүрүүчү оюндар, оюн-жомоктор, драмалаштырылган оюндар, куурчак театрлары, сюжеттик-ролдук жана кыймылдуу оюндар абдан натыйжалуу өнүктүрөт. Мындай оюндар баланы керек маалыматтар, билимдер, билгичтиктер менен камсыз кылат, алардын таанып-билүү жана акыл жагынан өсүүсүнө көмөк көрсөтөт.

***Кабыл алуу өзгөчөлүктөрү.***

Бул куракта кабыл алуу көбүнчө предметти тааныганга, форманы жана түстү тааныганга келип такалат. Балдар объектилерди бүтүн нерсе катары кабыл алат, бөлүктөрдү начар кабыл алат, аларды өз ара байланыштырбайт, б.а. кабыл алынып жаткан касиеттерди системалуу талдоо балдарда кыйынчылыкты жаратат. Объектилерди, алардын касиеттерин толук кандуу кабыл алуу үчүн балдарга аларды ичинен талдап көргөнгө (изилдөө, салыштыруу, ченөө, өзгөртүү, сыпаттоо ж.б.) мүмкүнчүлүк берүү керек. Балдар конкреттүү тажрыйбада, сенсордук талдоочуларды – жыттоо, даамдоо, угуу жана денесинин кыймылын кошкон оюндардын жана ыкмалардын жардамында жакшы окушат. Дүйне кандай түзүлгөнү тууралуу өзүнүн билимин тизмекке келтирүү үчүн балдарга кеп сенсордук тажрыйба алуу талап кылынат. Балдарга ошондой эле дүйнө менен өз ара байланыштын символикалык (сөздүк-кеп) ыкмаларына өтүү үчүн өзүнүн аракетин сөз (кеп) менен коштоосу керек болот.

***Ой жүгүртүү өзгөчөлүктөрү.***

6–7 жашта балдар татаал эмес себеп-натыйжа байланышын аныктаганга, өзгөчө, көрсөтмө материалдарды пайдаланганда жөндөмдүү. Балдарды жөнөкөй маселелерде акыл калчап жыйынтык чыгарганга үйрөтүүгө болот. Бул курактагы балдарда оюн учурунда ал жагдайдан сыртка чыгып кетүү жөндөмү пайда болот. Бирок жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда болгонуна карабастан, ой жүгүртүүдө жетиле электиктин кеп белгилери сакталат, муну балдарга жаңы материалды берип жатканда эстен чыгарууга болбойт. Ошентип, көрсөтмө-образдуу ой жүгүртүү мурункудай эле өнүгүүнүн төмөнкү

деңгээлинде болот, керсөтме-аракеттүү ой жүгүртүү басымдуулук кыла берет. Демек, балдар менен иштөөде практикалык ишмердикке көбүреөк басым жасоо керек.

***Эс тутум өзгөчөлүктөрү.***

6–7 жаштагы балдарда эс-тутумдун жетектеечү тиби болуп эрксиз (непроизвольная) эс-тутум (езгече аракетти же кошумча ыкмаларды талап кылбаган материалды түз кабыл алуу жана эстеп калуу) кала берет. Бирок эстеп калуу процесси сырткы таянычтарды, мисалы, схемаларды, карточкаларды пайдалануу менен ишке ашышы мүмкүн. Эстеп калуу процессине материалды аныктоо, системалаштыруу, жыйынтыктоо таасир эте баштайт, буларды педагог балдарга жаңы материалды түшүндүрүүдө жана етүлгөндү кайталоодо пайдалануу керек. Бул куракта балдарда тексттерди жаттоо, терминдерди, белгилерди, аңгемелердин мазмунун эстеп калуу, берилген сездер боюнча аңгемелерди түзүү, эстеп калганы боюнча сүрет тартуу, мурда жатталган же етүлгөн материалды эске тутуу жана ой жүгүртүү процесстерин кезөмелдеө жөндемү калыптана баштарын белгилеп кетүү керек.

***Көңүл буруу өзгөчөлүктөрү.***

6–7 жаштагы балдарды окутуунун башында эрксиз көңүл буруу басымдуулук кылат, андыктан көңүлдү топтоо жендөмү аткарып жаткан иштин канчалык алар үчүн кызыктуу болгондугу менен түзден-түз байланышта. Балдар канчалык активдүү ишмердикке тартылса, ошончолук көңүл буруу туруктуу болот. Бул курактык категориядагы балдар активдүү көңүл бурууну 20–25 мүнеттен ашык кармап тура алышпайт, ушунча убакыттан кийин ишмердиктин түрүн өзгөртүү зарыл. Педагогдун монологу, б.а. маалыматты пассивдүү кабыл алуу учурунда балдардын көңүлүн кармап туруу баарынан кыйынга турат. Ишмердиктин бул түрүндө убакыттын жеткен чеги – 5 мүнет, монологду диалогго алмаштыруу аркылуу бул убакытты узартууга болот. 6–7 жаштагы балдар үчүн тапшырманы түзүп жатып, көңүл бурууну көлөмү дагы да анча чоң эмес экенин – болгону 7–8 предмет, 2–3 объект экендигин эстен чыгарууга болбойт. Демек, балдар менен ишти уюштуруп жатканда абдан натыйжалуу жардам – кадам боюнча башкаруу, кыска жана так керсөтмөлөрдү берүү. Топто иштерди уюштурууда бул курактагы балдардын көңүл буруусун бөлүштүрүү деңгээли абдан темен, демек, алар ишмердиктин эки түрүн бир мезгилде аткара албай тургандыгын эстен чыгарбоо маанилүү. Ушул себептен тапшырманы аткарып бүтпей туруп, балдар аны да аткарууну улантып, жаңы тапшырмага карата түшүндүрмөнү да уга бере алышпайт. Мындай жагдайда топтогу иштин темпин синхрондоштуруу ыкмасын пайдалануу менен тапшырманын башталышын жана аягын так белгилее керек.

***Кыялдануу өзгөчөлүктөрү.***

6–7 жаштагы балдардын кыялдануусун естүрүү алардын интеллектуалдык есүүсүнөн алда канча жогору болот, анткени ал ой жүгүртүүгө караганда бир топ мурда башталат. Баланын кыялдануусу кептеген образдар менен толукталган, алар сырттан кызыктыруу

аз болгондугуна карабастан, болушунча жеңил ишке ашат. Бул жагдайды эске алуу менен, ошондой эле алты жаштагыларда женге салуу кызматы али жетишерлик калыптанбаганын эске алуу менен, мисалы, көрсетме куралды пайдаланууда аны ченем менен пайдалануу зарылдыгы тууралуу жыйынтык чыгарууга болот. Эгерде материалда көптеген кошумча түшүндүрмөлөр болсо, өзгөчө ачык, эмоционалдуу бөлүктөр болсо, анда бул балдарды тапшырманын маңызынан алаксытып кетет. Педагог балдарды интеллектуалдык жактан өстүрүүнү уюштурууга чыгармачылык менен мамиле кылышы абзел, ал окутууну кызыктуу жана мазмундуу кылат.

## Социалдык-эмоционалдык өсүү

6–7 жаш курактагы балдар үчүн жаңы турмуштук көз караш абдан маанилүү, бул мектепке даярдануу менен байланыштуу. Жаңы социалдык шартка («Мектеп – баланын турмушундагы жаңы баскыч») ийгиликтүү ыңгайлашуу үчүн балага чоң адамдардын – педагогдун, ата-энелердин жардамы зарыл. Балдар бул жаңы шартты кабыл алышат жана мектеп – жаңы теңтуштар, чоң адамдар менен жолугушуу, алар менен жаңы мамилелерди түзүү экендигин аңдап сезишет.

6–7 жаштагы балдарда чоң адамдар жана теңтуштары менен мамиле кылуунун мүнөзү сапаттуу түрдө өзгөрөт: өзүнүн инсанын аңдап-сезүү пайда болот; башка адамдардын арасында өзүнүн ордун табуу, алар үчүн пайдалуу болуу аракети жасалат; олуттуу иштерге, бир нерсе менен алектенүүгө, чоң адамдардын тапшырмасын аткарууга кызыгуу жаралат; пикирлешүү үчүн теңтуштарды тандай баштайт; достук мамилелерди жаратууга кызыгуу артат.

6–7 жаштагы баланын социалдык статусунун көрүнүү чөйрөсү оюн болуп кала берет, так ушул оюнда баланын биргелешкен ишмердикке, кызматташууга болгон кызыгуусу, теңтуштарынын кызыкчылыктарын эске ала билүүсү жана ага ынтылуусу көрүнөт. Чоң адамдар жана теңтуштары алардын жүрүм-турумуна берген баанын негизинде аларда өзүн өзү аңдап-сезүү жана өзүн өзү баалоо жаралат.

Баланын чоң адамдар менен пикирлешүүсүнүн басымдуулук кылган формасы инсандык өз ара мамиле болуп калат, ал өз ара түшүнүшүүгө, чоң адамдан өзүнүн инсанынын сапаттарына жана касиеттерине баа алганга багытталат. Педагог балдарга кам көрүү, жакшы көрүү менен мамиле кылып, пикирлешүүдөн эмоционалдык канааттануу алганын көрсөтүшү абзел, анын күтүүсү өсүүнүн жана окуунун милдеттерине дал келиши зарыл.

Педагог балдардын күчтүү жактарына таянып, ар бир баланы окууга жана өсүүгө кызыктырып, ар бир баланын эмоционалдык жана социалдык чөйрөдөгү өсүүдөгү муктаждыктарын эске алып, алар менен жекече өз ара мамиле кылат. Педагог балдарга тандаганга жана бул тандоо ишке ашып, башкалар (теңтуштары, педагогдор, ата-энелер) аны таанышы үчүн кам көргөнгө мүмкүнчүлүк берет. Педагогдун бала менен аны урматтоо аркылуу түзүлгөн өз ара мамилеси балада демилгенин, өз алдынчалуулуктун, өзүнө ишенүүнүн жана лидердиктин өсүүсүнө шарт түзөт.

Балдар өзүн көрсөткөнгө болушунча кеп күбелөрдү тартуу үчүн көп учурда көңүлдү езүнө бурдурат. Кээде терс кеңүл буруу таптакыр кеңүл бурбай койгонго караганда маанилүү болот, ошондуктан бала чоң адамдардын көңүлүн «начар» иштери менен да бурушу мүмкүн. Педагогдун милдети жекече мамиледе баланын оң эмоционалдык абалын колдоо болуп саналат.

6–7 жаштагы балдар чоңдорго абдан окшош болгусу келишет, андыктан алар «чоңдорду» туурап ойношот, ал эми активдүүлүк борборлорунда жана бош убакытта сунушталган социалдык оюндар оюн ишмердигинин негизи болуп калат. Мындай оюндар учурунда педагог балдардын аракетин сюжетти өнүктүрүүгө багыттайт жана социалдык кендүмдердү, жүрүм-турум эрежелерин калыптандырууга кемек керсөтет.

## Чыгармачыл жана эстетикалык өсүү

Чыгармачыл өсүү – комплекстүү түшүнүктү билдирет, ага ачылыштарга умтулуу; таанып-билүү; активдүүлүк; демилгелүүлүк; таанып-билүүгө умтулуу; кадимки кубулуштардан жана буюмдардан стандарттуу эмес нерселерди табуу; акылдын жандуулугу; ойлоп табуу жана бир нерсе ачуу; элестетүү эркиндиги; фантазия; интуиция; алынган билимди жана тажрыйбаны практикада пайдалануу сыяктуулар кирет.

Чыгармачылык балдарга эмоцияларын, жекечелигин, курчап турган дүйненү түшүнерүн билгенге, езүнө болгон ишенимди жаратканга, езүн керсеткенге жана кызматташууга жөндемдүү экендигин билдиргенге мүмкүнчүлүк берет. 6–7 жаштагы балдардын чыгармачыл жөндөмүн жана ойлоп табуу көндүмдөрүн айрым учурларда гана эмес, дайыма жана бардык жерде енүктүрүү керек. Чоң адамдар анын енүгүүсү үчүн шарт түзгөн чейренү жаратуусу керек: аны куралдар (боёктор, пластилин, конструктор ж.б.) менен камсыздоо, ийгилиги жана чыдамкайлыгы үчүн мактоо, акылга сыярлык чекте кыялдануусуна мүмкүнчүлүк берүү жана анын чыгармачыл активдүүлүгүнө тоскоолдук кылбоо керек.

6–7 жаш балдарда туруктуу кызыгуу, эмоционалдык-эстетикалык сезим жана табит, баалоо, түрдүү предметтерден жана табигый, социалдык мүнөздегү кубулуштардан эстетикалык коолдукту белүп, ой калчоо өнүгүп калган болот. Балдарда курчап турган дүйнөнү, жаратылышты, керкөм искусство чыгармаларын, музыканы, бийди эстетикалык кабыл алуу калыптанат, керкөм каармандардын таасирине эмоционалдык жооп кыла билүү енүгет. Балдар керкөм кептик ишмердикке: керкөм чыгармаларды окуганга, тексттерди жаттаганга, кайра айтканга, аңгемелерди түзгенге кызыга баштайт.

Көркем енер ишмердиги сейилдее, оюн, саякаттоо жана сабак учурунда курчап турган чөйрөнү байкай билүүгө негизделет. Керкем өнер ишмердиги көндүмдөрүн калыптандырууда тоо, токой, деңиз пейзаждары, жаныбарлар дүйнөсү, адамдардын эмгеги, элдик кол өнерчүлүк искусствосунун предметтери тартылган китептердин сүреттерүн, картиналарды, журналдарды, календарларды кароого жана оозеки сыпаттоого олуттуу орун берилет. Көркем өнер ишмердигиндеги керкемдүүлүктүн негизги каражаттарынын бири түс болуп саналат, бул курактагы балдар түске, түстердүн айкалышына кеңүл буруп калган болот. Ошондой эле алар керкөм енер ишмердигинин кайсы бир түрүне

– сүрет тартуу, ийлеп чаптоо, аппликацияга жендемдүү экендиги көрүне баштайт, алардын сүреттөрүнүн тематикасы кеңеет.

Окутуу процессинде керкем материалдарды жана иллюстрацияларды туура тандоо абзел, балдарга алардагы элестин тактыгын, түстүн байлыгын, аткаруу техникасын керсөтүүгө болот. Балдардын чыгармачылыкка, сүреттөгү, ийлеп чаптоодогу, апликациядагы образдын керкемдүүлүгүне, сюжетти байытууга, улантууга болгон ынтызарлыгын колдоо керек, ошондой эле курчап турган дүйнөнү сенсордук кабыл алууга (мисалы, түстерду аралаштырып, жаңы түстү алуу) кызыктыруу зарыл.

6–7 жаштагы балдардын өз алдынча керкем ишмердиги да өнүгөт, ал биринчи кезекте, көркем адабий чыгармаларды жана искусствонун башка түрлерүн (живопись, скульптура, музыка, бий ж.б.) кабыл алуу менен байланышкан аракеттердин жыйындысын билдирет. Балдарды ез алдынчалуу аракетке түрдүү себептер кызыктырат: керген (уккан) чыгармага кызыгуу, жаңы бир нерсени үйренүүгө кызыгуу.

6-7 жаштагы балдарда музыкага кызыгуу жогору болот. Аларда музыкалык ишмердиктин тигил же бул түрүнө артыкчылык берүү гана калыптанбастан, анын түрдүү тараптарына тандап мамиле кылуу жаралат. Балдар чыгармага женөкей баа бере алышат, «кеңүлдүү же кайгылуу мелодия, тез же жай бий» экендигин аныкташат, жазуучу, акын, сүретчү, музыкант деген кесиптер тууралуу түшүнүктөрү болот. Керкем ишмердик сабактары баланын сенсордук-мотордук функцияларын енүктүрүүгө, колду жазууга даярдоо билгичтиктерин жана кендүмдерүн калыптандырууга натыйжалуу таасир этет. Балдардын жамааттык ишмердиги катарында сабактарды уюштуруу (мисалы, жалпы сүрөттү жаратуу) балдарда жамааттык сезимди, өз ара жардам берүүнү жана колдоону тарбиялайт, командада иштей билүүнү калыптандырат жана биргелешкен окуу ишмердигин енүктүрет.

## III бөлүм. Балдарды 6 жаштан мектепке даярдоодо окуу процессин уюштурууга карата жалпы талаптар

Даярдоо класстарында билим берүү процессин уюштуруу Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүнде» мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү женүнде» мыйзамынын, «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик стандартынын, Билим берүүнү 2012–2020-жж. өнүктүрүү стратегиясынын, САНПиНдин, Мектепке чейинки билим берүү уюмдары жөнүндө типтүү жобонун, мектептин уставынын жана башка бир катар башка документтердин негизинде курулат. Мындан улам:

1. Балдарды мектепке даярдоо класстарынын/тайпаларынын ишмердигин жалпы башкарууну мектептин директору ишке ашырат, окуу процессин уюштуруу анын окуу-тарбия иштери (ОТИ) боюнча орун басарына жүктелген;

2. Негизги билим берүү иши, балдардын ден соолугун коргоо жана чыңдоо балдарды мектепке даярдоо классындагы/тайпасындагы педагогго жүктелөт. Бул класстагы/тайпадагы педагог болуп кесиптик билими бар жана билим өркүндөтүү курстарынан атайын даярдоодон өткөн жак дайындалат;
3. Директор орун басарлары менен биргеликте балдарды мектепке даярдоо классындагы/тайпасынын педагогдун ишмердигине көзөмөл жүргүзөт, анын ичинде сабактарга катышуу жана тарбиялык иш-чаралар аркылуу көзөмөлдүк кылат;
4. Балдарды мектепке даярдоо классындагы/тайпасындагы окуу планы, сабактардын күн тизмеги (расписаниеси), күн тартиби бир балага карата жол берилген эң көп окуу жүктөмүн – беш күндүк окуу жумасында 15 саатты сактоону эске алуу менен түзүлөт;
5. Окуу план Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын иштешин жөнгө салган ченемдик жана укуктук документтерди эске алуу менен түзүлет;
6. Балдарды мектепке даярдоо класстары/тайпалары атайын иштелип чыккан «Нариста» программасы, усулдук материалдардын, колдонмолордун, сунуштардын топтому менен иштейт;
7. Жогорку турган билим берүүнү башкаруу органы бекиткен мектептин уставы.

***Педагогдордун ишмердигине талаптар:***

- 6 жаштагы балдардын жекече өзгөчөлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу;
- баланы, процессти жана анын ишмердигинин жыйынтыктарын урматтоо;
- сабактарды иштеп чыгууга комплекстүү мамиле;
- сабактардын системалуулугу жана ырааттуулугу;
- мазмундун жана сабактарды өткөрүү формаларынын көп түрдүүлүгү;
- көрсөтмөлүүлүктү пайдалануу;
- балдар менен биргеликте эрежелерди (оюн ишмердигинин алкагында) талкуулоо жана орнотуу.

Педагог мектепке даярдоо классындагы/тайпасындагы балдардын жүрүм-турум эрежелерин аныктоодо акылга сыярлык чектөөлөрдү киргизе алат. Ал балдарга өзүн кандайча алып жүрүүнү түшүндүрөт, болбосо, болуучу жүрүм-турумдун кесепеттерине, ошондой эле ынактык жүрүм-турум башка балдар, чоң адамдар менен өз ара оң мамиле түзгөнгө, карама-каршылыктарды чечкенге жардам берерине көңүлдү бурат.

***6 жаштагы балдардын окуусуна карата зарыл талаптар:***

- окуунун жеткиликтүүлүгү;
- естүрүүчү оюндар жана көнүгүүлер аркылуу чыгармачылык жөндемду естүрүү;
- тапкычтыкка карата логикалык тапшырмаларды (6 жаштагы балдардын курагына туура келген) чече билүү аркылуу логикалык ой жүгүртүүнү естүрүү;
- классификациялоо (мисалы: предметтердин топторун белгилери боюнча), ошондой эле жалпылоо жана конкреттештирүү ыкмаларын пайдалануу аркылуу салыштыруунун негизинде ой жүгүртүү операцияларын жасай алуу;
- балдардын изилдее, издее жана куруу мүмкүнчүлүктерүн жана кызыкчылыктарын естүрүү.

***Сабактарды өткөрүүнүн милдеттүү шарттары:***

- коопсуз жана ден соолукту сактоочу чейре;
- билим берүү процессинде оюндарды, оюн ыкмаларын, оюн кенүгүүлерүн пайдалануу;
- ишмердиктин түрүн алмаштыруу жана кезектештирүү;
- ар бир баланын жеке жетишкендиктерине оң баа берүү;
- балдар менен иштеенүн топтук жана жекече формаларын пайдалануу;
- бүтүндей топ (ар бир бала) менен өз ара мамиле жана жекече иштер;
- физминуткаларды жана динамикалуу тыныгууларды сөзсүз түрдө пайдалануу;
- балдардын ишмердигине байкоо жүргүзүү;
- жол берилген окуу жүктөмүнүн ченемин сактоо.

***Үй-бүлө менен иштөө***

Ата-энелер менен байланыш окутуунун бардык мезгилинде ишке ашат. Жыл ичинде жалпы ата-энелер чогулушу бир нече жолу өткөрүлөт, балдардын жетишкендиктери талкууланат, ата-энелерге үйде балдарга шарт түзүү жана үй шартында естүрүүчү оюн ыкмаларын пайдалануу боюнча сунуштар берилет. Педагог ата-энелерди жана үй-бүле мүчелерүн окуу-тарбиялоо поцессине катышуу үчүн класска/тайпага чакыра алат. Класска/тайпага ата-энелер үчүн стенддер, плакаттар, балдардын жасаган буюмдары жана сүреттерү илинет, бурч уюштурулат. Бакчага/мектепке келген ата-энелерге аларды окуу процессине катышууга багыттаган жазуу түрүндегү маалыматтар берилет.

Педагог ар бир балага портфолио уюштурат, анда баланын иштеринин үлгүлөрү жана жазуу түрүндөгү маалыматтар сакталат. Үй менен мектептин ортосундагы байланышты колдоо үчүн каттарды жазат. Ата-энелерге күнделүк болуп жаткан окуялар жана баланын денелик же эмоционалдык абалындагы өзгөрүүлөр тууралуу билдирет.

## IV бөлүм. Балдарды 6 жаштан мектепке даярдоо үчүн окуу планы

«Наристе» программасынын окуу планы беш компетенцияга негизделет:

1. *Социалдык-эмоционалдык компетенттүүлүк* балага социалдык-ыңгайлашууга, оң жүрүм-турумга жана социумда мамиле кылганга жөндөмдүү чыгармачыл инсан болгонго, кыргыздардын жана Кыргызстанда жашаган башка элдердин этно-маданий баалуулуктарын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет;

2. *Ден соолукту сактоо компетенттүүлүгү* балага өзүнүн ден соолугу; жеке гигиенасы үчүн кам көргөнгө; турмуш тиричилик коопсуздук эрежелерин сактоого; кыймылдуу көндүмдөргө ээ болгонго жардам берет;

3. *Коммуникативдик-тилдик компетенттүүлүк* эне тилинде жана башка тилдерде оозеки пикирлешүүдө жана өз ара мамиледе оозеки байланыштын түрдүү каражаттарын пайдаланганга мүмкүнчүлүк берет;

4. *Таанып-билүү компетенттүүлүгү* 6 жаштагы балага курчап турган дүйнөнү таанып- билүүнүн табигый-илимий ыкмасына кызыгууга түртөт; талдап, баалап, акыл калчап жыйынтык чыгара алууга; математика, сабат ачуу, эне тил боюнча билимдерге ээ болгонго; алынган билимдерди жана маалыматтарды пайдаланганга шарт түзөт;

5. *Чыгармачылык компетенттүүлүк* балада буларды өнүктүргөнгө мүмкүнчүлүк берет: живопись, скульптура, музыка, элдик кол өнөрчүлүк искусствосу тууралуу билимдердин негиздерине кызыгууга; көркөм чыгармага, элдик чыгармачылыкка карата өзүнүн мамилесин билдиргенге; өзүнүн жеке көркөм үлгүлөрүн жаратканга; түрдүү көркөм каражаттарды пайдаланганга, майда булчуңдарды өстүрүүчү кызматтарды, сенсордук талдоону жана жазуу көндүмдөрүн өнүктүргөнгө жардам берет.

Окуу планы бул курактык категория үчүн окуу материалынын татаалдыгын жана окуу материалын өздөштүрүүнүн «жөнөкейдөн – татаалга» принцибин эске алуу менен түзүлгөн. Планды түзүүдө өтүлгөн материалды кайталоо; алынган билимдерди жана көндүмдөрдү ишмердиктин түрдүү түрлөрүндө (сейилдөө, байкоо жүргүзүү, оюндар, көркөм-көптик жана өз алдынча ишмердик ж.б.) бекемдөө; балдарга (эгерде класста бар болсо, ДМЧ (ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген) балдарга да сезсүз түрдө жекече жардам берүү мүмкүнчүлүгү эске алынган.

## Окуу планы төмөнкү предметтик чөйрөлөрдү өзүнө камтыйт:

1. Дене өстүрүү;
2. Айлана чөйрө менен тааныштыруу;
3. Кеп өстүрүү жана көркөм адабият;
4. Сабат ачуу;
5. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК);
6. Көркөм өнөр чыгармачылыгы;
7. Экинчи (кыргыз/орус) тил.

Программада окуу планынын эки варианты камтылган.

1. Биринчи вариант салттуу предметтик чөйрөлөрдү камтыйт: дене өстүрүү, айлана чөйрө менен тааныштыруу, кеп өстүрүү жана көркөм адабият, сабат ачуу, көркөм өнөр чыгармачылыгы.
2. Экинчи вариантка куррикулумдун тилдик компетенцияларына ылайык кошумча предмет «Экинчи тил» (орус тилинде окуган мектептерде кыргыз тили жана кыргыз тилинде окуган мектептерде орус тили) кирген.

«Экинчи тилди» тандап алуу жогорку турган билим берүүнү башкаруу органы менен макулдашылган Уставга, жылдык планга жана мектеп окуган тилге (кыргыз/орус) жараша аныкталат. Окуу планынын экинчи вариантынын окуу жүктөмүнүн көлөмү окуу сааттарынын санынын көбөйүшүнө алып келбейт, аларды предметтерди жуурулуштуруунун эсебинен компенсациялоо каралат. Окуу планынын экинчи вариантында кураштыруу (конструкциялоо) предмети жуурулушкан жана жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК) программасынын курамдык бөлүгү болуп саналат.

### Жылдык программанын окуу планы (биринчи вариант)

| № | Предметтик чөйрөлөр | Сааттардын (сабактардын) саны | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жума | ай | окуу жылы |
| 1 | Дене өстүрүү | 3 | 12 | 96 |
| 2 | Айлана чөйрө менен тааныштыруу | 2 | 8 | 64 |
| 3 | Кеп өстүрүү жана көркөм адабият | 2 | 8 | 64 |
| 4 | Сабат ачуу | 3 | 12 | 96 |
| 5 | Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК). Конструкциялоо | 3 | 12 | 96 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6 | Аппликация/ Ийлеп чаптоо | 1 | 4 | 32 |
| 7 | Сүрөт тартуу | 1 | 4 | 32 |
| | ***Бардык сааттар (сабактар):*** | ***15*** | ***60*** | ***480*** |

*Эскертүү:*

1. Бир академиялык саат (сабак) 35 мүнөттү түзет;
2. Сабактардын саны жумасына 15тен ашпайт;
3. Физминутка 3 мүнөттөн ашпайт жана сабактын негизги убактысына кирет (35 мүнөт).

Негиз: «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» КР мамлекеттик окуу стандарты.

**Жылдык программанын окуу планы (экинчи вариант)**

| № | Предметтик чөйрөлөр | Сааттардын (сабактардын) саны | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жума | ай | окуу жылы |
| 1 | Дене естүрүү | 2 | 8 | 64 |
| 2 | Айлана чөйрө менен тааныштыруу | 1 | 4 | 32 |
| 3 | Кеп өстүрүү жана көркөм адабият | 2 | 8 | 64 |
| 4 | Сабат ачуу | 3 | 12 | 96 |
| 5 | Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК). Конструкциялоо. | 3 | 12 | 96 |
| 6 | Ийлеп чаптоо/ Аппликация | 1 | 4 | 32 |
| 7 | Сүрөт тартуу | 1 | 4 | 32 |
| 8 | Экинчи тил (кыргыз тили/орус тили) | 2 | 8 | 64 |
| | ***Бардык сааттар (сабактар):*** | ***15*** | ***60*** | ***480*** |

*Эскертүү:*

1. Бир академиялык саат (сабак) 35 мүнөттү түзөт;
2. Сабактардын саны жумасына 15тен ашпайт;
3. Физминутка 3 мүнөттен ашпайт жана сабактын негизги убактысына кирет (35 мүнөт).

*Негиз:* «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» КР мамлекеттик окуу стандарты.

## V бөлүм. Балдарды 6 жаштан мектепке даярдоо программасынын иш тартиби

1. Окуу процесси 1-сентябрда башталып, 25-майда бүтөт;
2. Окуу жылынын узактыгы – 32 жума;
3. Сабактар жумасына 5 күн (ишемби, жекшембиден башка) өткөрүлөт;
4. Жумасына 15төн ашпаган (жумасына 60 саат) сабак өткөрүлөт;
5. Күнүнө 3төн ашпаган сабак (3 академиялык саат) өткөрүлөт;
6. Сабактын узактыгы (академиялык саат) 35 мүнөттү түзөт;
7. Эртең мененки гимнастиканын узактыгы – 10 мүнөт; физминутка – 3 мүнөт; кыймылдуу оюндар 10-15 мүнөт;
8. Биринчи жана экинчи сабактардын ортосундагы танапис 15 мүнөткө созулат;
9. Экинчи жана үчүнчү сабактардын ортосунда ойноо тыныгуусу жумасына 3 жолу, 35 мүнөттөн өткөрүлөт;
10. Экинчи жана үчүнчү сабактардын ортосунда музыкалык тыныгуусу жумасына 2 жолу, 35 мүнөттөн өткөрүлөт;
11. Каникулдар КР БИМ бекиткен башталгыч класстардын каникул мезгилинде берилет жана жылына болжолдуу бир айды (жалпысы) түзөт: ноябрда - 1 жума; январда - 2 жума; февралда – 1 жума; мартта – 1 жума, демек, окуу жылынын узактыгы 8 айды түзөт.

### 6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо классынын/тайпасынын иштөө тартиби

Мектептин билим берүү процессин уюштуруусунун өзгөчөлүгүнө жана 6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо класстарынын/тайпасынын иштеши үчүн шарттарды түзүү мүмкүнчүлүгүнө жараша класстардын иштөө тартиби эки вариантта берилген: бир мөөнөттүү (смена) жана эки мөөнөттүү окутуу.

### Класс/группанын иштөө режими эки вариантта: бир жана эки мөөнөттө окуу.

| БИРИНЧИ МӨӨНӨТ | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Биринчи сабак | Танапис | Экинчи сабак | Ойноо/музыкалык тыныгуу | Үчүнчү сабак | Балдардын үйгө кетиши |
| 9.00-9.35 | 9.35-9.50 | 9.50-10.25 | *10.25 -11.00 | 11.00 -11.35 | 11.40 |

| экинчи мөөнөт | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 12.30 - 13.05 | 13.05- 13.20 | 13.20-13.55 | *13.55 - 14.30 | 14.30.- 15.05 | 15.10 |

*Даярдоо класстарындагы сабактардын узактыгы 35 мүнөттү түзгөндүгүнө байланыштуу, ал эми КР Өкмөтүнүн «Билим берүү уюмдарынын кызматкерлерине айлык акыны эсептөө боюнча нускамасына» (№ 270, 31-май 2011-жыл) ылайык, биринчи класста сабактын узактыгы 40 мүнөттү түзөт. Ага ылайык балдарды мектепке даярдоо класындагы педагог күнүнө 15 мүнөттөн, жумасына 1 саат 15 мүнөттөн кем иштейт. Мунун негизинде оюн жана музыка тыныгуусу киргизилет, ал толук болбой калган 15 мүнөттү жана 20 мүнөт тыныгууну өзүнө камтыйт: ошондо күнүнө жалпы оюн жана музыкалык тыныгууга 35 мүнөт бөлүнөт.

## 6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо классындагы/тайпасындагы сабактардын болжолдуу расписаниеси (1-вариант)

| | Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | ЖМТК. Конструкциялоо | Айлана чөйрө менен таанышуу | Сабат ачуу | Айлана чөйрө менен таанышуу | ЖМТК. Конструкциялоо |
| 2 | Кеп өстүрүү жана көркөм адабият | Сабат ачуу | ЖМТК. Конструкциялоо | Сабат ачуу | Кеп өстүрүү жана көркөм адабият |
| 3 | Дене өстүрүү | Аппликация/ Ийлеп чаптоо | Дене өстүрүү | Сүрөт тартуу | Дене өстүрүү |

## 6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо классындагы/тайпасындагы сабактардын болжолдуу расписаниеси (2-вариант)

| | Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кеп өстүрүү жана көркөм адабият | Сабат ачуу | ЖМТК | Сабат ачуу | ЖМТК |
| 2 | ЖМТК | Дене өстүрүү | Аппликация/ Ийлеп чаптоо | Айлана чөйрө менен таанышуу | Сабат ачуу |
| 3 | Сүрөт тартуу | Экинчи тил | Кеп өстүрүү жана көркөм адабият | Экинчи тил | Дене өстүрүү |

*Эскертүү:*

Оюн жана музыкалык тыныгуу (35 мүнөт) экинчи сабак менен үчүнчү сабактын ортосунда өткөрүлөт. Оюн же музыкалык тыныгуу мектепке даярдоо классындагы 6 жаштагы балдардын расписаниесинин курамдык бөлүгү болуп саналат. Педагог оюн же музыкалык тыныгуу учурундагы балдардын ишмердигин алдын ала пландаштырат, аны окуу милдеттеринин тематикасы менен байланыштырат. Оюн же музыкалык тыныгуунун убактысы өзүнө төмөнкүлөрдү уюштурууну камтыйт: музыкалык ишмердиктеги түрдүү оюндар, балдардын кыймылдуу ишмердиги; өтүлгөн материалды бекемдөө үчүн өнүктүрүү борборлорундагы балдардын кызыкчылыктары боюнча ишмердиктери; балдардын оюн, музыкалык, өз алдынчалуу ишмердиги процессинде педагогдун билим берүү милдеттерин ишке ашыруу боюнча ишмердиги (кайталоо, бекемдөө, жаңы материал менен таанышууга даярдануу); педагогдун бала менен жекече иши.

## VI бөлүм. Өнүктүрүүчү чөйрө

Балдарды мектепке даярдоо классы/тайпасы башталгыч мектептин имаратында жайгашкан болот жана өзүнчө класста болушу кажет.

Балдарды мектепке даярдоо класстары/тайпалары алардагы балдардын санына ылайык зарыл окуу куралдары, окуу материалдары, жабдуулар жана эмеректер менен жабдылышы зарыл. Эмеректердин, жабдуулардын жана материалдардын, оюн жабдууларынын жана оюнчуктардын көрсөткүчтөрү жана сапаты санитардык ченемдерге (САН ПиН) шайкеш келиши абзел.

Класстагы/тайпадагы жабдууларга булар кирет: балдар үчүн столдор (парталар) жана стулдар; балдардын сырткы кийимдери үчүн илгичтер (шкафчалар); шкафтар, өстүрүүчү куралдарды, оюнчуктарды жана китептерди сактоо үчүн текчелер; окутуучу, демонстрациялоочу класстык доска; өстүрүүчү куралдар жана окуу материалдары.

Балдарды ичe турган суу, колун жууганга шарттар, ажаткана менен камсыз кылуу зарыл.

6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо классындагы/тайпасындагы предметтик-өстүрүүчү чөйрөдө педагог менен баланын биргелешкен ишмердиги, балдардын өз алдынча ишмердиги үчүн шарттар түзүлөт. Класста/тайпада балдардын кызыкчылыктары боюнча сабактар үчүн атайын иштей турган орун – «таанып билүү жана өсүү борборлору» түзүлүшү мүмкүн.

Иштей турган орун биринчи кезекте чоңдор менен балдардын биргелешкен ишмердигин уюштурууну билдирет, мындан сырткары, топтогу мейкиндик өнүктүрүүчү тапшырмаларга жана балдардын демилгесине жараша дайыма ага ылайык өзгөрүп туруучу предметтик чөйрөнү ийкем уюштуруу үчүн мүмкүнчүлүктөргө ээ болот.

Таанып-билүү жана өсүү борборлорунда баланын окууга жана өсүүгө болгон жекече муктаждыгын ишке ашыруу максатында педагог балдарга материалдарды кеңири тандоо мүмкүнчүлүгүн сунуш кылат, аларга кызыкчылыктары боюнча алектенгенге жана ишмердиктин түрлерүн алмаштырганга мүмкүнчүлүк берет.

Таанып билүү жана есүү борборлору балдарды окутууга жана инсандык сапаттарын калыптандырууга жардам берген тиешелүү окуу материалдар менен жабдылган болот. Балдардын, педагогдун жана ата-энелердин күчү менен колдо бар жана жаратылыш материалдарынан жасалган буюмдардын болушу балдардын чыгармачылыгына жакшы жардам берет.

Педагог түрдүү борборлорду түзүүдө жергиликтүү шартты, бар окуу материалдарын, балдардын мүмкүнчүлүктөрүн жана кызыкчылыктарын эске алуу менен чыгармачылыгын керсетө алат. Мисалы: сабаттуулук борбору, математика борбору, китеп жана искусство борбору, кыялдануу борбору, ошондой эле улуттук маданият борбору. Башка да борборлор түзүлүшү мүмкүн, мисалы: ден соолук жана дене тарбия борбору, курулуш борбору, оюн борбору, чөлкем таануу борбору, чебер колдор борбору, өз алдынча болуу борбору ж.б.

Өсүү борборлорунда болгондо балдар каалаган борборунда иштей алат, болгон материалдардын баарын колдоно алат. Сабаттуулук борборунда басма жана жазма тамгалар, муундар жана муундап, сөздөп окуу боюнча китепчелер, окуу жана жазуу кендүмдерүн енүктүрүү үчүн материалдар бар. Математика борборунан сандар, математикалык белгилер, эсептөө жана кошуу үчүн буюмдар орун алат. Кыялдануу борборунда чыгармачылык жана ой-чабыт менен байланышкан буюмдар бар, ал эми китеп жана искусство борборунда – искусство буюмдары жана аңгемелер жыйнактары болот, алар кепти естүрүү үчүн колдонулат. Улуттук маданият борбору балдарды улуттук каада-салт, кыргыз элинин жана Кыргызстанда жашаган башка элдердин маданияты менен тааныштыруу максатында түзүлөт. Бул борбордон улуттук кийимдер (костюмдар), оюнчуктар жана оюндар, тиричилик буюмдары, ошондой эле боз үйдүн, музыкалык аспаптардын макеттери орун алат.

Балдарды тигил же бул борборго барууга мажбурлоонун кереги жок, аларды тиешелүү убакыттан кийин борборлорду ез алдынча алмаштырганга кызыктыруу керек. Мисалы, бул борбор тууралуу кызыктуу кылып айтып берүү, бул борборго мажбурлабай чакыруу менен, андагы оюнчуктар менен ойной баштоо.

Окуу материалдарын борборлордо өзүне тартып тургандай, практикалык жактан ыңгайлуу, максатка ылайык жайгаштыруу зарыл, ошондой эле балдарды борборлордогу сабактардан кийин оюнчуктарды жана материалдарды өз алдынча ордуларына койгонго үйретүү абзел. Тигил же бул окуу материалын балдар кантип колдонууну билбесе, мисалы, «сүйлеечү алиппе», анда педагог балдарды анын колдонмосу менен тааныштырат жана ал колдонмону же оюнчукту кантип колдонууну керсетүп берет.

Бул программада практикада колдонулуп келген таанып билүү жана өсүү борборлору сыпатталат, алар 6 жаштагы балдар менен иштеген педагогдор тарабынан абдан көп түзүлүп келет.

## Сабаттуулук борбору

Сабаттуулук борборунда балдарды тамгалар, муундар, сөздөр, тексттер менен тааныштырганга мүмкүнчүлүк бар. Балдар бул борбордо төмөнкүлөрдү аткара алышат: майда булчуңдарын өнүктүрүү; сенсордук (сезимдик) жана тактилдик талдоочуларын (бодуракай тамгалар, буурчактардан жасалган тамгалар ж.б.) пайдалануу; графикалык билгичтиктерди жана көндүмдөрдү (сүрөттөрдү кайталап сызуу, штрихтөө, боёо, улуттук оймолорду жана орнаменттерди тартуу) естүрүү; тамгаларды, муундарды, сөздерду жазуу (басуу); тамгалардан, муундардан сөздөрдү түзүү.

***Сабаттуулук борборуна жайгаштыра турган материалдар:*** кыркма тамгалар, муундар жана сөздөр; оймолордун жана орнаменттердин басма калыптары, боёмо сүрөттөр; тамгага окшош буюмдар (мисалы, «Кызыктуу ынтымак тамгалар» дидактикалык оюну), калем саптар, фломастерлер, карандаштар, кагаздар (түрдүү фактурадагы), пластилин, кайчы.

***Сабаттуулук борборунун милдеттери:***

- түрдүү сүрөттөрдү, оймолорду (кайталап тартуу, штрихтөө, чекиттер боюнча туташтыруу ж.б.) боёого үйрөтүү;
- колдун, манжалардын майда булчуңдарын өнүктүрүү;
- баракта багыт (ориентир) ала билүүсүн жакшыртуу;
- кол менен көздүн ишмердигин башкаруу жана аны көзөмөлдөөнү өстүрүү;
- сыйпалап көрүп тамганы таанууга үйрөнүү (бодуракай, өйдө чыгып турган, жылма ж.б.);
- тамгаларды чаптоого, кураштырууга, түзүүгө үйрөнүү;
- чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жана өз алдынчалуулугун өстүрүү;
- тамгаларды, муундарды, сөздөрдү окууга үйрөнүү;
- тамгаларды, муундарды, сөздөрдү (басып) жазууга үйрөнүү;
- тапшырмаларды аткаруу учурунда өзүн ишенимдүү сезүү.

## Математика борбору

Бул борбордо балдар сандарды эсептеп, кошуп, кемитип, аларды жаза алышат, буюмдарды салыштырышат, түрдүү материалдардан (баркыт кагаз, кум кагаз, фланель

ж.б.) түрдүү ыкмалар менен жасалган сандардын көрүнүштөрү менен таанышышат. Балдар мында сандарга окшош сүрөттөрдү боёп, штрихтеп, сандарды чекиттер менен туташтырып, кубиктерден түзүп, баш катырма оюктардан (пазл), мозаикалардан тамгаларды түзүп, саноо көндүмдөрүн өстүрө алышат.

***Математика борборуна жайгаштыра турган материалдар:*** сабактарда жана оюн ишмердиги процессинде чыгармачылык жөндөмдү жана ой-чабытты өстүрүү үчүн кесме сандар, математикалык белгилер, кубиктер, оюктар, мозаикалар, эсептөө үчүн майда буюмдар жана оюнчуктар, сүрөттөр, санга окшош буюмдар (ак куу – 2 саны; күзгү – нөл ж.б.), ошондой эле калем саптар, карандаштар, кагаздар.

***Математика борборунун милдеттери:***

- табигый-математикалык циклдеги окуу буюмдарына болгон кызыгууну өстүрүү;
- сандарга окшош түрдүү сүрөттөрдү (штрихтөө, чекиттер боюнча туташтыруу ж.б.) боёого үйрөнүү;
- колду жазууга даярдоо үчүн майда булчуңдарды өнүктүрүү;
- сандарды жазганга, ийлеп чаптап жасаганга жана түзгөнгө үйрөнүү;
- сандарды таануу жана айтуу;
- сандарды эсептегенге, кошконго жана кемиткенге үйрөнүү;
- геометриялык фигуралар жана математикалык белгилер менен таанышуу.

## Элестетүү борбору

Бул борбордо балдар буюмдар, оюнчуктар, жашылчалар, жемиштер (муляждары) менен ойноо жана алардан ар нерсени жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат, ошол эле учурда өздөрү үчүн ар кандай ролдорду ойлоп таба алышат. Балдар борбордогу жана өздөрү ала келген материалдарды пайдаланып, түрдүү буюмдарды жасашат.

***Элестетүү борборуна жайгаштыра турган материалдар:*** оюнчуктар (заводдон чыккан жана колдо жасалган), оюнчук эмеректер (тиешелүү бөлүктөрү менен), идиш-аяк, жашылча-жемиштердин муляждары, оюнчук автобустар, машиналар, түрдүү түстөгү кагаздар, желим, пластилин, түрдүү кездемелердин кесиндилери ж.б. Бул борборду түзүүдө аны оюн жабдуулары жана материалдар менен байытып, педагогго тапкычтыгын жана чыгармачылыгын көрсөтүүгө туура келет.

***Элестетүү борборунун милдеттери:***

- конструктивдүү жана изилдөө ишмердигине болгон жөндөмдүүлүк;
- чыгармачылык жөндөмдүүлүк, ой-чабыт, логика;

- фантазия, сюжеттик-оюн ишмердиги, туурап кайталоо;
- ынтызарлык жана жаңы билимге кызыгуу;
- теңтуштары менен пикирлешүүнүн социалдык көндүмдөрү;
- өз мүмкүнчүлүктөрүнө болгон ишеним.

## Китеп жана искусство борбору

Бул борбордо балдар педагогдор менен бирдикте китептерди окуп, жомоктордун мазмунуна аралашып, түрдүү жагдайларды салыштырып, сүрөт тартып, сүрөттөрдүн жана китептердин сюжети тууралуу ойлорун айтып, өзүнүн сүрөттөрүнүн негизинде аңгемелерди ойлоп таап, уккан (окуган) чыгармасынын сюжетин өзгөртүп же улантып, аларды талдап, жалпылап, жыйынтык чыгара алат ж.б.

***Китеп жана искусство борборуна жайгаштыра турган материалдар:*** китепчелер, боёмо китепчелер, аңгемелер жыйнактары, сүрөт тартуу үчүн альбомдор, түстүү жана жөнөкөй калемдер, сүрөттөр, беткаптар, китептерди даярдоо жана оңдоо үчүн материалдар ж.б.

***Китеп жана искусство борборунун милдеттери:***

- баланын китепке жана окууга болгон кызыгуусу;
- окуу жана сүрөттөр боюнча айтып берүү көндүмдөрү;
- өз алдынча чыгармаларды тандай билүүсү;
- чыгармачыл жөндөм жана ой-чабыт;
- көптүк көндүмдөр жана сездүктү активдештирүү;
- окулган чыгармалар боюнча сюжеттерди тарта билүү;
- көңүл буруу жана оюн ишке ашырууда ага көңүлдү топтой алуу;
- окулган же угулган көркөм адабий чыгармалар тууралуу ойлорун башкалар менен бөлүшө билүү;
- ойлорун, идеяларын, сезимдерин, эмоцияларын аңгеме, кайра айтуу ж.б. аркылуу билдире алуу;
- көркөм чыгарманы талдоо жана каармандардын кылык-жоруктарын баалай билүү;
- китепке камкор мамиле.

Бала бардык борборлорго барып жатабы же бир, эки борбор менен эле чектелип жатабы, педагог аны көзөмөлдөшү керек. Тандоо эркиндиги берилгендигине карабастан, ар бир бала бардык борборундагы иш-аракеттерге катышышы зарыл, анда тиешелүү убакыт (мисалы, 20 мүнөт) болуп, сабакты алмаштыруу тууралуу белги боюнча (кол чабуу ж.б. белгилерден) кийинки борборго өтүшү абзел. Педагог балдардын борбордогу активдүүлүгүн эске алып, ар кандай ишмердикке болгон кызыгуусун, муну менен түрдүү борборлорго болгон кызыгуусун колдоосу шарт.

Класстык/тайпа бөлмө чакан китепкана менен жабдылышы абзел, анда балдар үчүн көркөм, илимий-популярдуу, усулдук жана окуу адабияттары, ошондой эле сөздүктөр жана маалымат китептери (справочник) болот. Балдар жаккан китепти бир нече күнгө үйүнө алалышат.

Класста/тайпада усулдук жана окуу максаттарында пайдаланыла турган техникалык окуу каражаттарынын (видеомагнитофон, магнитофон, проигрыватель, ксерокс, фильмоскоп (ж. б.) болушу сунушталат.

Класста/тайпада чакан дене тарбия бурчун түзүү керек, анда оюн үчүн жана таза абада (оюн жана дене тарбия аянтчалары) көнүгүү үчүн спорт инвентарынын топтому болушу керек. Спорттук инвентарга булар кирет: секирмелер, ар кандай көлөмдөгү топтор, аркандар, алкактар (обруч), тегеректе ыргытмалар, ракеткалар, кеглдер ж.б. болушу мүмкүн. Мектеп алдындагы участокто 6 жаштагы балага ылайыкталган спорт аянтчалары түзүлүшү зарыл.

Даярдоо класстарынын/тайпаларынын балдары жалпы негизде медициналык байкоо менен камсыз болушу керек, ал эми класста/тайпада «биринчи жардам» аптечкасы болушу шарт.

## VII бөлүм. Предметтик программалардын мазмуну

Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасын (480 саат) ишке ашырууда болжолдуу тематикалык планы.

| № | Мазмуну | Убакыт | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Мектепке кош келиңиз | 1 жума | сентябрь – октябрь |
| 2 | Менин үй-бүлөм | 2 жума | |
| 3 | Жыл мезгили – күз | 2 жума | |
| 4 | Жашылча-жемиштер | 2 жума | |
| 5 | Оюнчуктар | 1 жума | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6 | Үй жаныбарлары | 2 жума | ноябрь – декабрь |
| 7 | Жапайы жаныбарлар жана курт-кумурскалар | 2 жума | |
| 8 | Жыл мезгили – кыш | 2 жума | |
| 9 | Кышкы оюндар | 1 жума | |
| 10 | Жаратылыш кубулуштары | 2 жума | январь – февраль |
| 11 | Идиш-аяктар жана тамактар | 2 жума | |
| 12 | Тирчилик техникалары жана эмеректер | 1 жума | |
| 13 | Транспорт | 1 жума | |
| 14 | Адамдын ден соолугу. Коопсуздук | 2 жума | март – апрель |
| 15 | Жыл мезгили – жаз | 2 жума | |
| 16 | Кийим жана бут кийим | 1 жума | |
| 17 | Кыргызстанда жашаган элдердин салттары жана үрп-адат-тары | 2 жума | |
| 18 | Өсүмдүктер дүйнөсү | 1 жума | май |
| 19 | Менин шаарым, менин айылым | 1 жума | |
| 20 | Мекеним – Кыргызстан | 2 жума | |

## «Дене өстүрүү» программасы

6 жаштагы балдарды дене жагынан өстүрүү боюнча программа жашына ылайык балдардын өсүү чөйрөсүнүн мүнөздөмөсүнүн негизинде түзүлгөн

### «Дене өстүрүү» программасынын предметтик максаттары жана милдеттери:

Дене жагынан өстүрүүнүн максаты бакубат, дене жагынан өнүккөн баланы тарбиялоо болуп саналат. 6 жаштагы балдардын курактык, анатомиялык-физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык, дене көнүгүүлөрү менен алектенүү ден соолукту чыңдоочу, билим берүүчү жана тарбиялоочу милдеттерди чечет. Алар балада үзүрлүү, аң сезимдүү кыймылды калыптандырууга жана кыймылдоо тажрыйбасын топтоого багытталган.

«Дене өстүрүү» предметинин негизги милдеттеринин бири баланын ден соолугун чыңдоо болуп саналат жана ал төмөнкүлөргө багытталган:

- туура отурууга көнүктүрүү;
- таяныч-кыймылдоо аппаратын бекемдөө жана өнүктүрүү;
- омуртканы ийкемдүү кылуу;

- таманды бекемдөө жана өнүктүрүү;
- денени гармониялуу естүрүү;
- дене бойдун, буттун, колдун, мүрүнүн, манжалардын, моюндун булчуңдарын енүктүрүү;
- дем алуу булчуңдарын бекемдее жана енүктүрүү.

Дене тарбия сабактарында балдар дене кенүгүүлерү женүнде жана дене көнүгүүлерү мөнөн спорттун организмгө дөн соолукту чыңдоочу таасири тууралуу билимдөргө ээ болушат.

Бала дене тарбиясы менен машыгып:

- дене кенүгүүлерү менен спорттун ден соолукту чыңдоо үчүн пайдасын андап сезишет;
- дене тарбия боюнча терминдерди ездештерүшөт: «баштапкы абал», «колоннага/ шеренгага тизилүү», «чуркоо», «жарым отуруу», «секирүү» ж.б.;
- жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлердү аткаруу эрежелери, негизги кыймылдар, спорттук жана кыймылдуу оюндар тууралуу билимдөрди алышат;
- спорт инвентарларын, жабдууларын, колдонмолорун пайдалануу кендүмдерүн енүктүрет;
- командада иштөө көндүмдөрүн өнүктүрөт;
- ез ара жардамдашуу, колдоо жана чогуу ойлонуу, толкундануу көндүмдерүн енүктүрет.

### «Дене өстүрүү» программасынын негизги маселелери

Программа боюнча сабак буларды ***өнүктүрөт:***

- күндөлүк дене көнүгүүлерүнө муктаждык;
- кыймылдын грациясы, ийкемдүүлүгү, көркемдүүлүгү;
- ез алдынчалуулук, чыгармачылык, демилгелүүлүк;
- өзүн өзү уюштуруу, өз ара жардам;
- эс-тутум, ой жүгүртүү, кыялдануу.

Программа боюнча сабак буларга ***тарбиялайт:***

- мүнездүн оң жактарын: чыдамкайлык, уюшкандык, оор басырыктык, боорукердик ж.б.;

- инсандын адептик негиздери: кадыр-баркын сезе билүү, адилеттик, жолдоштук, өз ара жардам, жоопкерчилик;
- эрктик сапаттарды: эр жүректүк, чечкиндүүлүк, өз күчүнө ишенүү, чыдамкайлык, тырышчаактык, өзүн башкаруу;
- дене кенүгүүлерүне жана дене маданиятына эстетикалык мамиле;
- коюлган максатка жете билүү.

Программа боюнча сабак буларга ***үйрөтөт:***

- бакубат жашоо мүнезүнүн негиздери;
- эрежелерди сактай билүү;
- командада иштей билүү;
- ири (жалпы енүктүрүүчү жана негизги кыймылдар) жана майда (колдун манжаларын енүктүрүү) булчуңдарды енүктүрүү боюнча кенүгүүлер;
- мазмуну боюнча түрдүү кыймылдуу оюндар, эстафеталар, мелдештер;
- мейкиндикке еңүт (ориентир) алуу;
- тең салмактуулукту сактай билүү;
- түз жүрүү.

Дене кенүгүүсү боюнча сабактар балада айлана чейрө жана жаратылыш – дарактар, гүлдер, жаныбарлар жана канаттуулар тууралуу билимдерди калыптандыруу менен тыгыз байланышта.

Дене кенүгүүсү менен жылдын бардык мезгилинде алектенип жатып, бала суунун, кумдун, кардын касиеттерин таанып билет жана жыл мезгилдеринин алмашуусуна байкоо жүргүзет.

## Дене тарбиянын негизги компоненттери

- Негизги талап спорттук залда (аянтчада) коопсуз жүрүм-турум эрежелерин билүүсү жана күн тартибин сактоо.
- Жалпы енүктүрүүчү кенүгүүлер предметтер (желекчелер, таякчалар, айланмалар, тасмалар ж.б.) менен жана предмет жок эле аткарылат: түз, туура жүрүүнү калыптандырат; колдун жана мүрүнүн булчуңдарын енүктүрет; дене бойдун булчуңдарын жана омуртканын кыймылдуулугун естүрөт; буттардын булчуңдарын бекемдейт жана естүрет.

- Тизилүү кенүгүүлөрү: негизги туруу, түрдүү тизилүүлер — айлана, бирден колоннага, шеренгага ж.б., кайра тизилүү — бирден колоннадан экиден, үчтен колоннага ж.б. чачыроо, чогулуу жана бурулуулар.

- Негизги кыймылдар: басуу, жүгүрүү, секирүү, ыргытуу, тырмышып чыгуу тең салмактуулук кенүгүүлөрү.

- Басуу билгичтиктери жана кендүмдөрү: буттун башы менен, ийилип, согончогу менен, тизени бийик кетерүп басуу, кадимки басуу, кеңири кадам менен басуу, кошумча кадамдар менен басуу, кайчылашкан кадам менен басуу, жарым отуруп, отуруп, колдун ар кандай абалындагы басуу.

- Сойлоо жана жермелее билгичтиктери жана көндүмдөрү: гимнастикалык дубалга жана арканга чыгуу, кыйшык скамейка менен бекем отуруп жана тизелеп басуу, гимнастикалык скамейкалар, топ болуп тоголонуу, курсакка жатуу, тизелеп таканчыктоо.

- Жүгүрүү көнүгүүлөрүндөгү билгичтиктер жана көндүмдер: бирдей кадам менен кадимки чуркоо, кеңири кадам менен чуркоо, тез темп менен чуркоо, челнок чуркоосу, тизени бийик кетөрүп чуркоо, бутту тийгизе көтерүп (таманды көчүкке тийгизе) чуркоо, крест кадам менен чуркоо.

- Секирүүдөгү билгичтиктер жана кендүмдер: бир бут менен жана эки бут менен алдыга жылып секирүү, ордунан узундукка секирүү, кыска аралыктан күүленүп секирүү, тоскоолдуктар аркылуу чуркоо (бийиктиги – 30 см), турган жеринен бийиктикке секирүү, скакалка менен секирүү, оң жана сол бутта секирүү, ордунда секирүү.

- Ыргытуу билгичтиктери жана кендүмдерү: ыргытууга даярдаган кенүгүүлер – топту тосуп алып, тосуп албай тоголотуу, ыргытуу, топту, шарды, кум менен баштыкчаларды, айланмаларды, ошондой эле жаратылыш материалдарын – тобурчакты, каштанды, таякчаларды, карларды ж.б. тосуп алып, тосуп албай бир нерсенин үстү аркылуу ыргытуу.

Кыймылдуу оюндар: эрежелер менен оюндар (сюжеттик жана сюжеттик эмес), спорттук оюндардын элементтери.

Кыймылдуу оюндар шарттуу түрдө турмуштук жана жомоктук эпизоддорду чагылдырат. Сюжеттик эмес кыймылдуу оюндарда максатка жетүүге алып келүүчү балдар үчүн кызыктуу кыймылдуу оюндук тапшырмалар бар.

## Дене тарбия маданияты тарабынан түзүлгөн дене сапаттары

Дене тарбия менен системалуу машыгуу 6 жаштагы балдардын теменкүдөй дене сапаттарын калыптандырганга жардам берет:

***Күч*** – предметсиз жана предметтер менен (тасма, желекче, топ, таяк, алкак, скакалкалар ж.б.) жалпы енүктүрүүчү кенүгүүлер, узундукка секирүү, ыргытуу, ээк менен, таянып, жермелеген негизги кенүгүүлер;

***Шамдагайлык*** – басуунун ар кандай түрлерүн чогуу саноо, жамбашты бийик көтөрүү, ылдый отуруп 2-3 тоскоолдуктан белгилер боюнча өтүү менен айкалыштыруу. Белгиленген жолдогу (дорожка) тоскоолдуктарды (топ, таяк) жеңип өтүп чуркоо; 3 м, 3х8м челнок чуркоосу; ылдамдыкка чуркоо эстафеталары.

***Ыкчамдык*** – кыймылдоо реакциясы, кайталанган кыймылдардын көптүгү (жөнөкөй жана татаал болот). Жөнөкөй реакция капысынан болгон сигнал (мисалы, «Чурка!» сигналы менен «жүгүрүү») менен мурдатан белгилүү кыймылга жоопту билдирет. Татаал реакция – бул кыймылдагы объектиге карата реакция жана тандоо реакциясы (мисалы, топ ойноо, топту бири-бирине, сетка аркылуу берүү ж.б.

***Чыдамкайлык*** – кайсы бир зериктирме ишке каршы туруу жөндөмү. Ал нервдик борборлордун функционалдык омоктуулугу, кыймылдоо аппаратынын жана ички органдардын кызматтарын координациялоо менен аныкталат.

***Ийкемдүүлүк*** –анын дене бөлүктөрүнүн кыймылдоо деңгээлин аныктоочу таяныч-кыймылдоо аппаратынын морфофункционалдык касиеттери. Ийкемдүүлүк булчуңдардын жана байламталардын ийкемдүүлүгү менен аныкталат.

## «Дене өстүрүү» программасынын окуу планы

***Эскертүү*** *(бардык тематикалык пландар үчүн түзүлгөн)*

*Болжолдуу тематикалык пландар сунуштоо мүнөзүндө берилди. Балдардын мүмкүнчүлүгүнө класс/группанын өзгөчөлүгүнө, бир айдагы календардык күндөрдүн санына жараша педагог өзгертө алат.

**Болжолдуу тематикалык план**

| № | Мазмуну | Сааттардын саны |
|---|---|---|
| 1 | **Дене тарбиянын пайдасы тууралуу балдар менен аңгемелешүү. Тизилүү көнүгүүлөрүнө үйрөтүү жана бирден колоннада туруп топту алдыга жана артка берүүгө үйрөтүү.**<br>1.Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (№ 1 гимнастика комплексин үйрөнүү). Тизилгенге үйрөтүү: тегерек, бирден колоннага, шеренгага тизилүү.<br>2. Негизги кыймылдар. Топту колоннада алдыга жана артка берүүгө үйрөтүү.<br>3. «Кегли» спорттук оюну. | 2 |
| 2 | **Темпти жана багытты өзгөртүү менен, балдарды колоннада басууга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (желекче менен эртең мененки гимнастиканын комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Темпти жана багытты өзгертүү менен, балдарды колоннада басууга үйрөтүү.<br>3. Кыймылдуу оюн – «Ким топко тезирээк чуркап барат» эстафетасы. | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | **Басуунун ар кандай түрлөрүнө үйрөтүү. Топту тосууга көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплексин, буттун учу, тамандын сырткы кыры менен, отуруп жана чала отуруп басуу менен айкалыштыруу).<br>2. Негизги кыймылдар. Кыймылдагы объектиге карата реакцияны енүктүрүү (топту кармоо). «Чурка!» сигналы менен «Жүгүрүп етүү» оюну. | 2 |
| 4 | **Бийиктикке секирүүдө бутту бүгүүгө үйрөтүү.**<br>1. Тегерек болуп туруп жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлер.<br>2. Негизги кыймылдар. Бийик эмес предметтер (5-10 см) аркылуу ордунан секиртип балдарды кенүктүрүү.<br>3. «Жашынмак» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 5 | **Дистанцияны алыстатуу жана жакындатуу ыктарына үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси). Тизилүү: үзүлүү, чогулуу, бурулуу.<br>2. Секирүү. Балдарды кичине жерден чуркап келип жип аркылуу секирүүгө үйретүү, бир буту менен секирип, эки буту менен түшүшет (4-5 жолу).<br>3. «Желекчеге секирип жетүү» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 6 | **Топту эки колдоп көкүрөгүнүн ылдый жагынан ыргытууга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр.<br>2. Негизги кыймылдар. Алдынан ыргытууда топту тосуу техникасына үйретүү.<br>3. «Бош орун» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 7 | **Кичинекей топту алыстыка ыргытууга үйрөтүү.**<br>1. Гимнастикалык таякча менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Негизги кыймылдар. Алыска ыргытууда ыргытуу жана булгалоо техникасына үйрөтүү.<br>3. «Уруп түшүрүү» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 8 | **Топту горизонталдык белгиге ыргытууга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. 3-4 метр аралыктан горизонталдык белгиге ыргытуу (белги 2 метр бийикте).<br>3. «Качмай топ» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 9 | **Гимнастикалык скамейкадан секирип түшүүгө үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Балдарды 20-30 см бийиктиктен туура секирүү.<br>3. Кыймылдуу оюн. «Кимдин командасы батыраак?» эстафета оюну. | 2 |
| 10 | **Чуркап келип бийиктикке секирүүгө көнүктүрүү. Көнүгүүлөрдү аткаруу учурунда туура дем алууга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси). Балдарды көнүгүүлерду аткаруу учурунда туура дем алууга үйретүү.<br>2. Негизги кыймылдар. Чуркап келип бийиктикке (30-40 см) секирүү.<br>3. «Жамбы атмай» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 11 | **Тегеректен колоннага, бир колоннадан 3колоннага кайра тизилүүгө үйрөтүү. Чуркоонун ар кандай түрлөрүнө үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси). Тегеректен колоннага, бир колоннадан 3колоннага кайра тизилүү<br>2. Негизги кыймылдар. Колоннада бирден, экиден, чачырап ж.б. чуркоо<br>3. «Учуучу балыктар» кыймылдуу оюну. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 12 | **Шеренгадан тегереке, бир колоннадан кыймылда жүрүп кайра тегереке кайра тизилүүгө үйрөтүү. Чоң топту жерге чапканга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси). Тизилгенге үйрөтүү: тегерек, бирден колоннага, шеренгага тизилүү.<br>2. Негизги кыймылдар. Топту жерде чапканга үйрөтүү (10 жолудан кем эмес).<br>3. «Мини футбол» спорттук оюну. | 2 |
| 13 | **Кадамдарды айкалыштырып гимнастикалык дубал менен жармашып чыгууга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Негизги кыймылдар. Жогорку тепкичке чейин кадамдарды айкалыштыруу менен биринин артынан бири жармашып чыгуу. Жогорку тепкичке жеткенден кийин кайра ылдый көздөй түшүү.<br>3. «Деңиз бир жолу толкундады…» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 14 | **Бийиктикке секирүүдө чуркап келип түртүлүүгө үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Балдарды биригип жүгүрүүгө жана 20-30 см бийиктикке секирүүдө түртүлүүгө үйрөтүү.<br>3. «Кармагыч, тасманы ал» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 15 | **Ылдам чуркаганга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Убакытка чуркаганга үйрөтүү (50 метр).<br>3. «Ким эң таамай» мелдеш оюну. | 1 |
| 16 | **Ар кандай абалда туруп ыргытууга үйрөтүү.**<br>1. Предметтер менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Топту ар кандай абалдан: туруп; корточкага отуруп; баштан алыс ж.б. ыргытууга үйрөтүү.<br>3. «Аркан тартуу» мелдеш оюну. | 1 |
| 17 | **Кыймылдарды аткарууда тең салмактуулукту сактаганга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. «Кол кармашып, жуп болуп тегеренүүдө» тең салмактуулукту сактаганга үйрөтүү.<br>3. «Ыргыт да, карма» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 18 | **Башына кум салынган баштыкчаны коюп гимнастикалык скамейкада отуруп турууга үйрөтүү. Тең салмактуулукту сактаганга көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси), жарым отуруу техникасын бекемдөө.<br>2. Негизги кыймылдар. Бир бутунда туруп «кегучкен» жасаганга үйрөтүү.<br>3. «Самолеттор» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 19 | **Чуркап келип чуркап барып секирип колун тийгизгенге үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймыл. Скакалка (узун/кыска) аркылуу секирүү<br>3. Балдардын каалоосу боюнча кыймылдуу оюндар. | 1 |
| 20 | **Эки кол менен топту ыргытканга жана тосконго үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Эки кол менен топту ыргытканга жана тосконго үйрөтүү.<br>3. «Желекчеге чейин ким тезирээк жетет» кыймылдуу оюну. | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 21 | **Бийиктикте илинип турган предметке, чуркап барып секирип колун тийгизгенге үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. 90 см бийиктикте илинип турган предметке чуркап барып секирип колун тийгизүү.<br>3. «Ким күчтүү» спорттук оюну (Аркан тартуу). | 1 |
| 22 | **Ар кандай кырдаалдарда секиргенге үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Узун скакалканы айлантуу менен чуркоого үйрөтүү.<br>3. «Митаам түлкү» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 23 | **Кыска скакалканы туура айлантканга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Кыска скакалканы колунун манжалары менен айлантканга үйретүү.<br>3. «Дөңгеч менен дарыя аркылуу» эстафета оюну. | 1 |
| 24 | **Бутту оңго – солго кайчылаштырып алдыга жылып секиргенге үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Жерге жип таштап коюп андан балдар биринин артынан бири бутту оңго – солго кайчылаштырып алдыга жылып секирүү.<br>3. Балдардын каалоосу боюнча кыймылдуу оюндар. | 2 |
| 25 | **Гимнастикалык скамейка менен басып барып айланмадан (обручтан) жөргөлөп өтүүгө көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Гимнастикалык скамейка менен басып барып балдар биринин артынан бири, айланмадан кылдаттык менен жөргөлөп етүү.<br>3. «Мышык-чычкан» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 26 | **Скакалка менен алдыга жылып секирүүгө көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Скакалка менен алдыга жылып секирүү.<br>3. «Дөңден деңге» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 27 | **Гимнастикалык дубалдын ортосундагы рейкалардын арасынан өтүүгө көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси)..<br>2. Негизги кыймылдар. Балдар токтосуздан биририн артынан бири гимнастикалык дубалдын ортосундагы рейкалардын арасынан өтүү.<br>3. «Каздар жана ак куулар» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 28 | **Тоскоолдуктарды аттап өткөнгө үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси). Тизилүү: үзүлүү, чогулуу, бурулуу.<br>2. Негизги кыймылдар. Балдарды тоскоолдуктарды (шыкалган топтор, кубиктер, кум толтурулган каптар ж.б.) аттап етүү.<br>3. «Айланмага түшүр» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 29 | **Дөңгөчтүн үстүндө түз жана капталы менен басканга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Деңгечтүн үстүнде түз жана капталы менен басуу. Тең салмактуулукту сактоо(камсыздандыруу).<br>3. «Жуп болуу эстафетасы» кыймылдуу оюну. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 30 | **Ордунан туруп узундукка секирүүгө үйрөтүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Ордунан туруп узундукка секирүү (80 см. кем эмес).<br>3. «Айланмага түшүр» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 31 | **Басуу менен жүгүрүүнү улам алмаштырууга көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. 120 метрге басуу, жүгүрүү аны улам алмаштыруу.<br>3. «Үчүнчү ашыкча» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 32 | **Кичинекей топту бир колу менен ыргытып, тосууга көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Топту бир колу менен ыргытуу жана тосуу.<br>3. «Дөңдөн дөңгө» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 33 | **Алдыга жылуу менен бир буттап секирүүгө көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси). Шеренгага жана эки колоннага тизилүү.<br>2. Негизги кыймылдар. Алдыга жылуу менен бир буттап секирүү.<br>3. «Жубуңду тап» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 34 | **Заттардын арасынан төрт аяктап жөрмөлөп жүргөнгө үйрөтүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси). Тизилүү. Колдорун эки тарапка жаюу менен колоннаны бөлүүгө үйрөтүү.<br>2. Негизги кыймылдар. Догоонун (дуга) алды менен терт аяктап жөрмөлеп жүргенгө (предметтердин арасынан) үйретүү.<br>3. «Шайыр эстафета» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 35 | **Жерде жаткан шнурдан секирип өткөнгө үйрөтүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Жерде жаткан шнурдан секирип өтүү (10 жолудан кем эмес).<br>3. «Токойдогу аюуда» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 36 | **Кыймылдагы белгиге карата карды ыргытууга көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер. Эртең мененки гимнастиканын жаңы комплексин үйретүү.<br>2. Негизги кыймылдар. Ар кандай оюн учурунда балдар бири-бирине карды ыргытуу.<br>3. «Каз – ак куу» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 37 | **Дене тарбиялык эс алуусу**<br>«Хрусталь кыш». | 1 |
| 38 | **Чуркап келип буту менен түртүлүп, секирүү техникасына үйрөтүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Чуркап келип буту менен чийинден түртүлүп, жумшак матка секирүү.<br>3. «Жуп болуп жүгүрүү» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 39 | **Топту сетка аркылуу ыргытканга жана кармаганга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Топту сетка аркылуу ыргытканга жана кармаганга (сетканын бийиктиги 1,8 м) үйретүү.<br>3. «Канатттуулардын кайра келиши» кыймылдуу оюну. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 40 | **Топту башынан ары ыргытуу техникасына үйрөтүү. Бир колоннадан төрт колоннага кайра тизилүүгө үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси). Балдарды бир колоннадан төрт колоннага кайра тизилүүгө үйрөтүү.<br>2. Негизги кыймылдар. Эки колдоп топту башынан ары ыргытуу.<br>3. «Жуп болуу эстафетасы» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 41 | **Колдун абалын өзгөртүп буттун учу менен басканга жана чуркаганга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси). Тизилүү: үзүлүү, чогулуу, бурулуу.<br>2. Негизги кыймылдар. Колдун абалын өзгөртүп (башына – белине) буттун учу менен басуу жана чуркоо.<br>3. «Жуп болуу эстафетасы» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 42 | **Балдарга желкесине карап колоннага турганды, сызык менен шеренгеге турганды үйрөтүү. Тең салмактуулукту сактап, скамейканын үстү менен бутту бутка тийгизип басканга көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси). Желкесине карап колоннага туруу, сызык менен шеренгеге туруу.<br>2. Негизги кыймылдар. Тең салмактуулукту сактап, скамейканын үстү менен бутту бутка тийгизип басуу (камсыздандыруу).<br>3. «Үйү жок коен» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 43 | **Өз алдынча тизилүүгө үйрөтүү. Вертикалдык белгиге тийүү үчүн ыргытуу жана булгалоо техникасына үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси). Эки колоннага; эки айланага өз алдынча тизилүү.<br>2. Негизги кыймылдар. Вертикалдык белгиге тийүү үчүн так ыргытуу жана булгалоо (8-10 жолу).<br>3. «Айланмага түшүр» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 44 | **Узундукка ордунан туруп, буттарына заттарды кыпчып секирүүгө көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Узундукка ордунан туруп, буттарына кыпчыган топ менен секирүүгө үйрөтүү.<br>3. «Кеглиге тийбей, топту алып кел» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 45 | **Жонду түз кармап, жуп болуп жарым отурууга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Жонду түз кармап, жуп болуп жарым отуруу 3-5 жолу.<br>3. «Кеглини чап» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 46 | **Колдун жардамысыз, шыкалган капчаларды башына коюу менен отуруп турууга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Балдар кум салынган баштыкчаны башына коюп, тегереке турушуп (12-15жолу) отурушат, жонду түз кармап колдун жардамысыз, турушат.<br>3. «Топту чап» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 47 | **«Жыланча» жана « оймокчо жүгүрүүгө» үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Аянтчада тоскоолдуктарды (кегли, желекче, обруч ж.б) бир сызыкка коюп, аларды аралап чуркаганда «жыланча болот», эгерде тоскоол дуктарды аянтчанын оң – сол тараптарына коюп, анан аны аралап чуркашса анда «челноктук жүгүрүү» болот.<br>3. «Тоскоолдуктар жолу» кыймылдуу оюну. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 48 | **Ар кандай абалдарда чуркоого көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Түз, капталы менен, аркасы менен, отуруп же бир нерсеге карата багыт алып чуркоо.<br>3. «Чуркап ет» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 49 | **Кичинекей топту ийиндин үстү менен ыргытууга көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси). 2. Негизги кыймылдар. Кичинекей топту (8-10 см) бир колдоп ийиндин үстү менен ыргытуу.<br>3. «Топту айланмага ыргыт» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 50 | **Спорттук басуу менен тааныштыруу.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси). Тизилүү: үзүлүү, чогулуу, бурулуу.<br>2. Негизги кыймылдар. Согончоктон буттун учуна которулуу кыймылы, мында кадамдар тар, бирок ылдам болот.<br>3. «Кеглиге тийбей, топту алып кел» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 51 | **Ар кандай ыкмалар менен басканга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Басуу. Ар кандай ыкмалар менен: жарым отуруп, согончоктон буттун башына которулууга, кошумча кадам менен басканга үйрөтүү.<br>3. «Кармагычтар» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 52 | **Заттардан эки буттап секирип өткөнгө үйрөтүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. 15 - 20 см бийиктиктеги 5-6 предметтен эки буттап секирип өткөнгө үйрөтүү.<br>3. «Жуп болуу эстафетасы» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 53 | **Тартылган аркандан аттап өтүүгө үйрөтүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. h 30 - 40 см болуп тартылган аркандан аттап етүү.<br>3. «Топту алып баруучуга» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 54 | **Шыкалган капчаларды ар кандай ыкмалар менен ыргытканга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (предметтер менен эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Шыкалган капчаларды ар кандай ыкмалар менен (ийиндин үсүтүнөн, көкүрөгүнүн алдынан эки кол менен) ыргытуу.<br>3. «Дөңдөн дөңгө» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 55 | **Бутту алмаштырып, кыска скакалка менен секиргенге үйрөтүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси). Колоннага тизилүү; колду алдыга сунуп, аралыкты ажыратуу.<br>2. Негизги кыймылдар. Бутту алмаштырып, кыска скакалка менен секирүү (8-10 жолу).<br>3. «Ким алыска секирет» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 56 | **Узундукка секирүүдө тез чуркаганга көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси). Тизилүү: үзүлүү, чогулуу, бурулуу.<br>2. Негизги кыймылдар. Узундукка секирүүде 10 м аралыктан тез чуркоо.<br>3. «Белгиге чейин түшүрбөй чуркап бар» кыймылдуу оюн-эстафетасы. | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 57 | **Алыскы аралыкка чуркаганга көнүктүрүү.**<br>1.Жалпы енүктүрүүчү кенүгүүлер (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. 150 метрге жүгүрүү.<br>3. Балдардын каалоосу боюнча кыймылдуу оюндар. | 1 |
| 58 | **Тең салмактуулукка көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Гимнастикалык скамейканын үстүнде аркасы менен басуу (4-5 жолу).<br>3. «Бурчтар» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 59 | **Чуркап келип узундукка секиргенге үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси). Тизилүү – кайра тизилүү.<br>2. Негизги кыймылдар. Чуркап келип узундукка секирүү (10 м аралыктан).<br>3. «Айланмага түшүр» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 60 | **Буттун учу менен тизени бийик көтөрүп чуркаганга көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Буттун учу менен тизени бийик кетерүп чуркоо жана тоскоолдуктарды өтүү( кегли, желекче, кубиктер, обруч ж.б).<br>3. «Фигураны жаса» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 61 | **Топту ар кандай ыкмалар менен ыргытканга жана кармаганга үйрөтүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Топту ар кандай ыкмалар менен ыргытканга жана кармаганга үйретүү (бир колдоп, эки колдоп, алдынан, кекүрөк тушунан ж.д.б.).<br>3. «Капкан» кыймылдуу оюну. | 2 |
| 62 | **Вертикалдык белгиге ыргытканга көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (предметтер менен эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Вертикалдык белгиге 3 м аралыктан ыргытуу.<br>3. «Желекчеге ыргыт» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 63 | **Орточо ылдамдыктагы чуркоону көнүктүрүү.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлөр (эртең мененки гимнастика комплекси).<br>2. Негизги кыймылдар. Орточо ылдамдыкта 200 м аралыкка буттун учу менен басканды айкалыштырып чуркоо.<br>3. «Класстар» кыймылдуу оюну. | 1 |
| 64 | **Дене тарбия майрамы.**<br>«Саламатсыңбы, жай» | 1 |
| | ***Бардыгы*** | ***96*** |

*Эскертүү*

Окуу планынын экинчи вариантында ар бир темага бирден саат берилип, бардыгы 64 саатты түзет.

## Окуу жылынын аягына карата күтүлгөн базалык натыйжалар

1. ***6 жаштагы балдардын окуу аракеттери жана жетишкендиктери:***

- жеке гигиена жана өзүн тейлөө боюнча практикалык көндүмдөргө ээ;
- оюндун эрежелерине баш ийгенди, теңтуштары менен топто өз ара мамиле кылганды билет;
- бакубат жашоо образынын негизги ченемдери жана коопсуз жашоо көндүмдөрүнө ээ;
- түрдүү окутуу колдонмолорун пайдаланганды билет;
- жекече, топто жана жуп болуп аракеттенгенди билет;
- күн тартибин билет жана сактайт;
- өзүн тескөө көндүмдөрүнө ээ;
- тааныш кыймылдуу оюндарды уюштурганды билет;
- спорт залындагы жана спорт аянчасындагы жүрүм-турум эрежелерин билет жана сактайт.

2. ***6 жаштагы балдардын предметтик билимдери, билгичтиктери жана көндүмдөрү:***

- ири (жалпы өнүктүрүүчү жана негизги кыймылдар) жана майда (колдун манжаларын) булчуңдарды өнүктүрүү боюнча көнүгүүлөрдү аткарат;
- ар кандай мазмундагы оюндарды, эстафеталарды, мелдештерди өз алдынча ишмердигинде пайдаланат;
- психофизикалык сапаттарды: шамдагайлык, күч, ыкчамдык, чыдамкайлык, ийкемдүүлүк, мейкиндикте багыт алууга жардам берүүчү кыймылдуу оюндарды пайдаланат;
- сабак учурунда омуртканы түз кармап отурат;
- колду ар кандай абалда кармап, гимнастикалык скамейка менен баса алат;
- колду ар кандай абалда кармап, кеңири скамейка менен баса алат;
- колду эки жакка созуп, түз (капталы менен) сызык боюнча басканды билет;
- кадамды алмаштырып, гимнастикалык дубалга чыкканды билет;
- топту буттарынын арасына кысып алып, ордунан узундукка секире алат;
- эки жана бир буттап, айланмадан айланмага секире алат;

- бутту алмаштырып, кыска (узун) скакалка аркылуу секире алат;
- эки буттап бийиктикке капталы менен аркан аркылуу секиргенди билет;
- эки колдоп бир канча жолу топту ыргытып, кармаганды билет;
- алдыга жылып баратып, топту оң жана сол колу менен ура алат;
- башына капты коюп, тең салмактуулукту кармап, жарым отуруп, тура алат;
- кыймылдагы белгини кар менен уруп, тийгизе алат;
- 3 м аралыктагы жантык (горизонталдык) белгиге тийгизе алат;
- 3 м аралыктагы тик (вертикалдык) белгиге тийгизе алат.

## «Айлана чөйрө менен тааныштыруу» программасы

### Предметтин максаттары жана милдеттери

«Айлана чөйре менен тааныштыруу» предметтик чөйресүнүн негизги максаты баланы өз тажрыйбасын аңдап-сезүү боюнча тапшырмаларды аткаруу процессине жана социалдык жана предметтик дүйнөнүн маңызын түшүнүүгө акырындык менен киришип, бүтүн дүйнө картинасы менен тааныштыруу болуп саналат.

Бул предметтик чөйредегү билим берүүнүн башкы милдети айлана чөйрө менен тааныштыруу, адептик башталыштарга тарбиялоо, предметтик билимдерди, Мекенди сүйүү сезимдерин калыптандыруу, 6-7 жаштагы балага андан ары мектепте окуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу универсалдуу окуу аракеттерин калыптандыруу болуп эсептелет.

«Айлана чөйре менен тааныштыруу» предметине төмөнкүдөй билим берүү чөйрөлөрүн өз ара байланышта ишке ашыруу үчүн мазмундук негиз киргизилген: байланыштуу кепти өстүрүү, көркөм адабият, математикалык түшүнүктөрдүн негиздери, дене маданияты, көркөм өнөр, музыка ж.б. Предметтик чөйрөлөрдүн мазмунунун өз ара байланышы жана бири-биринен көз карандылыгы 6 жаштан баланы курчап турган дүйнө менен тааныштырганда анда практикалык, таанып-билүүчүлүк, чыгармачылык жана ой жүгүртүү ишмердиги тажрыйбаларын калыптандыруу үчүн шарт түзөт. Курчап турган дүйнө тууралуу билимдерди алуунун булактары болуп сезүү органдары да эсептелет, алардын жардамы менен бала предметтерди изилдейт.

Айлана чөйрө менен таанышуу 6 жаштагы баланын инсанын бүтүндөй өстүрүүнүн бир компоненти болуп саналат. Баланын инсанын толук кандуу өнүктүрүү үчүн чоң адамдардын дүйнөсүнө жана алардын эмгеги менен жасалган айланадагы предметтерге аралаштыруу өзгөчө мааниге ээ болот. Педагогдун милдети – баланы күнүмдүк

турмушунда, мектепте, кечедө курчап турган материалдык маданияттын предметтерин баалап, аларды багыты боюнча пайдаланганды үйрөнгөнгө балага жардам берүү. Балдарга буюмдардын касиеттерин жана өзгөчөлүктөрүн ачып берүү, таанып-билүү жана интеллектуалдык ишмердик ыкмаларын өздөштүрүүгө жардам берүү, байкагычтыгын, айланадагы объектилерди изилдөөгө болгон мамилесин өстүрүү да маанилүү. Так ушул нерсе балага күнүмдүк турмушта акыл-эс менен, жетишерлик өз алдынча аракеттенүү мүмкүнчүлүгүн ачат, өзүнүн жүрүм-турумунда адамдын ишмердигинин натыйжасы катарында буюмдарга адептик мамилени түшүнгөнгө, аңдап-сезип ишке ашырганга, айлана чөйрө менен таанышуу баланы изилдөөчүлүк жана эксперименталдык ишмердикке багыттайт, анын натыйжасы предметтердин, кубулуштардын, алардын ортосундагы себеп-натыйжа байланышынын (жыл мезгилдеринин алмашуусу; өсүмдүктөрдүн өсүшү ж.б.) келип чыгышы жана касиеттери тууралуу билим алуу болуп эсептелет, ал баланын табигый-илимий таанып билүү түшүнүктөрүн калыптандырат. Мисалы, буюмдун үч абалы – катуу, суюк, газ түрүндөгү абалы тууралуу билимдер.

Айлана чөйрө менен таанышуу сабактарынын тематикасы бир нече предметтерди камтыйт, андыктан педагогго бул предметтик чөйрөнүн милдеттерин башка сабактарда ишке ашырууга туура келет. Мисалы, дене өстүрүү, кеп өстүрүү жана көркөм адабият, ЖМТК, көркөм өнөр ишмердиги сабактарында, ошондой эле оюн, сейилдөө, экскурсия учурунда жана баланын күндөлүк турмушунда ишке ашырылат. Педагог курчап турган буюмдардын, жаратылыш кубулуштарынын өзгөчөлүктөрүнө балдардын көңүлүн дайыма буруп, аларды изилдөөгө, себеп-натыйжа байланыштарын аныктаганга кызыктыруу абзел.

Төмөндө сунуш кылынган сабактардын темалары дайыма эле өз ара байланыша бербейт. Алар «майда темалар» менен толукталды, бул педагогго сабактардын тематикасын тандоого чыгармачыл мамиле кылганга, өтүлгөн материалдарды кайталоо боюнча сабактарды өткөргөнгө, тигил же бул тема боюнча программалык милдеттерди ишке ашыруу ордун жана убактысын өз алдынча аныктаганга мүмкүнчүлүк берет, буга мезгилдик тематикалар: «жыл мезгилдери», «балдардын мезгилдик оюндары жана тамаша оюн-зооктору» кирбейт.

Айлана чөйрө менен тааныштыруу сабактары оюн түрүндө (саякат, укмуштуу окуялар ж.б.), дидактикалык, сюжеттик-ролдук оюндарды жана оюн ыкмаларын, көркөм адабий чыгармаларды, сүрөттөрдү, тапшырмаларды ж.б. пайдалануу менен өткөрүлөт. Бул материалдарды жана окутуу куралдарын педагог сабактын темасынын мазмунуна же алдыдагы экспериментке (тажрыйба) жараша өз алдынча тандайт. Мисалы, «суунун жана абанын касиеттери менен таанышуу». Изилдөө мүнөзүндөгү милдеттерди «илим борбору», «изилдөө борбору» ж.б. активдүүлүк борборлорундагы жабдууларды жана материалдарды пайдаланып, педагогдун балдар менен бирге ишке ашырганы жакшы болот.

## «Айлана чөйрө менен тааныштыруу» программасынын окуу планы

### Болжолдуу тематикалык план

| № | Мазмуну | Сааттардын саны |
|---|---|---|
| 1 | Саламатсыңбы, мектебим!<br>Жаңы достор менен таанышуу. Мектепке саякат.<br>Мектептеги жана класстагы жүрүм-турум эрежелери менен таанышуу. | 2 |
| 2 | Биз айылда (шаарда) жашайбыз. Районго саякат: көче, имарат, почта, бейтапкана, дүкөн.<br>Кечедегү жүрүм-турум эрежелери. | 2 |
| 3 | Жеке гигиена эрежелери. Тишти кандайча туура тазалаш керек жана колду эмне үчүн жууш керек?<br>Пайдалуу жана пайдасыз азыктар. Доктор Айболит деген ким? | 2 |
| 4 | «Сүйүктүү оюнчуктар» жармаңкеси. Оюнчуктарды кантип, эмнеден жасашат.<br>Элдик кол өнөрчүлөрдүн оюнчуктары. | 2 |
| 5 | «Үй-бүлө альбому». Менин үй-бүлө мүчөлөрүм. Үй-бүлөдөгү өз ара мамиле.<br>Конок тосуу. Жакшы кабыл алуу эрежелери. | 2 |
| 6 | Адамдын кесиптери. Ата-энемдин кесиби. Ким эмне кылат?<br>Куралдар – иштөө үчүн кимге, эмне керек болот? | 2 |
| 7 | Китепканачы жана окурман. Китепканадагы жүрүм-турум эрежелери.<br>Китептер – биздин жардамчыларыбыз жана досторубуз. Китепти кантип ремонттоо керек? | 2 |
| 8 | Алтын күз. Гербарий деген эмне?<br>Түшүм майрамы. | 2 |
| 9 | Музыкалык аспаптар. Элдик музыкалык аспаптар.<br>Оркестр деген эмне? Классикалык музыканы угуу. | 2 |
| 10 | Саякаттоо үчүн транспортту (суу, жер, аба, автомобиль жана темир жол; жөмөк транспорту) тандайбыз.<br>Транспортто жүрүү эрежелери. | 2 |
| 11 | Жайлоого саякат (жаратылыш жана андагылар, чоң адамдардын эмгеги).<br>Дары өсүмдүктөр деген эмне? | 2 |
| 12 | Биздин тоолор дүйнөдөгү эң кооз тоолор. Тоо кыркаларынын аттары. Картиналардын жана сүрөттөрдүн жардамы менен тоолорго саякаттайбыз.<br>Жаратылыш, өсүмдүктөр, тоодо жашагандар. | 2 |
| 13 | Почтого экскурсия. Почта кызматкерлери. Почтодогу жүрүм-турум эрежелери. «Менин дарегим» деген эмне?<br>Кат же телеграмма кандайча жөнөтүлөт. Гезит-журналдар кайдан келет, аларды ким жеткирет? | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 14 | «Сыйкырчы кыш». Кышкы паркка саякат (кыштын белгилери). Кышкы оюндар жана оюн-зооктор.<br>Буюмдардын үч абалын (суунун мисалында тажрыйба) изилдөө. | 2 |
| 15 | Чеберде конокто (чий, кийиз, керамика, металл, тери).<br>Кыргыз орнаментинин элементтерин тартуу. | 2 |
| 16 | Бишкек - Кыргызстандын борбор шаары. Кыргызстандын герби жана туусу. Театрлар жана музейлер. Бишкектин көчөлөрү. Бишкектин портфолиосу. | 2 |
| 17 | Кыргыз улуттук костюмунун тарыхы.<br>Улуттук костюмдун предметтерин тартуу. | 2 |
| 18 | Манас ким болгон жана эмне үчүн ал биздин сүйүктүү баатырыбыз?<br>«Манас» эпосунан үзүндүлөрдү окуу. | 2 |
| 19 | Ысык-Көлгө (сүреттер менен) саякат (жаратылышы жана андагылар).<br>Кумдун белгилерин жана өзгөчөлүктөрүн сыпаттоо. Чөл деген эмне? | 2 |
| 20 | Үй жаныбарлары: алардын балдары кайда жашайт, эмне менен тамактанат.<br>Үй жаныбарлары адамга кандай пайда келтирет?<br>Сүйүктүү үй жаныбары тууралуу сюжеттик аңгеме түзүү. | 2 |
| 21 | Жапайы жаныбарлар: кайда жашайт, эмне менен тамактанат.<br>Жапайы жаныбарлардын балдары («Түлкү бачикилери менен» сүрөтүн кароо). | 2 |
| 22 | Деңизде жашоочулар, балыктар.<br>Аквариум деген эмне?<br>Түстүү кагаздан аквариум жасоо (жамааттык иш). | 2 |
| 23 | Жаздын белгилери (жаратылыш кубулуштарын сыпаттоо). Талаада жаз. Чоң адамдардын эмгеги.<br>Нан кайдан келген. Жаз тууралуу табышмактар, макал-лакаптар. | 2 |
| 24 | Кыргызстанга саякат (жалпы түшүнүктөр).<br>«Глобус», «карта» деген эмне? Мактешүү жана сүрөт тартуу. | 2 |
| 25 | Биз дүкөнгө барабыз (сатуучу жана сатып алуучу, дүкөндөгү жүрүм-турум эрежелери, дүкөндүн түрлөрү, товарларды сатып алуу).<br>Жашылчалар, жемиштер кайдан келген. | 2 |
| 26 | Самын көбүктөрү.<br>Изилдөө сабагы. Суунун, абанын касиеттери. | 2 |
| 27 | Адашып кетсең, өзүңдү кандай алып жүрүшүң керек?<br>Коопсуз жүрүм-турум эрежелери. | 2 |
| 28 | Бизди курчап турган буюмдар. Идиш-аяк.<br>Эмерек (сөздөрдүн тематикалык топтору). | 2 |
| 29 | Курт-кумурскалар деген эмне? «Жандуу жаратылыштагы башкалардын арасынан карточка боюнча курт-кумурскаларды тап жана аларды ата» дидактикалык оюну.<br>Изилдөө сабагы. Көпөлөктөрдүн саякаты. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 30 | Саламатсыңбы жай. Жай айлары. Жайдын белгилери.<br>Кийим, бут кийим (мезгил боюнча). Карточкалар менен иштее. | 2 |
| 31 | Бакубат жашоо мүнезү эрежелери. «Дене тарбиянын пайдасы тууралуу» баарлашуу.<br>«Жайкы оюн-зооктор, оюндар, аларды атап, сыпатта» логиканы естүрүү оюну. | 2 |
| 32 | Мектепке даярданабыз. Л.Толстойдун «Филиппок» аңгемесин окуу.<br>«Мектеп буюмдары» дидактикалык оюну. | 2 |
| | ***Бардыгы*** | ***64*** |

## Окуу жылынын аягына карата базалык күтүлгөн натыйжалар

1. ***6 жаштагы баланын окуу аракеттери жана жетишкендиктери:***

- окууга кызыгат;
- маектешүү маданиятынын жана мектептеги, коомдук жайлардагы жүрүм-турум маданиятынын эрежелерин билет;
- тапшырманы аткарууда педагогдун керсетмелерүн аткарат;
- аныкталган эрежелерди сактаганды билет;
- коюлган суроолорго жооп бере билет;
- келип чыккан көйгөйдү же ага тааныш эрежени чоң адамдар менен талкуулайт;
- маектешүүнү колдой билет;
- сездү белбей, педагогду (теңтушун) аягына чейин уга алат;
- байкоо жүргүзген көрүнүшке карата суроолорду койгонду билет (кандайча? эмнеликтен? эмне үчүн?);
- суроо берип, аларга жооп берет (езү, ез үй-бүлесү ж.б. тууралуу);
- ез алдынча же педагогдун жардамы менен катаны таап, аны оңдойт;
- кызыктуу сабакты өз алдынча тандайт;
- биргелешкен ишмердикке катышат;
- теңтуштары менен мамиле түзет, класстан/тайпадан досторду тандайт;

- өзүнүн кызыкчылыктарын жалпы талаптарга жана түрдүү жагдайдагы (оюн, сабак ж.б. ишмердик процессиндеги) эрежелерге баш ийдирет;
- үлгү боюнча жана езүнүн каалоосу боюнча тапшырмаларды аткарат;
- тапшырманы аткарууда коюлган максатка умтулат;
- езүнүн ишмердигин акыркы натыйжага карата кеземелдейт;
- жөнекөй себеп-натыйжа байланыштарын аныктай алат;
- жаңы турмуштук жагдайларда этияттыкты сактайт;
- алынган билимди практикалык ишмердикте пайдалана билет жана үйренгөн эрежелерди сактай билет;
- китепке жана окуу куралдарына этият мамиле жасай билет;
- сабакта жана танаписте тартипти сактайт.

2. ***6 жаштагы балдардын предметтик билимдери, билгичтиктери, көндүмдөрү:***

- атын, атасынын аты-жөнүн, курагын билет;
- ата-энесинин аты-женүн, кесибин билет;
- муундардын туугандык байланышы жана ез ара байланышы тууралуу билет;
- негизги кесиптерди жана мугалимдин, китепканачынын, почточунун, дарыгердин, сатуучунун ж.б. аракеттерин билет;
- езүнүн шаарынын, айылынын, кечөсүнүн аталышын, үйүнүн (квартирасынын) номерин билет;
- ез мамлекетинин жана борбор шаарынын аттарын билет;
- Кыргызстандын мамлекеттик символикасын (герб, туу, гимн) билет;
- Манас – улуттук баатыр экенин билет;
- элдик кол енерчүлүктүн түрлерү тууралуу билет;
- сезүү органдарын жана алардын кызматтарын билет жана атайт (кез – көрет ж.б.);
- гигиена эрежелерин билет;
- суу менен абанын касиеттерин билет;

- буюмдун үч абалы (суунун мисалында) тууралуу билет;
- «глобус» жана «карта» эмне экенин, эмне үчүн керектигин билет;
- айрым өсүмдүктердүн аттарын билет;
- есүмдүктүн есүүсү үчүн зарыл шарттарды билет;
- дарактарды, бадалдарды атайт жана айырмалайт (кабыгы, жалбырагы, түшүмү боюнча);
- «гербарий» эмне экендигин, аны кантип түзүүнү билет;
- мезгилдик кубулуштардын белгилерин билет жана атайт;
- сутканын убактысын; жуманын күндөрүн; айлардын аттарын; жыл мезгилдерин билет жана атайт;
- үй жаныбарларынын жана жапайы жаныбарлардын, алардын балдарынын аттарын билет;
- жапайы жаныбарларды үй жаныбарларынан айырмалаган негизги белгилерди билет жана атайт;
- деңиз жаныбарлары, балыктар тууралуу жана «аквариум» эмне экенин билет;
- коопсуз жүрүм-турум эрежелерин (жолдо, тиричиликте, өзгөчө кырдаалдарда) билет.

## «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият» боюнча программа

### Предметтин максаттары жана милдеттери

Эне тил баланы төрөлгөнден баштап өмүр бою коштоп жүрмөкчү. Ошондуктан элибизде бөшик ыры ырдалып, ага чоң маани берилген. Анын максаты төрөлгөндөн баштап баланын жан дүйнөсүнө эне тилдин бай көркемдүгүн, кереметин сиңирүү болуп саналат.

Эне тил баланын жан дүйнөсүнүн ачкычы болуу менен анын дүйнө таанымы, рухании дүйнөсүнүн калыптануусу эне тил аркылуу ишке ашат. Эне тил аркылуу анын ой жүгүртүүсү, дүйнөгө болгон көз карашы калыптанат. Ошол эле учурда ой жүгүртүүнүн өсүшү баланын тилинин өркүндөшүнө алып келет.

***Кеп өстүрүү*** жана көркөм адабият предметинин негизги максаты балдардын оозеки кебин жана пикирлешүү маданиятын өстүрүү болуп саналат. Ал эми предмет боюнча

негизги милдеттер балдардын сөз байлыгын өстүрүү, аларда кептин грамматикалык жактан туура түзүлүшүн калыптандыруу, кепти туура айтууга көнүктүрүү, алардагы байланыштуу кепти калыптандыруу (диалог жана монолог), балдарды көркөм-адабий чыгармаларды кабыл ала билгенге үйрөтүү, алардын өзүнө болгон ишенимин бекемдеп, өз алдынчалуулугун, чыгармачылыгын өстүрүү аркылуу ишке ашырылмакчы.

***Сөз байлыгын өстүрүү.*** Балдардын таанып-билүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен турмуштук зарыл сөз байлыгын калыптандырууну көздөйт. Баланын кебинде күчөтмө, салыштыруу маанисиндеги сөздөрдү, синонимдерди, антонимдерди пайдалануусу эске алынат.

***Кептин грамматикалык*** жактан туура түзүлүшүн калыптандыруу кепте сөздөрдү маанисине ылайык туура пайдаланууну, сүйлөмдөрдү туура кура билүүнү камтыйт. Көпчүлүк учурда балдар сүйлөмдүн курулушу тууралуу грамматикалык толук билимге ээ болбосо да, алар башкаларды тууроо, турмуштук тажрыйбасын пайдалануу аркылуу туура сүйлөй алышат, айрым учурда туура эмес сүйлөп алган учурларын кайра оңдошот. Мына ушул эле тажрыйбанын натыйжасында алар кээде ката да кетиришет. Анткени чоң адамдар дайыма эле эрежелерди сактап туура сүйлөй бербейт эмеспи. Ошондуктан педагог балдарды туура, көркөм сүйлөөгө кызыктырып, колдоп турушу кажет.

***Кепти туура айтууга*** көнүктүрүү, кепти туура уга билип, туура сүйлөөнү, кебинде сөздөргө басымды туура коё билип, интонацияны, мимиканы ж.б. талапка ылайык пайдаланып, көркөм сүйлөй билүүнү өзүнө камтыйт.

***Байланыштуу кепти өстүрүү*** диалогдук жана монологдук кепти өстүрүү аркылуу ишке ашат. Диалог бул курактагы балдардын руханий өнүгүүсү үчүн зор роль ойнойт. Анткени диалог, эки тараптуу кеп аркылуу баланын ой жүгүртүүсү, кеби калыптанат.

Баланын инсанынын өнүгүшүндө көркөм адабият өзгөчө ролду ойнойт. Ал балдардын кебин өстүрүү менен алардын жан дүйнөсүнүн өнүгүшүгө, инсанынын калыптанышына, эстетикалык, көркөм табитинин өсүшүнө, көркөм адабияттын өзгөчөлүктөрү тууралуу түшүнүктөргө ээ болушуна жардам берет, китеп окууга болгон кызыгуусун арттырат.

Кеп өстүрүү жана көркөм адабият предметин өтүүдө аны башка предметтер менен байланыштыруу мүмкүнчүлүгү арбын. Айрыкча, музыкалык чыгармаларды колдонуу зарылчылыгы чоң. Анткени музыка бул программада өзүнчө предмет катары киргизилген эмес.

***Мектепке даярдоо топторундагы кеп өстүрүүнүн жана көркөм адабияттын өзгөчөлүктөрү:***

- Диалогго жана диалог түрүндөгү тексттерге кеп көңүл бурулат. Анткени диалог, эки тараптуу кеп аркылуу баланын ой жүгүртүүсү, кеби калыптанат;
- Балдардын курактык, эстетикалык, көркөм деңгээлин эске алып, текст менен иштөөнүн жөнөкөй ыкмалары кеңири колдонулат;

- Буюмдардын, жер-суу аттарынын келип чыгышына байланыштуу кызыктуу окуяларга кеңүл бурулат;
- Изденүүчүлүк, өз алдынчалуулук, өз күчүнө ишенүү жана чыгармачылык;
- Балдардын өзүнө болгон ишенимин бекемдеп, аларды изденүүгө, өз алдынчалыкка, чыгармачылыкка шыктандыруу зор мааниге ээ болот;
- Зарылчылыгына жараша музыкалык чыгармаларды пайдалануу зарыл, анткени бул предмет музыка сыяктуу эле балдардын эстетикалык, көркөм табитин калыптандырууга багытталган.

## «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият» боюнча окуу планы

### Болжолдуу тематикалык план

| № | Мазмуну | Сааттардын саны |
|---|---|---|
| 1 | **Саламатсыңбы, мектебим!**<br>Мектеп жана класс/тайпа менен таанышуу; Мугалим менен таанышуу; Классташтары, жаңы достор менен таанышуу. | 2 |
| 2 | **Менин үй-бүлөм.**<br>Өзү, үй-бүлөсү тууралуу баарлашуу; Туугандары тууралуу сүйлөшүү; (үй-бүлөлүк альбом же сүрөттөрдү пайдалануу).<br>Үй-бүлөлүк майрамдар, каада-салт, адаттар тууралуу маектешүү.<br>Ч. Айтматовдун «Чыпалак бала» чыгармасын окуу.<br>Байтемир Асаналиевдин «Апам жакшы баары бир» ырын окуу (бул ырга обон чыгарылган, обону – Шарипа Кемелгазиеваныкы). | 2 |
| 3 | **Менин үй-бүлөм.**<br>Үй-бүлөлүк майрамдар тууралуу маектешүү.<br>«Чамгыр» жомогун окуу жана драмалаштыруу. | 2 |
| 4 | **Күз.**<br>Күз тууралуу баарлашуу; «Кандай эле, кандай болуп калды» дидактикалык оюну (бак-дарактар жашыл эле – саргарып калды, мурда кичирээк болсо, эми андан чоңураак, бутактары ичкерээк болсо, жоонураак болуп калды ж.б.<br>Абзий Кыдыровдун «Жалгыз алма» ырын окуу.<br>Исабек Токтогуловдун «Дарбыз» аттуу ырын окуу. | 2 |
| 5 | **Күзгү айлар.**<br>Күз айлары тууралуу маектешүү. «Күз айлары» дидактикалык оюну.<br>Аалы Токомбаевдин «Кайсы кез» ырын окуу.<br>«Кыргыз жазуучулары – балдарга», «Китеп дүйнөсүнө саякат» серияларынан күз, эмгек, бышыкчылык тууралуу чыгармаларды окуу. | 2 |
| 6 | **Жашылча-жемиштер.**<br>«Укмуштуу баштык» дидактикалык оюну.<br>Муса Жангазиевдин жашылча-жемиштер тууралуу ырлар серияларынан окуу. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 7 | Жашылча-жемиштер тууралуу табышмактар; «Биз жашылча-жемишпиз» дидактикалык оюну.<br>«Кыргыз жазуучулары – балдарга», «Китеп дүйнесүне саякат» серияларынан жашылча-жемиштер тууралуу чыгармаларды окуу. | 2 |
| 8 | Оюнчуктар. «Менин сүйүктүү оюнчугум» маектешүүсү.<br>Таяныч сездердү пайдалануу менен, сүйүктүү оюнчук тууралуу кызыктуу окуяларды айтуу, ойлоп табуу.<br>Сооронбай Жусуевдин «Оюнчуктар» чыгармасын окуу. | 2 |
| 9 | Үй жаныбарлары жана канаттуулар.<br>Терт аяктуу досторум.<br>Акбар Рыскуловдун «Музоо капты» ырын окуу.<br>Үй жаныбарлары жана үй канаттуулары тууралуу маектешүү. | 2 |
| 10 | Үй канаттууларынын балапандары жана үй жаныбарларынын балдары. Үй жаныбарларынын аттарын, балдарынын аттарын атоо: кой-козу, уй-музоо, ж.б. Аларды сыпаттап, мүнездөмө берүү.<br>«Ким адашып калды?» дидактикалык оюну, жаныбарлардын балдарын таба-лы, алардын аттарын атоо.<br>Муса Жангазиевдин «Чымчыктарды сактайлы», Алыкул Осмоновдун «Чыйыр-чык» ырын окуу.<br>«Кыргыз жазуучулары - балдарга», «Китеп дүйнөсүнө саякат» серияларынан үй жаныбарлары жана үй канаттуулары, алардын балдары тууралуу чыгар-маларды окуу. | 2 |
| 11 | Жапайы жаныбарлар жана канаттуулар: Алар кайда жашашат, эмне менен тамактанышат, адамдар үчүн алардын пайдасы барбы? Пикирлешүү.<br>Чакан топтордо иштее.<br>“Биз аны билебиз”, “Кайсынысы ашыкча” дидактикалык оюндарын өткөрүү.<br>Лев Толстойдун “Карышкыр менен эчки” чыгармасын окуу.<br>Жапайы жаныбарлар менен канаттууларга байланыштуу табышмактарды окуу. | 2 |
| 12 | Курт-кумурскалар. Алар тууралуу пикирлешүү.<br>Алыкул Осмоновдун курт-кумурскалар тууралуу «Чымын-чиркей ырлары» сериясынан ырларды окуу.<br>Аалы Токомбаевдин «Аары» аттуу чыгармасын окуу.<br>Жолон Мамытовдун «Кумурска» аттуу ырын окуу.<br>Курт-кумурскалар тууралуу маектешүү. Алардын кандай пайдасы жана зыяны бар? | 2 |
| 13 | Кыш. Кыш айлары. Кыш тууралуу пикирлешүү.<br>Жаратылыш керүнүштерүн салыштыруу жана айырмалоо. Таяныч суроолор боюнча аңгеме түзүү.<br>Абдылда Карасартовдун «Кыш» аттуу ырын окуу.<br>Кыш тууралуу сүреттердү кароо. | 2 |
| 14 | Кыш тууралуу табышмактарды табуу, кыш тууралуу макал-лакаптар.<br>«Аяз ата тууралуу жомок жаратабыз» дидактикалык оюну.<br>Байтемир Асаналиевдин «Үшүйт деп…» аттуу ырын окуу. | 2 |
| 15 | Кышкы көңүл ачуулар. Таза абада кар менен ойноо, кар кишини жана кар сарайды куруу, чана тебүү. | 2 |
| 16 | Жаратылыш кубулуштары | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 17 | Жаратылыш кубулуштары | 2 |
| 18 | Идиш-аяктар жана тамактар. Маектешүү.<br>Идиш-аяктардын түрлөрү тууралуу сүйлөшүү.<br>«Даамдап көрүп билели» дидактикалык оюну (туздуу, ачуу, кычкыл, таттуу, даамдуу).<br>«Эмнеден жасалган» дидактикалык оюну. Сөздөрдү түзүү: айнек-айнектен, жыгач-жыгачтан, темир-темирден ж.б.).<br>«Азык-түлүк дүкөнү» сюжеттик-ролдук оюну. | 2 |
| 19 | Идиш-аяктар жана тамактар. Маектешүү.<br>Идиш-аяктардын түрлөрү тууралуу сүйлөшүү.<br>«Даамдап көрүп билели» дидактикалык оюну (туздуу, ачуу, кычкыл, таттуу, даамдуу).<br>«Эмнеден жасалган» дидактикалык оюну. Сөздөрдү түзүү: айнек-айнектен, жыгач-жыгачтан, темир-темирден ж.б.).<br>«Азык-түлүк дүкөнү» сюжеттик-ролдук оюну. | 1 |
| 20 | Эмеректер жана тиричилик техникасы. «Үйүбүздө эмне бар» дидактикалык оюну.<br>Сөздөрдү түзүүнү үйрөтүү: жыгач-жыгачтан, темир-темирден, пахта-пахтадан, жүн-жүндөн ж.б.).<br>Жомок жаратабыз. Тиричилик буюмдары тууралуу жомокторду ойлоп табуу. | 2 |
| 21 | Транспорт, анын түрлөрү, пайдасы тууралуу пикирлешүү<br>«Транспорт» дидактикалык оюну.<br>«Бул белги эмнени билдирет» оюну.<br>Таяныч сөздөрдү пайдаланып, транспорт тууралуу аңгеме жаратуу. | 2 |
| 22 | Ден соолук жана коопсуздук. Сүрөттөрдү пайдаланып, коопсуздук эрежелери тууралуу маектешүү.<br>Лев Толстойдун «Өрт өчүргүч иттер» чыгармасын окуу. | 2 |
| 23 | Бакубат жашоо образы: гигиена жана денени чыңдоо.<br>Корней Чуковскийдин «Мойдодыр» («Тешилгиче таза жуу)» чыгармасын окуу. | 2 |
| 24 | Жаз жана жаз айлары. Жаратылыш көрүнүштөрүн салыштыруу жана айырмалоо.<br>Таяныч суроолор боюнча аңгеме түзүү.<br>Байтемир Асаналиевдин «Гүлдөр» аттуу чыгармасын окуу.<br>Касым Тыныстановдун «Жаз» аттуу ырын окуу. | 2 |
| 25 | Жаз. Жаз тууралуу сүрөттөрдү кароо, эрте жаз менен кечки жазды салыштыруу;<br>Тоголок Молдонун «Жаз» аттуу ырын окуу.<br>«Нооруз» майрамы. Нооруз тууралуу маектешүү. Нооруз тууралуу кыска ырларды жаттоо. | 2 |
| 26 | Кийим жана бут кийим. Кездеменин жана кагаздын касиеттери менен таанышуу.<br>«Кийим эмнеден жасалат» дидактикалык оюну.<br>«Кийим дүкөнү» оюну.<br>«Куурчакты кийинтебиз» дидактикалык оюну (башынан баштап бутуна чейин). | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 27 | Каада-салт менен адаттар.<br>Үй-бүлелүк каада-салт менен адаттар.<br>Бешик той.<br>Алыкул Осмоновдун «Бешик ыры», элдик ырларды окуу.<br>Башка элдердин каада-салттары жана адаттары. | 2 |
| 28 | Каада-салт менен адаттар.<br>Тушоо той.<br>Тушоо тойго, балдардын келечегине байланыштуу чыгармалар. Шарипа Кемелгазиеванын «Чоңойгондо ким болом» ырларын окуу.<br>«Улууга – урмат, кичүүгө – ызат» макалы тууралуу маектешүү.<br>Башка элдердин каада-салттары жана адаттары. | 1 |
| 29 | Өсүмдүктер дүйнөсү. Өсүмдүктер тууралуу пикирлешүү.<br>Биз жашаган жердеги өсүмдүктөр, алардын пайдасы аттуу темада маектешүү.<br>Кызыл китеп деген эмне? Кызыл китепке кирген өсүмдүктер.<br>Сооронбай Жусуевдин «Байчечекей» ырын окуу. Бул ырга обон чыгарылган, обонунун автору – Шарипа Кемелгазиева. | 2 |
| 30 | Менин шаарым (айылым). Менин үйүм, кечем, мектебим, өлкөм.<br>Муса Жангазиевдин «Фрунзе шаары» ырын окуу.<br>Аалы Токомбаевдин «Кышта» аттуу ырын окуу. | 2 |
| 31 | Мекеним – Кыргызстан. Кыргызстандын гимни, желеги жана герби.<br>«Мекеним – алтын бешигим».<br>Сайнидин Ишеновдун «Мекеним» китебинен ырларды окуу.<br>Сүрөттөрдү пайдаланып Кыргызстан тууралуу аңгеме жаратуу. | 2 |
| 32 | Мекеним – Кыргызстан. Кыргызстандын атактуу, кооз жерлери. Мекен тууралуу макал-лакаптар.<br>Семен Чуйковдун «Менин Кыргызстаным» сериясынан сүрөттөрдү көрүү.<br>«Бала шаарды кантип сактап калды» аттуу кыргыз эл жомогун, Токтогул Сатылгановдун «Менин элим» чыгармасын окуу. | 2 |
| 33 | Жай келе жатат! | 1 |
| 34 | Өтүлгөн материалдарды кайталоо.<br>Мектепке даярданабыз. | 1 |
| | ***Бардыгы*** | ***64*** |

## Окуу жылынын аягына карата базалык күтүлгөн натыйжалар

1. ***6 жаштагы баланынын окуудагы аракеттери жана жетишкендиктери:***

- китеп окууга болгон кызыгуусу калыптанат;
- китепти тандоого карата өз оюу болуп, ага карата пикирин билдире алат;

- китепке аяр мамиле кылууну билет;
- башкалар менен аңгемелешүүдө өзүн кандай алып жүрүү туура болору тууралуу түшүнүгү болот;
- сылык жана одоно мамиле эмне экендигин билет;
- мектептеги күнүмдүк эрежелерди сактайт;
- сабак учурунда өзүн кандай алып жүрүү туура болорун билет;
- өз алдынча жана башка балдар менен бирге чакан топтордо, класс/тайпа боюнча биргелешип иштей алат;
- башкалар менен алака-мамиле түзүп, досторду тандай алат;
- дос, душман, жакшы, жаман тууралуу түшүнүгү, өз пикири болот;
- жекече, иштей алат;
- мектеп буюмдарына этияттык менен мамиле кылат;
- башкаларга суроо бере алат жана өзү суроолорго жооп берет;
- жөнөкөй себеп-натыйжага байланыштуу Эмне үчүн? деген суроолорго жооп бере алат;
- жөнөкөй чыгармаларды каармандары, көлөмү, кызыктуулугу боюнча салыштыра алат;
- мурда аткарылган иш-аракеттердин негизинде ага окшош, тааныш болгон жаңы иш-аракеттерди аткара алат;
- жөнөкөй тапшырмаларды өз алдынча аткара алат.

2. ***6 жаштагы баланын предметтик билимдери, билгичтиктери жана көндүмдөрү***

***Сөз байлыгын өстүрүү боюнча:***

- өз оюн билдирүү үчүн жетиштүү сөз байлыгына ээ болот;
- сабакта өтүлгөн, күнделүк турмушта пайдаланган жаңы сөздөрдү өздөштүрө алат;
- мурда пассивдүү колдонгон сөздөрдү кырдаалга жараша активдүү колдоно билет;
- синонимдердин, антонимдердин маанисин түшүнөт жана кебинде колдоно алат.

***Кептин грамматикалык жактан туура түзүлүшүн калыптандыруу боюнча:***

- кебинде сүйлөмдердү грамматикалык жактан туура кура билет;
- туура эмес сүйлеп алганын сезип, куруп алган сүйлемдерүн оңдоп кете алат;
- грамматикалык каталарга сын көз караштa мамиле жасайт;
- этиштен адистиктин аталышын айта алат (куру– курулушчу);
- сүйлегендө жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү кура алат.

***Кепти туура айтууга көнүктүрүү боюнча:***

- колдонгон сөздерүнүн маанисин аңдап-түшүнөт;
- одоно, адабий жактан туура эмес (диалект, жаргон) сөздердүн маанисин аңдап-түшүне билет;
- башкаларга сылык кайрылып, үнүн кетербестен, баарлаша алат;
- синонимдердин, антонимдерди кебинде колдонот.

***Байланыштуу кепти калыптандыруу (диалог жана монолог) боюнча:***

- суроолорду туура берип, суроолорго жооп бере алат;
- пикирлешүү учурунда маектешип жаткан адамын уга алат;
- курагына ылайык күлкүлүү окуяларды айта алат;
- кебинде синонимдерди, антонимдерди, күчөтмө сездердү пайдаланат;
- сүреттөрдүн негизинде сүйлөп, женекей сюжеттерди кура алат.

***Көркөм-адабий чыгармаларды кабыл ала билүү боюнча:***

- каармандарга мүнездөме бере алат;
- чакан адабий тексттердин мазмунун көркем, ырааттуу түрдө айтып бере алат;
- керкөм тексттердин маанисин айтып, аларга карата өз пикирин билдире алат;
- тексттерди окууда интонацияга маани берет;
- тексттеги каармандарга, алардын кылык-жоруктарына, жүрүм-турумуна карата пикирин билдире алат.

## Предметтин максаттары жана милдеттери

Сабат ачуу предметинин негизги максаты балдардын сабатын ачып, жөнөкөй сөздөрдү, сүйлөмдөрдү окуй алууга жетиштирүү менен алардын графикалык жазуу көндүмдөрүн өркүндөтүп, өзүнө болгон ишенимин бекемдеп, чыгармачылыгын, өз алдынчалуулугун өстүрүү болуп саналат. Ал эми предмет боюнча негизги милдеттер тыбыштарды өзүнче жана сөздө уга билүүгө, аларды айырмалоого жана аларга талдоо жасай алууга үйрөтүү, сүйлөмдү сөздөргө, сөздү муундарга, муундарды тыбыштарга бөлүп, кайра жыйноого жетиштирүү, сөздөрдү, жөнөкөй сүйлөмдөрдү окуй алууга жетиштирүү, баланын колун жазууга көнүктүрүү, балдардын өзүнө болгон ишенимин бекемдеп, өз алдынчалуулугун, чыгармачылыгын өстүрүүчү көнүгүүлөрдү, иш-аракеттерди аткартуу аркылуу ишке ашырылмакчы.

Бул курактагы балдардын сабатын ачуу алардын таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн өстүрүү менен балдардын ар тараптуу өнүгүүсүнүн негизин түзөт. Сабат ачууда аны башка предметтер менен жуурулуштурууга, ал боюнча сабактарды оюн түрүндө өткөрүү үчүн зор мүмкүнчүлүктөр бар.

Бул предметте балдарды тыбыштар, тамгалар менен тааныштыруу ирети тыбыштардын турмуштагы маанисине, тамгалардын элесинин бири-бирине окшоштугуна, жакындыгына негизделди. Мындай ыкма балдардын тамгаларды айырмалоого, салыштырууга, билүүгө болгон жөндөмүн арттырып, тамгаларга байланыштуу көнүгүүлөрдүн, оюндардын негизинде алардын өз алдынчалуулугу, чыгармачылыгы жана өзүнө болгон ишеними артмакчы.

Тамгалардын элесине негизделген ыкма боюнча иштелип чыккан усулдук топтом «Кызыктуу ынтымак тамгалар» (КЫТ), авторлору – М. Жигитова, А. Токтомаметов, Б. Субанова) деген ат менен Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясына караштуу Долбоорлорду башкаруу бөлүмү тарабынан «Кенже курактагы балдарды жамааттын деңгээлинде өнүктүрүү» долбоору аркылуу басылып чыгып, жер-жерлердеги бакча тарбиячыларынын жана окумуштуулардын жылуу колдоосуна ээ болгон. Бул топтом тууралуу маалымат усулдук колдонмодо кеңири берилмекчи.

Албетте, сабат ачуу боюнча материалдарды шартка жараша педагогдун өз издеөсүнө туура келет, аларды алууда мүмкүнчүлүктүн болушунда «КЫТ» топтомунун өзгөчөлүктөрүн колдонууга болот.

## 6 жаштагы балдарды окутуунун негизги маселелери:

- Материалдарды өтүүдө көптик байланышка өзгөчө басым жасалат. Ал эми грамматикалык эрежелер тууралуу сөз кылууда ал эрежелердин келип чыгуу зарылдыгына көп көңүл бурулат;

- Ар бир тыбышка, тамгага тиешелүү материалдарды өтүү ошол тыбыштан, тамгадан эмес, аларга байланыштуу болгон кеп өстүрүүдөн, кызыктуу окуялардан башталышы зарыл. Бул багытта тематикалык планга Тил эмне үчүн керек?

- Тыбыштын, тамганын келип чыгышы. Тыныш белгилердин зарылдыгы канчалык? Тыбыш мурда жаралганбы же тамгабы? Баш жана кичинекей тамгалар эмне үчүн керек? деген сыяктуу материалдар киргизилди;

- Тамгаларды берүү иретин аныктоодо алардын элесинин окшоштугу, жакындыгы эске алынды («КЫТ» топтому). Тамгалардын элеси менен иштөө балдар үчүн кызыктуу жана алардын өз алдынчалуулугун, өзүнө болгон ишенимин калыптандырып, чыгармачылыгын арттырууга зор салым кошот. Тамгалардын элесин турмуштан табуу, ар кандай буюмдардын жардамы менен алардын элесин жаратуу жана өздөрүнүн «тамга боло калышы» алар үчүн абдан кызыктуу болуп, аларды изденүүгө түртүп, чыгармачылыкка шыктандырат;

- Элеси окшош тамгаларды өтүүдө үнсүз, үндүү айкалышын дайыма колдонуу керек. Мисалы, «к» тамгасынын элеси көрсөтүлүп жатса, ага үндүү тамгаларды кошуп айтып, ачык муун түзүү иш-аракети дайыма эсте болушу абзел;

- Окуу программасында музыка предмети болбогондуктан, мүмкүнчүлүктүн болушунча балдардын курактык өзгөчөлүктөрүн туура келген музыкалык чыгармаларды пайдалануу зарыл.

## «Сабат ачуу» программасынын окуу планы

### Болжолдуу тематикалык план

| № | Мазмуну | Сааттардын саны |
|---|---|---|
| 1 | Пикирлешүү. Тил эмне үчүн керек? Оозеки жана жазуу кеби | 2 |
| 2 | Сөз жана сүйлөм. Тыныш белгилердин зарылдыгы канчалык? | 2 |
| 3 | Муун, анын түрлөрү | 1 |
| 4 | Тыбыштар. Үндүү жана үнсүз тыбыштар. Созулма үндүүлөр | 2 |
| 5 | Үндүү тыбыштар. Тыбыштардын музыкалуулугу | 1 |
| 6 | Үнсүз тыбыштар. Жумшак жана каткалаң үнсүз тыбыштар | 2 |
| 7 | Муунда үнсүз жана үндүү тыбыштардын катар келиши | 2 |
| 8 | Өтүлгөн материалдарды жалпылоо жана кайталоо | 1 |
| 9 | Басымдын мааниси. Үндөшүү талабы | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 10 | Тыбыштык талдоо | 2 |
| 11 | Тыбыш жана тамга. Тыбыштын жана тамганын келип чыгышы. Тыбыш мурда жаралганбы же тамгабы?<br>Алардын келип чыгышы боюнча оюндар | 2 |
| 12 | Тыбыш жана тамга.<br>Баш жана кичинекей тамгалар, алар эмне үчүн керек? | 1 |
| 13 | А тыбышы жана А а тамгасы | 2 |
| 14 | Созулма Аа аа тыбышы жана тамгасы | 1 |
| 15 | Өтүлгөн материалдарды жалпылоо жана кайталоо | 1 |
| 16 | О тыбышы жана О о тамгасы | 2 |
| 17 | Созулма Оо оо тыбышы жана тамгасы | 1 |
| 18 | Ө тыбышы жана Ө ө тамгасы | 2 |
| 19 | Созулма Өө өө тыбышы жана тамгасы | 1 |
| 20 | Ю тамгасы. Ёттошкон тамга деген эмне? | 2 |
| 21 | Тамгалар менен оюндар.<br>Өтүлгөн материалдарды жалпылоо жана кайталоо | 1 |
| 22 | П тыбышы жана П п тамгасы | 2 |
| 23 | К тыбышы жана К к тамгасы | 2 |
| 24 | Н тыбышы жана Н н тамгасы | 2 |
| 25 | Ң тыбышы жана ң тамгасы | 2 |
| 26 | Ж тыбышы жана Ж ж тамгасы | 2 |
| 27 | Ч тыбышы жана Ч ч тамгасы | 2 |
| 28 | Тамгалар менен оюндар.<br>Өтүлгөн материалдарды жалпылоо жана кайталоо | 1 |
| 29 | А тыбышы жана А а тамгасы (А баш тамгасынын элесине басым жасалат)<br>Л тыбышы жана Л л тамгасы | 2 |
| 30 | М тыбышы жана М м тамгасы | 2 |
| 31 | Д тыбышы жана Д д тамгасы | 2 |
| 32 | У тыбышы жана У у тамгасы | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 33 | Созулма Уу уу тыбышы жана тамгасы | 1 |
| 34 | Ү тыбышы жана Ү ү тамгасы | 2 |
| 35 | Созулма Үү үү тыбышы жана тамгасы | 1 |
| 36 | Тамгалар менен оюндар | 1 |
| 37 | Өтүлгөн материалдарды жалпылоо жана кайталоо | 1 |
| 38 | Т тыбышы жана Т т тамгасы | 2 |
| 39 | Б тыбышы жана Б б тамгасы | 2 |
| 40 | Г тыбышы жана Г г тамгасы | 2 |
| 41 | Ы тыбышы жана Ы ы тамгасы | 2 |
| 42 | ь,ъ тамгасы | 1 |
| 43 | Тамгалар менен оюндар | 1 |
| 44 | Өтүлгөн материалдарды жалпылоо жана кайталоо | 2 |
| 45 | С тыбышы жана С с тамгасы | 2 |
| 46 | Э тыбышы жана Э е тамгасы | 2 |
| 47 | Созулма Ээ ээ тыбышы жана тамгасы | 1 |
| 48 | Ё тамгасы | 1 |
| 49 | Х тыбышы жана Х х тамгасы | 1 |
| 50 | Тамгалар менен оюндар.<br>Өтүлгөн материалдарды жалпылоо жана кайталоо | 1 |
| 51 | И тыбышы жана И и тамгасы | 2 |
| 52 | Й тыбышы жана Й й тамгасы | 1 |
| 53 | Ш тыбышы жана Ш ш тамгасы | 1 |
| 54 | Щ тыбышы жана Щ щ тамгасы | 1 |
| 55 | Ц тыбышы жана Ц ц тамгасы | 1 |
| 56 | Тамгалар менен оюндар.<br>Өтүлгөн материалдарды жалпылоо жана кайталоо | 1 |
| 57 | З тыбышы жана З з тамгасы | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 58 | В тыбышы жана В в тамгасы | 2 |
| 59 | Р тыбышы жана Р р тамгасы | 1 |
| 60 | Ф тыбышы жана Ф ф тамгасы | 1 |
| 61 | Я тамгасы. Ёттошкон тамгаларды жалпылоо | 1 |
| 62 | Тамгалар менен оюндар.<br>Өтүлгөн материалдарды жалпылоо жана кайталоо | 1 |
| 63 | Жалпы материалдарды кайталоо | 2 |
| | ***Бардыгы*** | ***96 саат*** |

## Окуу жылынын аягына карата базалык күтүлгөн натыйжалар

1. ***6 жаштагы баланын окуудагы аракеттери жана жетишкендиктери:***

- окууга болгон кызыгуусу калыптанат;
- мектептеги күнүмдүк эрежелерди сактоону билет;
- сабак учурунда кандай отуруу, өзүн алып жүрүү туура болору тууралуу түшүнүгү болот;
- башка балдар менен биргелешип иштегенди билет;
- башкалар менен алака-мамиле түзүп, досторду тандай алат;
- жекече, чакан топтордо, жалпы иштей алат;
- мектеп буюмдарына этияттык менен мамиле кылат;
- башкаларга суроо берип, өзү суроолорго жооп бере алат;
- женекей себеп-натыйжага байланыштуу Эмне үчүн? деген суроолорго жооп бере алат;
- жаман-жакшы тууралуу өз пикири болот;
- буюмдарга, окуяларга карата өз пикирин билдирет;
- педагогдун курагына, мүмкүнчүлүгүнө ылайык берген көрсөтмөлөрүн аткарат;
- мурда аткарылган иш-аракеттердин негизинде ага окшош, тааныш болгон жаңы иш-аракеттерди аткара алат;
- женекей тапшырмаларды өз алдынча аткара алат.

2. ***6 жаштагы баланын предметтик билимдери, билгичтиктери жана көндүмдөрү:***

- үндүү жана үнсүз тыбыштарды айырмалап, аларды фишкалардын жардамы менен белгилей алат;
- жумшак жана каткалаң үнсүз тыбыштарды айырмалап, фишкалар менен белгилейт;
- тыбыштык талдоо жасайт;
- кыска жана созулма үндүүлөрдү айырмалай алат;
- сөздөгү, кептеги тыбыштарды угуп, бөлүп көрсөтө алат;
- тыбыштын жайгашуу ордун аныктайт;
- тыбыш менен тамганын жакындыктарын жана айырмачылыктарын талдай алат;
- тамга таанып, сөздөрдү, жөнөкөй сүйлөмдөрдү окуйт;
- сөздөрдү муунга бөлүп, муундардан сөз курай алат;
- сөз менен сүйлөмдүн карым-катышын жана айырмасын билет;
- калемди, калем сапты, кыл калемди туура кармаганды билет;
- штрихтер менен чийүүдө, сүрөттөрдү боёодо колун башкара алат;
- тамгалардын элементтерин жаза алат.

## «Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК) /Конструкциялоо» программасы

### Предметтин максаттары жана милдеттери

Математика 6 жаштан балдарды мектепке даярдоодо негизги багыттардын бири болуп саналат. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК) программасынын максаты – акыл-эс жөндөмдүүлүгүн, чыгармачыл активдүүлүктү, калыптандыруу, кругозорду өстүрүү, баланын интеллектин жана жеке сапаттарын өстүрүү. Математика боюнча сабактарда балдар көптүк, сан, көлөм жана предметтердин формасы тууралуу жөнөкөй билимдерге ээ болот, убакытка жана мейкиндикке ориентир алганды үйрөнөт. Алар эсептөө, түз жана көлөмдүү объектилерди шарттуу өлчөмдөрдүн жардамы менен өлчөө көндүмдөрүнө ээ болушат, чоңдук, бүтүн жана бөлүктөрдүн ортосундагы сандык катыштарды аныкташат. Баштапкыч

математикалык түшүнүктөрдү 6 жаштагы балдарда калыптандыруу, балдардын математикалык практикалык билимдерди жана билгичтиктерди (эсептөө көндүмдөрү, жөнөкөй математикалык иш-аракеттерди аткаруу ж.б.) өздөштүрүүсүнө жана аларды ар тараптуу өнүктүрүүгө багытталган.

***Коюлган максатка жетүү төмөнкү милдеттерди чечкенге жардам берет:***

- жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу;
- активдүү кепке математикалык терминдерди кошуу;
- балдарда конструкциялоонун негиздерин өнүктүрүү;
- логикалык жөндөмдүүлүктөрдү өстүрүү;
- көрүү жана угуу эс-тутумун өнүктүрүү;
- образдуу ой жүгүртүүнү калыптандыруу;
- талдап, салыштырып, жалпылап, топтоштура билүүнү калыптандыруу;
- чыгармачыл активдүүлүктү калыптандыруу;
- мектепке ийгиликтүү даярдануу үчүн зарыл билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу.

ЖМТКнын билим берүү милдеттерин ишке ашыруу балдардын математикалык ишмердигинин эки түрүн билдирет:

| | |
|---|---|
| ***Математикага чейинки:***<br>– салыштыруу;<br>– теңдөө;<br>– комплектилөө;<br>– логиканын жана математиканын элементтери. | ***Математикалык:***<br>– эсептөө;<br>– ченөө;<br>– чыгаруу. |
| ***Программанын милдеттерин ишке ашыруу усулдары жана ыкмалары:***<br>– практикалык (оюн);<br>– эксперимент жасоо;<br>– моделдөө;<br>– өзгертүп түзүү;<br>– конструкциялоо;<br>– калыбына келтирип түзүү. | ***Балдардын ишмердигин уюштуруу формасы:***<br>– жекече-чыгармачыл ишмердик;<br>– чакан топтогу (6 балага чейин) чыгармачыл ишмердик;<br>– окуу-оюн ишмердиги (таанып билүү оюндары, сабактары);<br>– физминуткалар. |

| ***Өнүктүрүүчү оюндарды уюштуруу формалары:*** | ***Дидактикалык оюндар:*** |
| --- | --- |
| – математикалык оюн-зооктор;<br>– тегиздикте моделдөөгө карата оюндар;<br>– баш катырма оюндар;<br>– кроссворддор;<br>– тамаша тапшырмалар;<br>– ребустар. | – сенсордук;<br>– моделдее мүнезүндөгү;<br>– балдарды окутуу үчүн педагог атайын ойлоп тапкан оюндар. |

«Мектепке чейинки билим берүү жана баланы кароо» мамлекеттик стандартынын негизинде иштелип чыккан ЖМТК боюнча программа биринчи класстагы «Математика» предметинин теменкү бөлүмдерү боюнча куррикулумунун предметтик компетенцияларынын ырааттуулугун билдирет:

***Көптүк.*** Балдарды көптүктү бириктирүү, толуктоо, көптүктүн туура бөлүгүнен алуу операцияларына жана кептүктер терминдерин, көптүктүн элементтерин ажырата алуу билгичтигине, ошондой эле аларды пайдаланганга көнүктүрүү. Көптүктү аталган сандагы топторго белүштүргенге үйретүү.

***Сан жана эсеп.*** Жыйырманын чегинде эсептее кендүмдерүн балдарга сиңирүү. Угуп саноо, сезип саноо, кеп сандан аталган сандагы буюмдарды алуу (көзүн ачып жана жумуп). Бирдей жана ар башка буюмдарды саноо билгичтигин енүктүрүү.

***Чоңдук.*** Салмакты сезүүсүн жана кез ченемин өнүктүрүү үчүн балдарды айланадагы буюмдардын узундугун, туурасын, бийиктигин, суюк жана куюлма нерселерди (шарттуу ченемдин жарамы менен) ченегенге үйретүү.

***Геометриялык фигуралар.*** Геометриялык фигуралар тууралуу балдардын түшүнүгүн кеңейтүү: үч бурчтук, квадрат, түз бурчтук, көп бурчтук, тегерек, сүйрү (овал), шар; аларга мүнөздүү белгилерди түшүнүүсүн калыптандыруу; бул геометриялык фигуралардын аттарын кебинде бекемдее. Бир канча үч бурчтуктан түрдүү кеп бурчтуктарды, тегеректин белүктөрүн түздүрүп, аларды формасы боюнча топторго бөлдүрүп, балдардагы буюмдардын формасын езгертүүгө болгон жендемдү өнүктүрүү.

***Мейкиндикте ориентир алуу.*** Балдардагы езүнүн айланасындагы буюмдардын жайгашкан жерин аныктай билүүсүн жана тескери жактарын табуу билгичтигин өнүктүрүү: оңдо - солдо, жогоруда – ылдыйда, жогорку жана төменкү бурчтар; барактын ортосу; барактагы керсөтүлген жерге бир нерсени жайгаштыруу.

***Убакытка багыт (ориентир) алуу.*** Убакыт тууралуу балдардын түшүнүктерүн енүктүрүү: сутка ичиндеги убакыт; сездерду туура пайдалануу: кечээ, бүгүн, эртең; жума ичиндеги күндердү, алардын иретин аныктаганга үйретүү. Сутканын белүктерүнүн мисалында убакытты сезүүсүн енүктүрүү.

***Конструкциялоо.*** Балдарды даяр үлгү менен иштегенге үйрөтүү; кагаздан келемдүү фигураларды түзүү; бир фигурадан башкасын жасоо; форманы бир канча тең бөлүктерге бөлүү, ал эми бөлүктөрдөн бүтүн форманы чогултуу; баракты эки, төрт, ар кандай багыттарда бүктөө; жаратылыш материалдарынан ар кандай буюмдардын моделин түзүп, даярдоого тартуу; кагазды бүктөө, ороо аркылуу түрдүү нерселерди жаратуу. Предметти конструкциялоону практикалык багыттан туруп талдоого балдарды көнүктүрүү (формалардын, өлчөмдөрдүн, бөлүктөрдүн ордунун шайкеш келүүсүн аныктоо). Балдарды жаратылыш материалдарынан адамдардын, жаныбарлардын, канаттуулардын фигураларын жасаганга, образга көркөмдүк бергенге үйрөтүү.

6 жаштагы балдарды математиканын негиздерине окутуп жатып, педагог чыгармачылыгын көрсөтөт жана окутуу процессин активдештирүүчү оюндар, оюн көнүгүүлөрү менен байытат, окуу процессин баланы өзүнө тартып тургандай жана кызыктуу кылат. Өзүнүн мазмуну жана формасы боюнча оюндар жана оюн көнүгүүлөрү ар кандай болушу мүмкүн, бирок алар балдардын сандардын көптүгүн жана геометриялык фигураларды ажыратуу, бөлүп көрсөтүү, атоо боюнча тажрыйбасын камсыз кылышы керек. Мындай көнүгүүлөр жаңы математикалык билимдерди калыптандырганга жардам берет, балдарды математикалык аракеттердин ыкмалары менен тааныштырат.

Балдарды оюндун жардамы менен математиканын негиздерине окутуп жатып, оюн ишмердигинен алынган кубаныч акырындык менен окуу бактысына өткөндөй кылганга тырышуу абзел. Колдон келсе, балдарга мелдештин элементтери менен тапшырмаларды берүү кажет.

Оюн ыкмалары жана оюндар төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт: дидактикалык оюндар жана дидактикалык көнүгүүлөр; математикалык көңүл ачуулар (баш катырмалар, ребустар, лабиринттер, буюмдардын тегиздиктеги кебетелерин түзүү боюнча оюндар ж.б.). Алар мазмуну боюнча кызыктуу, формасы боюнча балдарды иштетип, чечимдин өзгөчөлүгү менен айырмаланышат. Математикалык оюн – көңүл ачуулардын арасында геометриялык фигуралардын атайын топтомунан предметтердин, жаныбарлардын, канаттуулардын, үйлөрдүн тегиздиктеги кебетесин түзүү боюнча оюндар өзгөчө орунду ээлейт. Мында геометриялык фигуралардын топтомун каалагандай албастан, фигуранын тиешелүү образы түрүндө кесилгендей болушу зарыл: квадрат, түз бурчтук, тегерек же овал. Фигураларды түзүү процесси, иштин натыйжасы (үлгүдөгүдөй же ойлогондой түзүү) балдарды өзүнө тартат, ал тургай, мындай оюндарды («Танграм», «Пифагор») даярдоого өзүнүн катышуусуна мүмкүндүк берет.

Кызыктуу математикалык оюндарга «баш катырма» – тапшырма да тиешелүү, жоопту же чечимди табуу үчүн бала логикалык ой жүгүртүүлөрдүн чынжырчасын кура тургандай түзүлүшү абзел. Баш катырмалар төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

арифметикалык *(сандарды табуу);* геометриялык *(кагазды кесүү, зымдарды ийүү);* тамгалык *(анаграммалар, кроссворддор, шарадалар),* алар 6 жаштагы балдардын кыялдануусун жана элестетүүсүн өнүктүрүүгө багытталган. Математикалык окутуучу, өстүрүүчү оюндар жана тапшырмалар көздүн эс-тутумун жана кабыл алуусун, кадамдарды, жүрүштөрдү карап көзөмөлдөөнү өнүктүрүүгө жардам берет, булардын жардамы менен бала керектүү предметти же чыгууну (лабиринт) издеп табат.

6 жаштагы балдар үчүн абдан кызыктуу логикалык тапшырмалардын бири көрсөтмөлүү картиналардан турган «ребустар». Анын бир топ татаал түрү «математикалык ребус»-табышмактар, аларда математикалык эсептөөлөр болуп, сандар жылдызчалар же тамгалар менен алмаштырылган. Математикалык оюндар көңүл ачуулар катарында «табышмактарды» жана «тамаша тапшырмаларды» пайдаланууга болот. Алардын максаты балдарды активдүү акыл-эс ишмердигине тартуу, негизгини бөлө билүүсүн, математикалык мамилелерди жана касиеттерди аныктай билүүсүн өнүктүрүү болуп саналат, аларды чечүү үчүн тапкычтык, зиректик, юморду түшүнүү талап кылынат.

Окутуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында өстүрүүчү оюндар менен катар *«көчүрүп тартуу»* жана *«тартып бүтүрүү»* графикалык тапшырмалары пайдаланылышы мүмкүн.

*«Көчүрүп тартуу»* – бул үлгүдөгүнү так берүү билгичтигин өнүктүрүү үчүн картиналардан, оюулардын үлгүлөрүнөн, геометриялык фигуралардан көчүрүп тартуу.

*«Тартып бүтүрүү»* балдардагы графикалык жактан бүтпөгөн фигураларды, картиналардын жетишпеген бөлүктөрүн ж.б. бүтүрүү билгичтигин өнүктүрүүнү билдирет. Мындай ишмердик 6 жаштагы балдардын акыл-эс ишмердигин активдештирет, математикалык материалдарга болгон кызыгуусун арттырат, математикалык түшүнүктөрүн тереңдетет.

## «Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК)/ Конструкциялоо» окуу планы

*Эскертүү*

Ар бир теманы үйрөнүүгө педагог тарабынан (өзүнүн чечкени боюнча) теманы толук өздөштүрүү үчүн зарыл сабактардын саны аныкталат, мында материалдын мазмуну жана татаалдык деңгээли эске алынат. Педагог темалардын иретин да өз алдынча аныктайт, өздөштүрүү үчүн татаал темаларды бир нече жолу кайталоону (бекемдөөнү) пландайт.

## *Болжолдуу тематикалык план*

| № | Мазмуну | Сааттар-дын саны |
|---|---|---|
| 1 | **1. Математика тууралуу кириш маек.**<br>**2. «Түстөр дүйнөсүндө».**<br>Күн желенин негизги түстөрүн атап, айырмалаганга, түстүү заттарды күн желенин түстөрүнө окшоштурууга үйрөтүү. | 1 |
| 2 | **Сан жана эсеп.**<br>Айланадагы абалдан көрсөтүлгөн заттардын аттарын атап, санын табуу. «Бир жана көп» деген түшүнүктөрдү берүү. | 1 |
| 3 | **Сан жана эсеп. Конструкциялоо.**<br>Ар кандай өлчөмдөгү заттардын топторунун теңдигин аныктаганга үйрөтүү жана заттардын саны алардын өлчөмүнөн көз каранды эмес экендиги тууралуу түшүнүктү калыптандыруу. Квадраттардан мунара курдуруу. | 1 |
| 4 | **Геометриялык фигуралар.**<br>Үч бурчтук геометриялык фигура менен тааныштыруу аны тегерек менен салыштыруу. | 1 |
| 5 | **Мейкиндикте багыт алуу.**<br>Балдарды барактын үстүндө багыт алганга үйрөтүү: «жогорку сол жана оң бурчтар»; «төмөнкү сол жана оң бурчтар». «Борбор» деген түшүнүктү калыптандыруу үчүн барактын борборуна шар тарттыруу. | 1 |
| 6 | **Көлөм. Конструкциялоо.**<br>Көлөмү жана түсү боюнча заттардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын табууга үйрөтүү жана аларды ар кандай жол менен тиздирүү. | 1 |
| 7 | **Мейкиндикте багыт алуу. Сан жана эсеп.**<br>Барактын белгилүү бир бөлүгүндө жайгашкан окшош заттарды табууга, алардын жайгашуу ордун жана санын эстеп калууга балдарды үйрөтүү. | 1 |
| 8 | **Сан жана эсеп.**<br>Балдарда эсептее кендүмдерүн енүктүрүү, ар кандай заттардын тең санын аныктоо билгичтиктерин калыптандыруу жана аларды кебинде чагылдыруу. Мисалы, Кайсы жашылчалар канчага көп, аз?<br>Алардын саны бирдей (тең) болуш үчүн эмне кылуу керек? ж.б. | 1 |
| 9 | **Конструкциялоо.**<br>Формасына карата заттарды табууга, ак жана кара майда квадраттардан шахмат тактайчасын жасоого балдарды машыктыруу.. | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 10 | **Сан жана эсеп.**<br>Бүтүндү эки тең бөлүкке бөлүү (суюк жана себеленүүчү заттар). Сууну 2 стаканга кандайча куюштуруп бөлүүгө болорун түшүндүрүү. | 1 |
| 11 | **Көлөм.**<br>«Чоң», «орто», «кичине» деген математикалык түшүнүктөрдү пайдалануу менен заттарды көлөмүнө карата салыштырып, ченегенге үйрөтүү. Кутучаларды пайдалануу менен алардын көлөмдөрүнө жараша ажыратууга көндүрүү. | 1 |
| 12 | **Геометриялык фигуралар. Конструкциялоо.**<br>Овал тууралуу түшүнүктөрүн калыптандыруу: овал менен тегеректи айырмалоо. Даяр оюмдар менен иштетүү. | 1 |
| 13 | **Мейкиндикте багыт алуу.**<br>Заттардын жайгашкан ордун аныктаганга үйрөтүү: алдыда, артта, солдо, оңдо. Мисалы: Кимден кийин ким турат? Доска кайда жайгашкан? ( эшик ж. б.) | 1 |
| 14 | **Сан жана эсеп.**<br>Ар кандай заттарды белгилерине карата туура топтоштурууга жана аларды сызыктар менен туташтырууга балдарды үйрөтүү. | 1 |
| 15 | **Көлөм. Конструкциялоо.**<br>Предметтерди узундугу боюнча салыштыра билүүсүн өнүктүрүү. Бөлүктөрдү ар кайсы тарабына жайгаштырганга үйрөтүү. Мисалы: Кайсы бутак эң узун? Кайсы бутак баарынан кыска? Ширеңкенин чийлеринен бутак түздүрүү. | 1 |
| 16 | **Сан жана эсеп.**<br>Көрсөтмө материалга таянуу менен, «катар сандарды» салыштыруу билгичтигин калыптандыруу. Кайсы заттардын көп, (аз) экенин ажыратууга, канткенде аларды теңдегенге болоруна үйрөтүү. | 1 |
| 17 | **Сан жана эсеп.**<br>Заттардын саны алардын формасынан, жайгашкан ордунан көз каранды эмес экендиги тууралуу түшүнүктөрдү калыптандыруу; балдарды ар кандай жайгашкан түрдүү заттардын бирдей санын тапканга жана аларды теңдегенге үйрөтүү. | 1 |
| 18 | **Геометриялык фигуралар.**<br>**Конструкциялоо.**<br>Геометриялык фигураларды атаганга жана алардын мейкиндиктеги ордун туура аныктаганга, квадраттар менен үч бурчтуктардан үй курдуруу. | 1 |
| 19 | **Сан жана эсеп.**<br>**Мейкиндикте багыт алуу.**<br>Эсептөөнүн ыктарын өнүктүрүү менен бир нерсенин бетине заттарды жайгаштыруу ыкмаларын балдарга калыптандыруу. Мисалы: Кызыл топчуну барактын ортосуна, сары топчуну барактын өйдөкү оң бурчуна, жашыл топчуну барактын ылдыйкы сол бурчуна жайгаштыртуу. | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 20 | **Сан жана эсеп.**<br>Белгиленген заттарга караганда оюнчуктардын санын бирге кеп же бирге аз кылып аныктоону балдарга үйретүү. | 1 |
| 21 | **Конструкциялоо.**<br>**Жаратылыш материалдарынан (таруу, сөөк), кездемеден кагаздан конструкциялоого үйрөтүү.**<br>Ширеңкенин чийлеринин жардамы менен столдун бетине отургучтарды түзүп, аларды ар кайсы багытты каратып коюштуруу ыктарына кендүрүү | 1 |
| 22 | **Мейкиндикте багыт алууу.**<br>**Геометриялык фигуралар.**<br>Биринин жанына бирин келтирип, геометриялык фигураларды эки катар жайгаштыруу билгичтиктерин калыптандыруу. Мисалы: чоң квадраттардын алдына, кичинекей квадраттардын сүрөтүн тартып, аларды салыштырууга үйретүү. | 1 |
| 23 | **Мейкиндикте багыт алуу.**<br>«Алдыга», «артка», «оңго», «солго» деген сөздердү пайдалануу менен заттын багытын езгертүү билгичтигин енүктүрүү.<br>Ар кандай оюнчуктарды пайдалануу. | 1 |
| 24 | **Геометриялык фигуралар.**<br>**Конструкциялоо.**<br>Алдын ала даярдалган геометриялык фигуралардан (үч бурчтук, терт бурчтук, квадрат) башка фигураларды түзгенгө үйрөтүү. Кагаз менен иштин еркүндетүү: баракты 2,3,4 бкт. Барактан самолет жасатуу. | 1 |
| 25 | **Сан жана эсеп.**<br>Топтордун санын жана топтордогу заттардын санын аныктоо билгичтигин калыптандыруу. Керестме куралдан кийимдерди, жашылчаларды жана оюнчуктарды топтоштуруп сандарын салыштырууга үйретүү. | 1 |
| 26 | **Геометриялык фигуралар.**<br>**Көлөм.**<br>Тегеректин бөлүктерүнен тегеректи түзгенгө үйретүү. Кандай бөлүктөрден түзүлерүн түшүндүрүү. | 1 |
| 27 | **Конструкциялоо.**<br>Заттын түзүлүшүнүн багыты боюнча балдарды талдоого көнүктүрүү (бөлүктөрдүн формасынын, көлөмүнүн, жайгаштыруу ордун аныктоо). Ширеңкенин чийлеринен татаал формадагы фигураны үлгүгө карап түздүрүү. | 1 |
| 28 | **Логикалык ой жүгүртүүнү өстүрүүгө карата тапшырмалар.**<br>«Өз лабиринтинен ким тезирээк етөт» математикалык оюну. | 1 |
| 29 | **Сан жана эсеп.**<br>Иреттик сан атоочтун маанисин үйретүү жана ирети менен эсептөө көндүмдерүн калыптандыруу. Солдон оңго карай санатуу. | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 30 | **Конструкциялоо.**<br>Бүтүнду 2 жана андан көп бөлүккө бүктөп бөлгөнгө үйрөтүү. Кесилген тасма тилкелеринен ар түстөгү чынжырды жасатуу. | 1 |
| 31 | **Геометриялык фигуралар.**<br>**Балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн калыптандыруу.**<br>Балдардын логикалык жөндөмүн өнүктүрүү. Формасы боюнча «бирдей» - «ар башка», түсү боюнча «бирдей» – «ар башка» түшүнүктөрүн пайдалануу менен, түрдүү белгилери (түс, чоңдук, форма) боюнча геометриялык фигураларды топтоштурганга үйрөтүү. | 1 |
| 32 | **Сан жана эсеп.**<br>Жөнөкөй математикалык терминдерди активдүү кепке киргизүү. Балдардын кебинде «чейин», «кийин» деген сөздөрдү пайдалануу билгичтигин өнүктүрүү. Сандарды көбөйүү иретинде, андан кийин азайуу иретинде айттыруу. | 1 |
| 33 | **Конструкциялоо.**<br>Балдарга өз алдынча бир нече фигуралардан башка фигураларды түзүүнү калыптандыруу. Кагаздан кесилген эки окшош үч бурчтуктардан төрт бурчтук куратуу. | 1 |
| 34 | **Сан жана эсеп.**<br>Сандардын ортосундагы өз ара кайра байланыш тууралуу балдардын түшүнүктөрүн өнүктүрүү. Мисалы: 6 саны 5 санынан көппү же азбы? 5 саны кайсы сандан көп, кайсы сандан аз? | 1 |
| 35 | **Сан жана эсеп.**<br>2 кичинекей сандан турган бир чоң сандын курамы менен тааныштыруу. Мисалы: Отургучта канча кыз бала, канча эркек бала отурат? Баардыгы отургучта канча бала отурат? | 1 |
| 36 | **Сан жана эсеп. Конструкциялоо.**<br>Балдарды көптүктөрдүн тең экендигин жана тең эместигин көргөнгө үйрөтүү. Түзүлүп жаткан заттын үлгүсү катары реалдуу буюмду пайдаланганга үйрөтүү. Мисалы: карандаш менен эсептөө таякчаларынын санын салыштыруу. Карандаштардан дубал курдуруу. | 1 |
| 37 | **Мейкиндикте багыт алуу.**<br>**Графикалык көндүмдөр.**<br>Чакмак кагазда жалпак жана тик тилкени тапканга үйрөтүү; графикалык көндүмдөрүн калыптандыруу. | 1 |
| 38 | **Талдоо, салыштыруу, жалпылоо, топтоштуруу билгичтигин калыптандыруу.**<br>Бөлүп көрсөтүлгөн белгилердин негизинде предметтерди өз оюнда топторго бириктирүү билгичтигин өнүктүрүү. Мисалы: Алма, алмурут, сабиз кандай формада? Дагы кандай белгилерине жараша топтоштурса болорун түшүнүдүрүү. | 1 |

<table>
<tr><td>39</td><td>Математикалык оюн көнүгүүлөр.<br>Эсептөе таякчаларынын жардамы менен бир кеп бурчтукту «жылдызча» түзүү, езгертүү билгичтиктерин калыптандыруу.</td><td>1</td></tr>
<tr><td>40</td><td>Викторина сабагы.<br>Жандырмагын таап, торчолорду белгилетүү.<br>Математикалык кроссворддорду чечүү үчүн, балдардын чыгармачыл ишмердигин жана командада (чакан топто) иштей билүүсүн енүктүрүү.<br>Жандырмагын таап торчолорду белгилетүү.<br><table><tr><td></td><td></td><td></td></tr><tr><td></td><td></td><td></td></tr></table><br>Бул сулуунун аты бирдик же бир.<br>Бул мырзанын аты жен гана…<br>Ак куу сүзет келмөде керемет бакта,<br>Карачы, ал окшош… деген санга.<br>Зыңкыйган солдаттай берет керк,<br>Бул сандын аты …<br>Куйруктуу бул торопой,<br>Сан тура … деген.<br>Тумшугу учтуу бул … деген сан белем?<br>Керемет бул белги! Орокпу же илмекпи?<br>Же чемүчпү? Жок!<br>Бул … деген сан эмеспи!</td><td>1</td></tr>
<tr><td>41</td><td>Убакытта багыт алуу.<br>Жыл мезгилдеринин ырааты тууралуу түшүнүктөрдү калыптандыруу; «мезгил» түшүнүгү менен тааныштыруу.<br>Жыл мезгилдерине жараша дарактардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын ажыраттыруу.</td><td>1</td></tr>
<tr><td>42</td><td>Геометриялык фигуралар.<br>Конструкциялоо.<br>Геометриялык фигураларды (шар, куб) сыпаттаганга балдарды үйретүү. Даяр кубиктерден пирамида курдуруу.</td><td>1</td></tr>
<tr><td>43</td><td>Убакытта багыт алуу.<br>Сутканын бөлүктөрү – күн, түн менен тааныштыруу; убакыт жөнүндөгү түшүнүктөрүн калыптандыруу. Сутканын бардык бөлүктөрү тууралуу балдардын билимдерин жалпылоо.</td><td>1</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| 44 | **Көлөм.**<br>Айланадагы ар кандай заттарды салыштырганга үйрөтүү; балдардын кебин, «калың», «жука», «калыңдыгы боюнча бирдей», «жеңил», «оор», «салмагы бирдей» түшүнүктөрү менен байытуу. | 1 |
| 45 | **Конструкциялоо.**<br>Бүтүн кагазды 2 жана андан көп бөлүккө бүктөп бөлгөнгө жана кескенге үйрөтүү. Кесилген тасма тилкелеринен ар түстөгү чынжырды жасатуу.<br>Тилке канча бөлүккө бөлүнгөн? Бул бөлүктөр теңби? Бүтүн тилке чоңбу же анын бирдей эки бөлүктүн бири чоңбу? Балдарга тегерек, квадрат кестирип аларды бүктөтүү. | 1 |
| 46 | **Мейкиндикте багыт алуу.**<br>Мейкиндик мамилелерин: «үстүндө, жогоруда, алдында» айырмалаганга жана атаганга үйрөтүү. Мисалы: дарактын үстүндө эмнелер тартылган? Дарактын астында эмнелер тартылган? ж.б. | 1 |
| 47 | **Логикалык ой жүгүртүүнү өстүрүүгө карата көнүгүүлөр.**<br>«Кимдин үйү каерде?» математикалык оюну. | 1 |
| 48 | **Геометриялык фигуралар.**<br>**Конструкциялоо.**<br>Квадрат жана тик бурчтук геометриялык фигуралары менен тааныштыруу. Балдарды тик бурчтуктарды ороп, бүктөп майда-барат заттарды, бир нерселерди жасаганга үйрөтүү. | 1 |
| 49 | **Арифметикалык аракеттер.**<br>Каалаган санды бирге көбөйткөндө кийинки сан келип чыгарын түшүндүрүп, балдардын маселелерди өз алдынча чечүү көндүмдөрүн өнүктүрүү. Мисалы:<br>4-кө 1-ди кошсо канча болот?<br>5-ке 1-ди коншсо канча болот? ж.б. | 1 |
| 50 | **Сан жана эсеп.**<br>Заттардын топторун эсептеп «теңдик» – «тең эместик» түшүнүктөрүн калыптандыруу. Мисалы: сүрөттө канча улак жана канча топ бар? Топтор баардык улактарга жетеби? | 1 |
| 51 | **Көлөм. Конструкциялоо.**<br>Көлөмдөрдүн ортосундагы мамилелерди аныктоо боюнча маселелерди чечкенге үйрөтүү. «Спортчулар» математикалык оюну. Кагаздан тилкелерди (спортчулар) кесип алып бойлоруна жараша тиздирүү. | 1 |
| 52 | **Убакытта багыт алуу.**<br>**Сан жана эсеп.**<br>Балдарды жуманын күндөрү менен тааныштыруу. Күндөрдү цифра менен белгилегенге үйрөтүү. | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 53 | **Сан жана эсеп.**<br>Ирettik сандардын маанисин ачып берүүсүн; катар сандарды эсептөө көндүмдөрүн калыптандыруу. Мисалы: акыркынын аягындагы кайын эсеби боюнча канчанчы? Эң бийик дарак канчанчы? ж.б. | 1 |
| 54 | **Конструкциялоо.**<br>Геометриялык фигуралардан үлгү боюнча үйдүн элесин түзгөнгө үйрөтүү. | 1 |
| 55 | **Көлөм.**<br>Чоңдукту ченее тууралуу билимдерин жана түшүнүктөрүн калыптандыруу.<br>Бирине-бирин коюу, жанаштыруу аркылуу заттарды салыштырганга үйрөтүү. | 1 |
| 56 | **Арифметикалык аракеттер.**<br>**Графикалык көндүмдөр.**<br>Балдардын маселелерди чече билүүсүн жана ага кызыгуусун енүктүрүү;<br>бир топтогу фигуралардын башкасынан өзгөчөлөнгөн белгилерин табуусун;<br>ашыкча же жетишпеген бөлүктү (тартып бүтүрүү же көчүрүп тартуу аркылуу) издөөсүн өнүктүрүү. | 1 |
| 57 | **Сан жана эсеп.**<br>**Конструкциялоо.**<br>Заттардын арасында ар кандай интервал болгон учурда предметтердин «теңдигин» жана «тең эместигин» аныктаганга үйрөтүү. Балдарды графикалык образды бириктиргенге, синтездегенге үйрөтүү. Кагаздан көлөмдүү көпөлөкөтрдү жасатуу. | 1 |
| 58 | **Көлөм.**<br>Балдардын «шарттуу ченем» тууралуу түшүнүктөрүн калыптандыруу. Шартуу ченеенүн жардамы менен суюк жана себеленүүчү телолордун көлөмүн ченегенге үйрөтүү. | 1 |
| 59 | **Көлөм.**<br>«Шарттуу ченем» түшүнүгүн бекемдөө жана балдарды заттын «бийиктигин», «туурасын» «узундугун» ж.б. боюнча салыштырганга; заттарды шарттуу ченемдердин жардамы менен ченегенге үйрөтүү. | 1 |
| 60 | **Сан жана эсеп.**<br>**Конструкциялоо.**<br>Эсептөөнүн негизги эрежелери тууралуу түшүнүктөрдү калыптандыруу.<br>Балдарды өз алдынча фигураларды тигинен куруугa, тургузууга көндүмдөрүн еркүндөтүү.<br>Түстүү кагаздын ар кандай узундуктагы тилкелеринен пирамида курдуруу. | 1 |
| 61 | **Мейкиндикте багыт алуу.**<br>Заттарды ар кандай жайгаштырып, алардын арасындагы мейкиндик мамилелерин: «алдында», «артында», «ортосунда» аныктоого үйрөтүү. Мисалы: балаты менен кызгалдак үйдүн кайсы жагында өсүп турат? | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 62 | **Көлөм.**<br>Көрсөтүлгөн өлчөмдөгү заттарды табуу жана алардын катышын аныктоо билгичтигин бекемдөө: «узунураак – кыскараак»; «жоонураак – ичкерээк»; «жапызыраак – бийигирээк»; «калыңыраак – жукараак». | 1 |
| 63 | **Сан жана эсеп.**<br>**Конструкциялоо.**<br>Эсептөө көндүмдөрүн бекемдөө. Түрдүү багытта: «солдон оңго», «оңдон солго», «жогорудан төмөнгө», «төмөндөн жогоруга» санаганга үйрөтүү. Ширеңкенин чийлеринен үлгү боюнча текче куратуу. | 1 |
| 64 | **Маселелерди чечүү.**<br>Балдардын арифметикалык аракеттердеги көндүмдөрүн калыптандыруу. Аларды каалаган санды бирге азайтканда ага чейинки сан чыгары тууралуу түшүнүк менен маселелерди чечкенге үйрөтүү.<br>Мисалы: ак гүлдөр канча, көк гүлдөр канча? Эгерде 8ден 1да алса канча калат? 7ден 1ди алса канча калат? ж.б. | 1 |
| 65 | **Мейкиндикте багыт алуу.**<br>Балдардын мейкиндиктин чоңдугу тууралуу билимдерин калыптандыруу; чакмак баракта ориентир ала билүүсүн; берилген чекитти таба алуусун өнүктүрүү. Белгиленген чекиттерден таянып квадрат тарттыруу. | 1 |
| 66 | **Оюн сабак.**<br>**Конструкциялоо.**<br>«Пифагор» баш катырмасы. Заттын негизги формаларын анализдөө. Үлгү боюнча кагаздан кесип алган фигуралардан башка заттарды түздүрүү. | 1 |
| 67 | **Сан жана эсеп.**<br>Таркатма материалдардагы заттарды эсептөө, жуп заттарды эсептеп бөлүү көндүмдөрүн бекемдөө. Мисалы: дубалдын тилкелерин эсептөөдө, ар бир тилкеге оң жагына жана сол жагына белги коюп түгөйлөштүрүү. | 1 |
| 68 | **Сан жана эсеп.**<br>Эки кичинекей сандан бир чоң санды түзгөнгө үйрөтүү. Мисалы: Тактайчада канча сабиз бар? Корзинада канча сабиз бар? Баардыгы канча сабиз болду? | 1 |
| 69 | **Сан жана эсеп.**<br>**Конструкциялоо.**<br>Балдарды тең сандагы түрдүү буюмдарды түзгөнгө үйрөтүү.<br>Жаратылыш материалдарынан майда-барат буюмдарды даярдаганга балдарды үйрөтүү. Пластилиндин жардамы менен тобурчактан кирпини ийлеп чаптатуу. | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 70 | **Мейкиндикте багыт алуу**.<br>Аралыкты кадам менен ченөө билгичтигин калыптандыруу; көз божомолун өнүктүрүү. Мисалы: болжол менен доскадан каалгага чейин канча кадам болот? ж.б. | 1 |
| 71 | **Сан жана эсеп.**<br>Жакын сандардын ортосундагы айырмачылык мамилелер тууралуу балдардын түшүнүктөрүн калыптандыруу. 9 саны 8ден канчага чон экенин, 10 санынан 9 саны канчага кичине экенин аныктоо. | 1 |
| 72 | **Логикалык көнүгүүлөр.**<br>**Конструкциялоо.**<br>Жетишпеген фигураларды издөө. Талдоо, салыштыруу, жалпылоо жана топтоштуруу билгичтиктерин калыптандыруу. Балдарды табигый материалдардан адамдын, жаныбарлардын, чымчыктардын фигураларына окшоштуруу көндүмдөрүн иштеп чыгуу. Кагаздан үч бурчтуктарды, төрт бурчтуктарды, тегеркти кесип алардан мышыктын элесин чогултуу. | 1 |
| 73 | **Сан жана эсеп.**<br>«Бүтүн» менен «бөлүктүн» ортосундагы мамилени салыштырганга үйрөтүү. Мисалы: Курулуп жаткан й бүтүн деп саналабы же бөлүк деп саналабы? | 1 |
| 74 | **Сан жана эсеп.**<br>20 санынын чегинде алдыга жана 10 санынын чегинде артка саноого көнүктүрүү. | 1 |
| 75 | **Логикалык ой жүгүртүүнү өстүрүүгө карата көнүгүүлөр.**<br>**Конструкциялоо.**<br>Бош клеткаларга керектүү санды жана символду ойлонуп койгонго үйрөтүү. Картон кагаздан тик бурчтуктарды кестирип андан домино жасатуу менен иштөө көндүмдөрүн бекемдөө. | 1 |
| 76 | **Арифметикалык аракеттер.**<br>Негизги математикалык белгилер: +, -, =, > < алардын аталыштары жана арифметикалык аракеттердин маанилери менен тааныштыруу. | 1 |
| 77 | **Сан жана эсеп.**<br>Балдардын көрүү жана угуу эс-тутумун өнүктүрүү. Угузуп саноого көнүктүрүү: үндөрдүн саны боюнча (1) санды табуу; (2) уккан үнгө караганда бирге көп же аз санды табуу. | 1 |
| 78 | **Логикалык гимнастика.**<br>**Конструкциялоо.**<br>Бир фигурада канча үч бурчтук жана төрт бурчтук (мурдатан даярдалган чиймеде) барын аныктаганга үйрөтүү (үй куруу) . | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 79 | **Математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу.**<br>Үч заттын ортосундагы мамилелерди аныктоого карата маселелерди чечкенге үйрөтүү. Женекөй математикалык терминдерди активдүү кепке киргизүү. Мисалы: Сары шакекче жашылдан чонураак, ал эми кызыл шакекче жашылдан кичирээк, Кызыл шарик көктөн чоң, сары шарик эң кичинекей. | 1 |
| 80 | **Арифметикалык гимнастика.**<br>Балдарды маселенин түзүлүшү (шарты жана суроолор) менен тааныштыруу. Мисалы: 9 күчүк бар эле, андан кийин 1 күчүк кошулду. Баардыгы канча күчүк болду? Маселенин шартын түшүндүрүп, ага суроо койдуруу. | 1 |
| 81 | **Жаратылыш материалдарынан (таруу, сөөк), кездемеден кагаздан конструкциялоо.**<br>Коендун фигурасын – элесин жаратуу. | 1 |
| 82 | **Өтүлгөн материалды бекемдөө.**<br>Кошууга карата арифметикалык маселелерди түзгөнгө кызыктыруу; маселенин суроосуна жоопторду туура берүүгө үйрөтүү. Мисалы: Сууда канча өрдөк сүзүп жүрөт? Балапандары менен канча өрдөк болот? Балдарга маселе түздүртүү. | 1 |
| 83 | **Оюн-сабак.**<br>Балдардын математикалык оюндарга болгон кызыгуусун арттыруу; арифметикалык аракеттерди ишке ашыра билүүсүн калыптандыруу. | 1 |
| 84 | **Моделдештирүү, конструкциялоо.**<br>Каалоосу боюнча кагаздан же картондон түрдүү фигураларды түзүүгө (конструкциялоого) жана моделдештирүүгө үйрөтүү. | 1 |
| 85 | **Сан жана эсеп.**<br>«Кийинки» жана «мурунку» сандарды атаганга жана аныктаганга ыктарын бекемдее. Мисалы: Затты эсептее менен ага цифра койдуруп, анан сызгычтын бөлүктөрүнө ырааттуу түрдө чекит койдуруп эсептетүү. | 1 |
| 86 | **Геометриялык фигуралар.**<br>**Графикалык көндүмдөр.**<br>Чакмак кагазда тегерек жана овал формасындагы предметтерди тартып бүтүргөнгө үйрөтүү. Мисалы: өйдөдөн ылдый карай 4 торчону санап, солдон оңду карай 4 торчону санап чекит койдуруп, сызыктын аягына чейин жеткирип, ортолорунан 3 торчо калтырып, белгиленген квадраттарга алма тарттыруу. Оңдон солду карай 2 торчону санап өйдөдөн ылдый карай 3 торчону санап чекит кой. Түзүлгөн тик бурчтуктун ичине кара өрүктү тарт. | 1 |
| 87 | **Логикалык гимнастика.**<br>**Конструкциялоо.**<br>Ребустар (пазлдар) менен сабактар. | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 88 | **Изилдөө сабагы.**<br>Дидактикалык материалдардын (карточкалар, геометриялык фигуралар, майда предметтер, сандар) жардамы менен сандарды, цифраларды жана көптүгүн салыштырганга үйретүү. Мисалы: Ондукта канча бирдик бар? 10 кайсы цифралар менен белгиленет? | 1 |
| 89 | **Сан жана эсеп.**<br>Сандардын иретин аныктоо билгичтигин бекемдөө. Мисалы: 5 санынын алдында кайсы сан турат? 4 ке чейинки сандар кайсылар? 7 санынын кошуналары кайсылар? 8ден кайсы сандар чон? | 1 |
| 90 | **Кагаздын айрыгынан конструкциялоо.**<br>«Чуркап бара жаткан каздын фигурасын – элесин жаратуу». | 1 |
| 91 | **Викторина сабагы.**<br>Тамаша тапшырмаларды (тапкычтык, зиректик жана юморду түшүнүү) чечүүгө болгон кызыгуусун арттыруу. Мисалы:<br>Мен жана сен, биз экөөбүз, баарыбыз канча болобуз?<br>Бир таякча менен кантип үч бурчтукту түзсе болот?<br>Таяктын канча учу бар? Эки таякта канча уч?<br>Эки жарым таяктачы? ж.б.у.с.<br>Тамашалуу маселе түздүрүү. | 1 |
| 92 | **Өтүлгөн материалды бекемдөө**<br>Балдарга математикалык мазмундагы табышмактарды жандырууга (сан эсептик, мейкиндик жана убакыттык мамилелерди *өздөштүрүү* боюнча) болгон кызыгуусун арттырууну калыптандыруу.<br>Мисалы:<br>• 2 аягы, 2 шакеги, ортосунда мыгы бар ….<br>• 4 бир тууган бир чатырдын алдында жашайт….<br>• 5 бир тууган бир чатырдын алдында жашайт…<br>• Бир буттап турган балакай…<br>Табышмак ойлоп таптыруу. | 1 |
| 93 | **Талдоо, салыштыруу, жалпылоо, топтоштуруу билгичтиктерин калыптандыруу.**<br>**Конструкциялоо.**<br>Татаал формадагы предметти бир канча геометриялык фигураларга туура келген элементтерге бөлүштүрүп койгонго; алардын өлчөмүн; мейкиндиктеги абалын аныктаганга үйрөтүү. | 1 |
| 94 | **Графикалык көндүмдөр.**<br>Балдардын «сан» тууралуу түшүнүктөрүн бекемдөө; сандарды бастырып чийдирүү жана тартуу көндүмдөрүн өнүктүрүү. | 1 |
| 95 | **Логикалык ой жүгүртүүнү өстүрүү.**<br>Балдардын оозеки эсептей билүүсүн калыптандыруу (зиректикке тапшырмалар). | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 96 | **Конструкциялоо.**<br>Бирдей геометриялык фигуралардан «Сыйкырдуу елке» картинасын түздүрүү.<br>Жаратылыш материалдары менен жалпы композициясын жараттыруу. | 1 |
| | ***Бардыгы*** | ***96*** |

## Окуу жылынын аягына карата базалык күтүлгөн натыйжалар

### *1. 6 жаштагы баланын окуу аракеттери жана жетишкендиктери:*

- математиккалык билимдерди күндөлүк турмушта пайдаланат;
- көңүл буруп угат, байкайт, салыштырат жана объектилерди айырмалайт;
- чоң адамдар, теңтуштары менен пикирлешүүнүн женекей ченемдерин билет;
- ез ара жардамдашууга, биргелешкен ишмердикке жендөмдүүлүгүн керсетет;
- жуп болуп, 4-5 баладан турган топто, жамаатта иштей алат;
- математика жаатында ынтызарлыгын, активдүүлүгүн, фантазиясын жана кыялдануусун, интуициясын, чыгармачылыгын керсөтет;
- жаңы маселелерди чечүү үчүн түрдүү темалардагы, белүмдөрдегү билимдерин пайдаланат;
- тапшырмаларга, практикалык ишмердиктерге чыгармачылык менен мамиле кылат;
- езүнүн ишинин даяр экендигин керсетет, теңтушуна жардам берет.

### *2 . 6 жаштагы баланын предметтик билимдери, билгичтиктери, көндүмдөрү:*

*Сан жана эсеп:*

- терминдерди атайт, «сан», «цифра» тууралуу түшүнүгү бар;
- үлгү боюнча женекей кошконго, кемиткенге маселе түзүп, аларды чыгарганды билет;
- сандарды билет, 10го чейинки сандык жана катар сан 0ден 9га чейинки цифралар боюнча түшүнүгү бар;
- санды эки кичинекей санга белүп, эки кичинекей сандан чоң санды жарата (10дун чегинде) алат;

- тамга жана белги символикаларынын маанисин түшүнөт;
- жөнекөй кроссворддорду, ребустарды чечип, баш катырма оюктарды (пазлдарды) топтой алат.

*Чоңдук:*

- «кыскараак - узунураак»; «жогору – ылдый»; «кең – ичке»; «ооруураак – жеңилирээк» түшүнүктөрүн аныктайт;
- айланадагы предметтердин жалпы жана өзгөчөлүү касиеттерин аныктайт;
- берилген белги боюнча окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктайт;
- айланадагы предметтердин узунун, туурасын, бийиктигин «шарттуу ченем» менен ченей билет;
- «шарттуу ченем» менен суюк жана куюлма нерселердин көлөмүн ченей алат;

*Геометриялык фигуралар:*

- геометриялык фигуралар тууралуу (тегерек, овал, үч бурчтук, квадрат, төрт бурчтук, көп бурчтук, шар) түшүнүгү бар;
- жалпак жана көлемдүү фигураларды айырмалай алат;
- барактын чектелген тегиздигинде (барак, дептердин бети, окуу доскасы) ориентир ала билет.

*Мейкиндикте ориентир алуу:*

- интервалды сактап, тыкандык менен буюмдарды тиешелүү багытта: «солдон оңго» – «оңдон солго» жайгаштыра алат;
- өзүнө жана башка предметтерге карата предметтин жайгашкан ордун сөз менен бере алат;
- объектилердин мейкиндиктеги абалын жана алардын кыймылынын багытын аныктай билет;
- чакмак кагазда тик жана жантык тилкени таба билет;
- барактын оң жана сол, жогорку жана ылдыйкы чектерин аныктай алат.

*Убакытка ориентир алуу:*

- сутканын бөлүктөрүн атап, айырмалай алат, алардын иретин аныктайт;

- жумадагы күндөрдү, алардын иретин билет;
- жыл мезгилдеринин аттарын жана кезегин билет;
- кебинде «алгач», «кийин», «мурда», «кеч» түшүнүктөрүн пайдаланат;
- убакытты ченесе болорун (саат) билет.

*Конструкциялоо:*

- фигураны конструкциялап, моделдештире билет;
- даяр үлгү боюнча иштей алат; баракты экиге, төртке, түрдүү багыттарда бүктөйт;
- картондон, кагаздан, жаратылыш жана курулуш материалдарынан бир нерселерди жасаганды билет;
- чийилген сызыгы боюнча кагазды бүктөгөндү, кыркканды, көлөмдүү нерсеге чаптаганды билет;
- бир фигурадан башка фигураларды жасай алат; форманы бир нече бирдей бөлүктөргө бөлөт, ал эми бөлүктөрдү бүтүн формага келтирип топтойт;
- предметтин конструкциясын багытына ылайык талдай алат;
- формалардын, өлчөмдөрдүн, бөлүктөрдүн жайгашуу ордунун шайкеш келишин аныктайт.
- адамдардын, жаныбарлардын, канаттуулардын фигураларын жаратылыш материалдарынан жасай алат, аларга көркөм образ бере алат.

## «Көркөм өнөр чыгармачылыгы» программасы

«Көркөм өнөр чыгармачылыгы» программасы көркөм-эстетикалык билгичтиктерди, билимдерди иликтөөгө жана тарбиялоого, көркөм табитти өнүктүрүүгө жана байытууга багытталган, алар балдардын курчап турган чөйрөгө карата эстетикалык мамилесин калыптандырат.

Жалпы адамзаттык жана улуттук маданиятты иликтөө процессинде алынган билимдер, көркөм билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр курчап турган дүйнөнү жана маданиятты эстетикалык кабыл алуунун негиздерин калыптандырат.

## Предметтин максаттары жана милдеттери

6 жаштагы балдарды мектепке даярдоодо көркөм өнөр чыгармачылыгына окутуунун максаты айланадагы бар кубулуштарды көркөм кабыл алууга окутуу, эмгекти сүйүүгө тарбиялоо, көркөм образдарды өзү жарата билгенге жана аны баалаганга үйрөтүү болуп саналат. Искусство чыгармалары менен таанышып, иликтөө процессинде балдарда түрдүү улуттук маданиятка карата оң мамилени калыптандыруу зарыл. Педагог баланын чыгармачылыкта өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, ойлорун көркөм ишмердикте ишке ашырганга, өзүнүн кайталангыс жактарын, жекечелигин ишке ашырганга шарт түзүшү керек.

Көркөм өнер чыгармачылыгынын негизги максаты 6 жаштагы балдарда чыгармачыл жөндөмдөрүн жана эстетикалык сезимдерин өстүрүү болуп саналат. Эстетикалык өстүрүү балдарды кооздукка аралаштырууга, кереметти сезе билүүсүн калыптандырууга, кооздукту түшүнүп, өз жеринин кооздугун жана байлыгын түшүнгөнгө, кооздукту сүрөттөп, аппликацияда берүүнү ж.б. каалоосун калыптандырууга багытталган. Көркөм өнөр чыгармачылыгы балдарда көркөм өнөр ишмердигинин ар кандай түрлөрүнө ээ болуу; сүрөт тартуу, чаптоо, аппликация менен иштөө көндүмдөрүн калыптандырат. Айлана чейренү чагылдыруу менен балдар калемдин, боёктун, пластилиндин, кагаздын ж.б. жардамы менен өздөрүнүн ой-пикирлерин беришет. Көркөм ишмердик балдарда көлечөктөги сүрөттү пландоо көндүмдөрүн калыптандырат; ишти аткаруу процессиндеги өзүнүн аракеттерин көзөмөлдөөсүн өнүктүрөт; чаптоонун, аппликациянын, сүрөттүн жардамы менен эстетикалык сезимдерин чагылдыруу ыкмаларын өркүндөтөт. Көркөм чыгармачылык балдардагы түстү сенсордук кабыл алуунун өсүүсүнө жардам берет, боёкторду аралаштыруу, сүрөттүн фонун өзгөртүү аркылуу түстүк гамманын жаңыларын алуу боюнча эксперимент жасаганга мүмкүнчүлүк берет.

### *Ийлеп чаптоо*

Балдардагы кыялданууну, көркөм ойду, байкагычтыкты өнүктүрөт. Балдар бүтүндөй бөлүктөн чаптаганды, бүтүндү бөлүктөргө бөлгөндү, элементтерди өз ара байланыштырганды, скульптурада жаныбарларга жана айланадагы предметтерге мүнөздүү белгилерди бергенге үйрөнүшөт. Сабак учурунда балдар мейкиндикти, көлөмдү, образдын езгечелүктерүн, предметтердин формасын (тегерек, сүйрү, узартылган ж.б.) өздөштүрүшөт. Ийлеп чаптап иштөө баланын майда мотордук көндүмдөрүн өнүктүрөт, манжалардын «кол – мээ – кол» катышында өнүгүүсүнө жардам берет.

### *Аппликация*

Балдар кагаздан элести кыркканга, ошондой эле кесилген бөлүктөрдү жана бүтүндөй фигураларды чаптаганга үйрөнүшөт. Аппликация менен иштөөдө балдарда кагаздан чоң жана кичинекей, эндүү жана энсиз, бийик жана төмөн, узун жана кыска, күңүрт жана ачык фигураларды кыркканга мүмкүнчүлүк болот. Иш процессинде алар фигуралар бийик, төмөн, борбордо, солдо, оңдо жайгашканын аныкташат. Аппликация менен

иштөө балдарга өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүнүн ар кандай формаларына көз жүгүрткөнгө мүмкүнчүлүк берет, аларды өзүнчө бөлүктөрдөн бирдиктүү образды жаратууну каалоого түртөт.

***Сүрөт тартуу***

Сүрөт тартуу процессинде балдар сүрөттөрдү, түстөрдү, композицияны пайдалануу менен ар кандай көркөмдүк каражаттарын пайдаланганга үйрөнүшөт. Өзүнүн оюн чагылдыруу менен бала сүрөттө ага карата мамилесин, көңүл кушун кошо берет. Сүрөт тартып жатып, балдар курчап турган предметтер, алардын мейкиндикте жайгашуусу тууралуу жалпы түшүнүктөрүн өнүктүрүшөт, жакынкы, ортоңку, алыскы пландан чагылдырууга, горизонт сызыгын берүүгө үйрөнүшөт. Балдар көркөм өнөр каражаттарын – сызыктарды, чекиттерди, тактарды пайдаланганга, ошондой эле түзүлүштү (форманы), пропорцияны, предметтердин бөлүктөрүнүн өз ара жайгашуусун чагылдырганга үйрөнүшөт. Сүрөт тартуу сабагында балдарда ой жүгүртүү, фантазия жана чыгармачылык өсөт. Бул сабактар колду жазууга көнүктүрүү көндүмдөрүн, графикалык көндүмдөрдү, калемди, кыл калемди кармай билүүнү өнүктүрөт.

***Окутуунун милдеттери:***

- чыгармачыл жөндөмдөрдү өнүктүрүү, айланага эмоционалдык мамиле;
- балдарда көркөм табитти өнүктүрүү;
- колдун майда моторикасын өнүктүрүү;
- образдуу, мейкиндик ой жүгүртүүлөрүн калыптандыруу жана өзүнүн көркөм ойлорун чагылдыра алууга үйрөтүү;
- түрдүү көркөм аспаптар жана материалдар менен иштөө билгичтигин, көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- көркөм чыгармачылыкка кызыгууну өнүктүрүү.

## Көркөм өнөр чыгармачылыгынын негизги багыттары

Көркөм өнөр чыгармачылыгы предмети искусствонун негизги түрлөрүн: графиканы, живописти, прикладдык искусствону, скульптураны, башка түрлөрүн бириктирген, жуурулуштурган предмет болуп саналат. 6 жаштагы балдарга искусствонун адамдын жашоосундагы маанисин жана ордун түшүнгөнгө шарт түзөт, алардын чыгармачыл жөндөмдөрүнүн ачылышына жана чыгармачыл көндүмдөрүнүн калыптанышына көмөк көрсөтөт. Предмет түрдүү көркөм каражаттардын жардамы менен курчап турган дүйнөдөгү кубулуштарды байкай билүүгө жана аларды эстеп калууга, өзүнүн оюн эркин

билдиргенге көмөк көрсөтөт. Сабактарда балдарды көркөм каражаттардын түрлөрү, алардын касиеттери менен тааныштыруу, балдарды аларды пайдалануунун түрдүү ыкмаларына үйрөтүү керек.

*Көркөм өнөр чыгармачылыгы сабагында балдар:*

- көркөм өнөр чыгармачылыгына кызыгуусун көрсөтүшөт;
- курчап турган чөйрөдөн кооз предметтерди жана кубулуштарды көрүү аракетин өнүктүрүшөт;
- көркөм искусствонун ар кандай түрлөрү (графика, живопись, скульптура) жана өзгөчөлүктөрү менен таанышышат;
- композициялык билгичтигин жана колдун манжаларынын майда моторикасын өнүктүрүшөт;
- курчап турган дүйнө тууралуу ойлорун жеткиликтүү көркөм каражаттар менен берүүнү, образдын мүнөзүн жана көңүл кушун (кайгылуу – шайыр; каардуу – ак көңүл ж.б.) берүүнү үйрөнүшөт;
- жумуш ордун туура уюштурганга жана ар кандай көркөм материалдар менен иштегенге үйрөнүшөт;
- көркөм искусствонун түрлөрүн жана жанрларын өздөштүрөт;
- көркөм өнөр чыгармачылыгынын элементардык терминдери менен таанышат;
- өзүнүн көркөм жөндөмдүүлүгүн ишке ашыруу үчүн түрдүү усулдарды пайдаланат;
- көркөм өнөр чыгармачылыгынын башкы мыйзамдарын: ритм, түс, фон жана башкаларды пайдаланат жана аларды өз иштеринде колдоно алат;
- алынган билимдерди, билгичтиктерди айлананы эстетикалык кооздоо үчүн пайдалана алат.

## «Көркөм өнөр чыгармачылыгы» окуу планы

### Болжолдуу тематикалык план

| № | Мазмуну | Сааттардын саны |
|---|---|---|
| 1 | 1. Көркем чыгармачылыкка киришүү. Эркин темада сүрет тартуу.<br>2. «Сүретчү деген ким?». Сызыктар жана чекиттер дүйнөсүнө саякат (графика).<br>3. Көркем материалдар менен таанышуу. Жүрүм-турум эрежелери жана көркем материалдар менен иштөө эрежелери (коопсуздук техникасы).<br>4. Чекиттердин жана сызыктардын ар кандай түрлөрү, сызыктардын аттары, аткаруу техникасы. | 3 |
| 2 | 1. «Скульптор деген ким?». Жашылча-жемиштер (чаптоо).<br>2. Скульпторлордун чыгармачылыгы жана көркем материалдар менен таанышуу.<br>3. Жашылча-жемиштерди чаптоо (лепка). | 2 |
| 3 | Жашылча-жемиштер үчүн идиш-аяктар. Пластилинден чаптоо. Жашылча-жемиштер (балдардын тандоосу боюнча) | 2 |
| 4 | Жашылча-жемиштердин сүрөттөрү. Сызыктар менен чекиттердин ар кандай түрлөрү, сызыктардын аттары, аткаруу техникасы. | 2 |
| 5 | Жашылча-жемиштердин аппликациясы ар түрдүү формада колдо болгон материалдардан аткарылат. Клей, кайчы жана башка куралдар менен иштөөдөгү коопсуздук техникасы эрежелери. | 2 |
| 6 | 1. Жыл мезгили – күз (саякат). Сүрет тартуу.<br>2. Ар кандай формадагы жана түстөгү күзгү жалбырактарды натурадан тартуу. | 2 |
| 7 | 1. Түшүм майрамы. «Натюрмортту тартабыз».<br>2. Краскалар дүйнөсүнө саякат. Живописке алгачкы кадам. | 2 |
| 8 | «Чымчык». Пластилинден чаптоо же жаратылыш материалдары менен иштөө. | 2 |
| 9 | 1. Жыл мезгили – күз. «Дарактар». Пейзажды - асман, жер жана горизонттун сызыгын тартабыз. Негизги түстөрдүн жардамы менен кошумча түстөрдү табуу.<br>2. Суюк жана коюу краскалар (краскаларды өзгөртүү техникасы). | 2 |
| 10 | 1. «Менин сүйүктүү жаныбарларым» (чаптоо).<br>2. Анималистикалык скульптура жанрында топтолгон эскиздердин негизинде келемдүү композицияларды түзүү. | 2 |
| 11 | Жаныбарлар жаратылышты коздошот. Баштапкы тартуулар. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 12 | «Сүрөтчү кооздоочу деген ким?» Жаңы жылдык куттуктоолор. Көркөм аткарылган открыткаларды, конверттерди жана куттуктоолорду даярдоо. | 2 |
| 13 | Жаңы жылдык кооздоолор (кар бүртүкчөлөрү, тасмалар, желекчелер ж.б.). Классты/тайпаны жана терезелерди жөнөкөй формадагы кар бүртүкчөлөрү менен кооздоо. Симметрия тууралуу түшүнүктү бекемдөө. | 2 |
| 14 | 1. Жаңы жылдык балатыны улуттук колориттеги жөнөкөй формадагы оюнчуктар менен кооздоо.<br>2. Жалпак фигуралар, көлөмдүү формалар менен таанышуу. | 2 |
| 15 | Кагаздан аппликация «Жаңы жылдык көңүл ачуу». Түрдүү майда-барат нерселерди түстүү кагаздан жасоо. | 2 |
| 16 | 1. Жыл мезгили – кыш. «Пейзажды тартабыз».<br>2. Экскурсия сабагы, натурадан тартуу. | 2 |
| 17 | Кыштын сыйкырдуу оймолору. Тартуу техникасы: шам, акварель. | 2 |
| 18 | «Сүйүктүү адамдын портрети». Менин үй-бүлөм. Портрет, автопортрет тууралуу жалпы түшүнүк. | 2 |
| 19 | Кляксографияны тартуу техникасы. Табышмактуу кляксалар. | 2 |
| 20 | 1. «Биздин шайыр достор» (аригаммалар, чаптоо).<br>2. Анималистикалык скульптура жанрындагы топтолгон эскиздердин негизинде көлөмдүү композицияларды түзүү. | 2 |
| 21 | «Суу алдындагы дүйнө». Түстүү кагаздан аппликация. | 2 |
| 22 | 1. «Кол өнөрчү, уста деген ким?» Кыргызстандын элдеринин каада-салттары (майрамдык сувенирлер).<br>2. Кыргыз элинин улуттук оюнчуктары. | 2 |
| 23 | 1. Кооз орнаменттер дүйнөсү.<br>2. Белектерди кооздоо үчүн орнаменттерден композиция түзүү (түрдүү материалдар). | 2 |
| 24 | «Нооруз» – жаз майрамы. Балдардын тандоосу боюнча пластилинден рельефтик чагылдыруу. | 2 |
| 25 | 1. Жыл мезгили. Жаз – пейзаж (жамгыр, күн желе).<br>Краска менен сүрөт тартуу.<br>2. Кооз жаратылыш кубулуштары тууралуу түшүнүктөрдү өз алдынча жана чыгармачылык менен чагылдыруу. | 2 |
| 26 | Келгин куштар учуп келишти (аралаш техника), ритм, түс, форма, композиция. | 2 |
| 27 | «Гүлдөр». Натюрморт (живопись). Жөнөкөй предметтерди натурадан тартуу. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 28 | Гүлдөгөн бак (пейзаж). Мозаика усулу менен композиция түзүү. | 2 |
| 29 | Закладка (түпкагаз). Кагаздан аппликация. Түрдүү формадагы закладканын эскиздерин даярдоо жана гүлдер менен аралаштыруу. | 2 |
| 30 | Жазгы гүлдөр. Пластилинден рельефтик чагылдыруу. | 2 |
| 31 | Менин Мекеним – Кыргызстан (пейзаж). Жамааттык иш. | 2 |
| 32 | Теманы тандоо. | 2 |
| | ***Бардыгы*** | ***64*** |

## Окуу жылынын аягына карата базалык күтүлгөн натыйжалар

***1. 6 жаштагы баланын окуу аракеттери жана жетишкендиктери:***

- жумуш ордун туура уюштурат, көркөм каражаттарды пайдаланууну кылдат көзөмөлдөйт, тыкан иштейт;
- топто, жуп болуп иштей алат: башкаларды угат, башкалардын пикирлери менен эсептешет жана өзүнүн пикирин аргумент менен коргойт;
- өз ара түшүнүүнүн жана урматтоонун негизинде биргелешкен ишти уюштура алат;
- жамааттык ишти аткарууда командада иштей билет;
- сабактарга даярданганды, жабдууларды туура койгонду билет;
- жабдууларды жана көркөм каражаттарды ордуна жыйнаганды билет;
- кайчыны пайдалануу коопсуздугу эрежелерин билет.

***2. 6 жаштагы балдардын предметтик билимдери, билгичтиктери, көндүмдөрү***

- өз оюн оозеки жана сурет түрүндө сыпаттай алат;
- көркөм материалдардын түрлөрүн жана аларды ишинде пайдалануу жолдорун атай алат;
- сүрөт тартуу, чаптоо, аппликациянын негизги техникаларын жана ыкмаларын билет;

- графикалык иштерди аткарууда графиканын башкы мыйзамдарын чыгармачылык менен пайдалана алат;
- керкем искусствонун жанрларын (графика, живопись, скульптура), алардын өзгечелүктерүн билет;
- сүрөт тартууда борбордук жана кошумча сызыктар, тон, жарыктын түшүшү түшүнүктерүн билет;
- тартылган предметтерди кагаздын көлөмүн эске алуу менен жайгаштыра алат;
- натюрмортторду (натурадан) тартууда: композиция, келечек, горизонт, фон түшүнүктерүн пайдалана алат;
- орнамент, анын түрлерү, аттары, символикалар ж.б. тууралуу ез пикирин айта алат;
- көркөм чыгармачылыктын негизги эрежелерин билет жана чыгармачыл иштерди аткарууда аларды пайдалана алат: жайгашуу орду, горизонталдык сызык, пропорция түзүү, конструкция, композиция, эскиз, симметрия, келечек, оттенок, түс, фон ж.б.;
- тартылып жаткан предметтин түсүн аныктап, атай алат, негизги жана жарым тонго бөлөт;
- жаңы түстү, тонду алуу үчүн боёкторду аралаштырганды билет;
- түстүн жана оттеноктордун ар кандай түрлерүнүн аттарын билет, айырмалай алат;
- «портрет», «автопортрет», «пейзаж» түшүнүктерүн билет;
- келемдүү (женөкей) геометриялык фигураларды ез колу менен жасай алат;
- жаратылыш материалдарынан аппликацияларды түзө алат;
- түрдүү түстегү жана формадагы жалбырактардан, гүлдердөн жана чептөрден композицияларды түзе алат;
- кагаздан абдан жөнөкөй предмөттөрди жасоонун түрдүү ыкмаларын билөт, кагазды бүктөө, кесүү же чаптоо аркылуу айрым жаныбарлардын образдарын жарата алат;
- жаратылыш менен кол өнерчүлөрдүн иштеринин (конкреттүү иштердин негизинде) ортосундагы байланышты керсетүп, түшүндүрүп бере алат.

Даярдоо класстарында/тайпаларында 6 жаштагы балдарды кыргыз тилге окутуу программасы балдарды мектепке даярдоонун сапатын жакшыртууну карайт. Адамдардын гуманитардык жана өндүрүштүк ишмердигинин бардык белгилүү чөйрөлөрү кептик карым-катыш аркылуу калыптанып өнүгөрү жалпыга белгилүү. Улуттук маданияттын феномени катары тил интеллектуалдык баалуулуктарды алып жүрүүчү, сактоочу, жаратып туруучу болуп саналат. Ошону менен бирге ал карым-катыштын каражаты эле эмес, адамдардын элдердин ортосундагы өз ара түшүнүшүү кызматын да аткарат. Тилдин коом турмушундагы ролу абдан жогору. Тилдин бул кызматы жагымдуу тарыхый шарттардан улам көптеген тилдерден, ар кандай маданияттардан турган өлкөдө өзгөчө маанилүү.

Эне тилге жана кошунанын тилине кызыгуу эрте жаштан эле үй-бүлөдө, бакчада, мектепте балдарга сиңерин белгилеп кетүү керек. Так ушул социалдык ячейкаларда, биринчи кезекте, тилге тартылуу, бири-бири менен болгон тилдик карым-катыштын мааниси калыптанат.

## Предметтин максаттары жана милдеттери

«Кыргыз тили – экинчи тил» программасынын негизги милдети – 6 жаштагы балдардын кептик карым-катыш билгичтиктерин өнүктүрүү. 6 жаштагы балдарды кыргыз тилге окутуунун максаты: кептик ишмердиктин жөнөкөй көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү; сөздөрдү угуп, жаттап калуу; сөздөрдүн формаларын өзгөртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү; аларды окулуп жаткан тилдин эрежелерине ылайык айкалыштыруу болуп саналат.

Коюлган максаттарга жетүү үчүн төмөнкү окуу-усулдук милдеттерди чечүү зарыл:

- балдарды кыргыз тилиндеги тыбыштарды фонетикалык контекстте эмес (өзүнчө айтуу) жана контекстте (сөздөрдүн курамында) айтканга үйрөтүү, бул сөздөгү тыбыштардын айкалышын айтуунун аралык баскычы болуп эсептелет;
- кыргыз тилинин сегменттик бирдиктеринин негизги карама-каршы коюулары тууралуу балдарга түшүнүк берүү: созулма-кыска, каткалаң-жумшак, фонемаларды каршы коюу (Ч) – (Ж), (Ң) – (Н), (Ө) – (О), (Ү) – (У);
- төмөнкү карама-каршы коюу жубунда туура айтууга көнүгүү: ток - төөк, эр-ээр, бу – буу жана (К), (Г) тыбыштарын жоон үндүүлөр менен айтканга, ичке үндүүлөр менен алардын жумшак варианттарын айтканга өзгөчө көңүл буруу: кар – кир, кап - көп, калган - келген;
- фонетикалык-фонологиялык угумду калыптандыруу, ал функционалдык жана функционалдык эмес тыбыш бирдиктерин (оттеноктор, варианттар, функционалдык бирдиктер) өз кебинде жана башкалардын кебинде айырмалай алууну билдирет;

- кыргыз тилинин грамматикасынын езгечелүктерүн – басым жана интонацияларды ездөштүрүүнү енүктүрүү: кыргыз тилиндеги басымдын орду өзгөрбей тургандыгы, орус тилине салыштырмалуу анда басымдын маанилик-ажыратуучулук кызматы жоктугу тууралуу түшүнүк берүү.

Жогоруда саналган бардык милдеттер кыргыз тилиндеги тыбыштарды айтууга үйретүүнүн окуу-усулдук ыкмаларын карайт, алар төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- балада эне тилдин негизинде түзүлгөн тыбыштарды кабыл алуу жана айтуу стереотибин езгертпей туруп, жаңы стереотипти, кыргыз тилинин тыбыштарын кабыл алуу жана айтуу стереотибин иштеп чыгуу;

- кыргыз кебинин тыбыштык курулушунун езгече белгилерин контрасттуу жана балдар үчүн маанилүү кылуу;

- оозеки кыргыз кебин угуу жана айтуу боюнча балдардын айтуу аракеттерин аңдап-түшүнүп, башкарганга үйретүү;

- балдарды кыргыз кебин айтуу маданиятына тарбиялоо.

## Терминдик минимум

**КЕПТИК ИШМЕРДИК** – кепти ишке ашыруу менен байланышкан ишмердик же мотив, ал баланын угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу билгичтиктеринен көрүнет.

**КЕПТИ УГУУ** – кептик ишмердиктин түрү, ал чоочун кепти угуп кабыл алуудан жана аны түрдүү кептик кырдаалдарда кабыл алуудан керүнет.

**СҮЙЛӨӨ** – кептик ишмердиктин түрү, ал сездерду тандоодон, маркировкалоодон, жайгашуу ордун аныктоодон (грамматикалык түзүлүшү) түзүлгөн оозеки сүйлөөдөн көрүнет.

**ЖАЗУУ** – кептик ишмердиктин түрү, ал оозеки текстти графикалык белги-тамгаларга которууну түшүнүүдөн керүнөт.

**ОКУУ** – кептик ишмердиктин түрү, ал кепте айтылган (үн чыгарып окуу) жазуу текстин же үн кошпогон кепти (ичинен окуу) түшүнүүдөн жана которуудан керүнет.

Билим берүү процессин жана окуу милдеттерин натыйжалуу ишке ашырууну уюштуруу үчүн педагог бир жагынан 6 жаштагы балдардын курактык езгечелүктерүн эске алып, алардын көңүл буруусун, ой жүгүртүүсүн жана эс-тутумун активдештирүүсү керек, экинчи жагынан ал бул процессти сабаттуу башкара билүүсү кажет.

Буга байланыштуу педагог теменкүлөрдү аткарышы зарыл:

- 6 жаштагы балдардын кептик ишмердигинин езгечөлүктөрү тууралуу так түшүнүктүн болушу; окутуу процессин кептик ишмердиктин түрлерүне (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) кура билүү;

- тилге киришүү боюнча программалык билимдерге ээ болуу (кептеги тыбыштарды артикуляциялоонун, кабыл алуунун лингвистикалык жана психолингвистикалык аспектилери, тыбыштык комбинаторика, кептеги тыбыштарды эки тараптуу бирдиктерге – муундарга, сездерге айкалыштыруу, пикир алышуу максатында оозеки байланышуу тексттерин түзүү ж.б.);

- кыргыз тилине окутууну уюштурууга жана өткерүүгө карата учурдагы окуу-психологиялык талаптарды эске алуу.

- 6 жаштагы балдарды кыргызча айтууга үйретүү балдарды мектепке даярдоонун аралаш жана улуттук класстарындагы кыргыз тили боюнча сабактардын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## Фонетикалык минимум

***1. Угуп кабыл алуу жана туура айтуу:***

- тыбыштын каткалаң жана жумшак варианттары (ң): оңой - легко, эң - очень;

- жумшак жарылма үнсүздүн каткалаң жана жумшак варианттары (ж): жаз - весна; эже - старшая сестра;

- түпчүл каткалаң жарылма үнсүздүн каткалаң жана жумшак варианттары (к): кол - рука, кел - приходи;

- түпчүл жумшак үнсүздердүн каткалаң жана жумшак жылчыкчыл, жарылма варианттары (г): дагы – еще, эгин – зерно, тамга – буква, эмгек – труд;

***2. Угуп кабыл алуу жана туура айтуу:***

- орто көтерүңкү үндүү «ө» (ердөк) - утка;

- жогорку кетерүңкү үндүү «ү» (үй) - дом;

- эринчил эмес алдыңкы катардагы эң жогорку кетөрүңкү үндүү (э): эртең – завтра.

***3. Кыска үндүүлөрдү созулма үндүүлөргө каршы коюуда угуп, кабыл алуу жана туура айтуу:***

- (а) =(а:) : ары – дальше, аары – пчела;

- (о)=(о:): ток – сыт, тоок – курица;

- (э)=(э:): эр – смелый, ээр – седло;

- (е)=(е:): тек – вылить, төө – верблюд;

- (у)=(у:): оку – учи, окуу – учеба;
- (ү)=(ү:): жүндү – шерсти, жүндүү – имеющий много шерсти.

***4. Сингармониялык сөздөрдү угуп кабыл алуу жана туура айтуу:***

алма - яблоко, чыны - пиалка, элек - сито, болот - будет, узун - длинный, есөт - растет, үлүл - улитка, киши – человек.

***5. Тыбыштарды угуп, кабыл алуу жана туура айтуу:***

(м) жана (б), (м) жана (н) сездердүн кошулган жеринде: Асан берет (Асам берет) – Асан даст; Нан менен (нам мэнен) – с хлебом.

***6. Сөздөрдү угуп, кабыл алуу жана аларга туура акцент коюу:***

Ата – отец, атабыз – наш отец, атабызга – нашему отцу, барат – пойдет, барабыз – мы пойдем, жакшы – хороший, жакшыны – хорошего.

***7. Фразаларды угуп кабыл алуу жана туура айтуу:***

Бул эмне? – Это что? Бул топ. – Это мяч. Эркин, бери кел! – Эркин, иди сюда! Агам окуйт. – Брат учится. Кеттик! – Пошли!

## Лексикалык-грамматикалык минимум

Кыргыз тилин окутуу боюнча лексикалык-грамматикалык материал 6 жаштагы балдардын турмушун, алардын кызыкчылыктарын чагылдырган темалар боюнча топтоштурулат, аларга кыргыз тилин практикалык өздөштүрүү үчүн типтүү сүйлөмдөр кирет.

### Практикалык өздөштүрүү үчүн типтүү сүйлөмдөр

| | |
|---|---|
| 1. Саламдашуу | Саламатсыңбы? |
| 2. Таанышуу | Бул ким? Сенин атың ким? Менин атым Асыл. Бул эмне? |
| 3. Оюнчуктар жана балдар ишмердигинин предметтери | Бул кимдин оюнчугу? Бул кимдин тобу? Топ кана? Топту ыргыт. Топту теп. |
| 4. Кыймылдар жана аракеттер | Сен эмне кылып жатасың? Сен топту кимге бердиң? Марат барбы? Келгиле. Терге еткүле Сенин апаң келди. Ким кетти? Апал үйдебү? Кирүүгө уруксатбы? |
| 5. Үй-бүле | Бул чоң атам, чоң энем. Бул апам, атам. Бул эжем. Бул иним, синдим. |

| | |
|---|---|
| 6. Эсеп | Канча? Кеп, аз. |
| 7. Адам | Баш, көз, кол, бут, ооз, мурун. |
| 8. Жыл мезгилдери | Кыш, күз, жаз, жай. |
| 9. Эмерек, идиш-аяк, буюмдар | Бул стол, бул диван, бул чыны, табак, казан. Бул кийим, пальто, көйнөк. Бул кандай пальто, көйнөк? |
| 10. Жашылча-жемиштер | Алма, банан, помидор, капуста, пияз, сабиз. |
| 11 .Өсүмдүктер | Гүл, бак, дарак. |
| 12. Азык-түлүктөр | Нан, сүт, май, айран, максым, боорсок. |
| 13. Үй | Үй. |
| 14. Мектеп, мугалим | Мектеп, мугалим. |
| 15. Оюндар жана оюнчуктар | Оюнчуктар жана оюндар. |
| 16. Майрамдар | Майрамдар. |
| 17. Кийим | Кийим-кече. |
| 18. Транспорт | Унаа. |
| 19. Дүкөн | Дүкөн. |
| 20. Шаар жана айыл | Шаар жана айыл. |

*Эскертүү*

Иш планын түзүүдө педагог кептик этикетке ээ болуунун төмөнкү бөлүмдөрүн эске алуу-су керек:

| | |
|---|---|
| • пикирлешүүнүн башталышы жана аягы;<br>• таанышуу;<br>• оюндарды пландоо жана уюштуруу;<br>• көңүл бурдуруу;<br>• куттуктоолор жана каалоолор;<br>• командалар;<br>• эскертүүлөр; | • өтүнүчтөр;<br>• уруксат алуу;<br>• каалоосун, муктаждыгын, ниетин билдирүү;<br>• макул болуу же макул болбоо;<br>• көңүл кушу;<br>• колдоо;<br>• көңүлүн жайгаруу. |

Тилдик бирдиктерди көп өздөштүрүү эмес, тилдик материалдарды сапаттуу өздөштүрүү эске алынат, ал балага минималдык каражаттарда да (баланын компетенциясында

тилдик бирдиктерди кебөйтүү) аларды табигый, жагдайга жараша ийкемдүү пайдаланганга мүмкүнчүлүк берет.

## «Кыргыз тили – экинчи тил» программасынын окуу планы

Билим берүү милдеттерин ишке ашыруу үчүн педагогго кыргыз, орус жазуучуларынын жана дүйнө элдеринин классиктеринин көркөм чыгармаларын кеңири пайдаланууга туура келет. Педагог ишинде элдик оозеки чыгармаларды: дүйнө элдеринин жомокторун, бат айтмалары, жаңылтмачтарды, тамашалуу ырларды, табышмактарды, бешик ырларын ж.б. колдоно алат.

### Болжолдуу тематикалык план

| № | *Мазмуну* | *Сааттардын саны* |
|---|---|---|
| 1. | Саламдашуу | 2 |
| 2. | Таанышуу | 2 |
| 3. | Оюнчуктар жана балдар ишмердигинин предметтери | 4 |
| 4. | Кыймыл жана аракеттер | 2 |
| 5. | Үй-бүлө | 4 |
| 6. | Эсеп | 2 |
| 7. | Адам | 2 |
| 8. | Түстөр | 4 |
| 9. | Жыл мезгилдери | 2 |
| 10. | Эмерек, идиш-аяк, буюмдар | 4 |
| 11. | Жашылча-жемиштер | 2 |
| 12. | Өсүмдүктөр | 2 |
| 13. | Азык-түлүктөр | 4 |
| 14. | Үй | 2 |
| 15. | Транспорт | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 16. | Оюндар жана оюнчуктар | 4 |
| 17. | Майрамдар жана оюн-зооктор | 2 |
| 18. | Кийим | 4 |
| 19. | Шаар жана айыл | 2 |
| 20. | Оюнчуктар дүкөнү | 2 |
| 21. | Жашылча-жемиштер дүкөнү | 2 |
| 22. | Кийим дүкөнү | 2 |
| 23. | Өтүлгөн материалды кайталоо | 6 |
| | ***Бардыгы*** | ***64*** |

## Окуу жылынын аягына карата базалык күтүлгөн натыйжалар

***1. 6 жаштагы балдардын окуу аракеттери жана жетишкендиктери:***

- педагог койгон суроолорго толук жоопту бергенди билет;
- педагогдун сөзүн белбестөн, көңүл коюп уга билет;
- теңтуштары менен мамиле түзүп, досторду тандай алат;
- аныкталган эрежелерди сактай билет;
- тапшырмаларды аткарууда коюлган максатка жетүүгө аракет кылат;
- китептерге, окуу каражаттарына этият мамиле кыла билет.

***2. 6 жаштагы балдардын предметтик билимдери, билгичтиктери, көндүмдөрү:***

- жагдайга жараша ар кандай саламдаша билет;
- кебинде башка тилдеги сөздөрдү пайдалана билет;
- жагымдуу жана одоно сөздердү айырмалай билет;
- тили окутулуп жаткан елкенүн каада-салттары тууралуу түшүнүгү бар.

***Лексикалык минимум боюнча:***

- кебинде жаңы сөздөрдү пайдалана билет;
- сөздөрдү түшүнөт жана айырмалайт.

***Грамматикалык минимум боюнча:***

- кебинде жөнөкөй сүйлөмдөрдү пайдалана билет;
- жаныбарлардын балдарынын аттарын (коён – бөжөк, жылкы – кулун) атай алат.

***Диалогдук кеп боюнча:***

- суроо берип, аларга жооп бере алат (өзү, үй-бүлөсү, туугандары, достору тууралуу);
- кептик карым-катышта сылыктыкты көрсөтө билет.

***Монологдук кеп боюнча:***

- таяныч сүрөттөр боюнча тааныш жомоктордогу каармандарды атай алат;
- багыт берген суроолор жана таяныч сүрөттөр боюнча 2-3 сүйлөмдөн турган аңгемелерди түзө алат;
- фольклордук төрт саптарды, кыска, тамаша ырларды айтып, балдар ырларын ырдап бере алат.

***Окулуп жаткан тилдин тыбыштык маданияты боюнча:***

- сөздөрдү жана кыска фразаларды так жана түшүнүктүү айта алат;
- окулуп жаткан тилдин көркөм интонациялык каражаттарын туура пайдалана билет;
- окулуп жаткан тилдеги тыбыштарды туура айта билет.

## «Орус тили – экинчи тил» программасы

Экинчи тил катары орус тилине окутуунун заманбаптыгын учурда баалабай коюуга болбойт. Эл аралык байланыштардын кеңейиши жана орус тилин билген адистердин келечеги окутуунун алгачкы баскычтарында орус тилине окутуунун баркын көтөрүү үчүн жагымдуу шарттарды жаратат. Буга байланыштуу 6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо шартында экинчи тилге окутуу програаммасын иштеп чыгуу жана окутуунун жаңы натыйжалуу усулдарын жана ыкмаларын издөө маселеси учурда курч болуп турат.

Негизги мазмундук максат катары коммуникативдик компетенттүүлүктү эсептөөгө туура келет, алар даярдоо классында/тайпада экинчи тилди үйрөнүүнүн жыйынтыгын көрсөтөт. 6 жаштагы балдарда коммуникативдик билгичтиктерди калыптандыруу социомаданий билимдөр мөнөн ажырагыс байланышта.

Бул бөлүмдүн негизги милдеттеринин бири башка тилде сүйлөгөн элдердин маданиятына, каада-салттарына, адептерине кызыгууга жана аларды урматтоого, тилдердин жана маданияттардын өз ара байланышында акыл-эстүү жана негизделген жүрүм-турумга тарбиялоо, социалдык карым-катыштын көндүмдөрүн жалпы өнүктүрүүнү колдоо болуп саналат.

## Предметтин максаттары жана милдеттери

*Экинчи тилди окуу процессинде 6 жаштагы балдарда:*

- башка тилде байланыша билүү калыптанат;
- кептик элементардык коммуникативдик билгичтиктөр өнүгөт;
- көңүл буруу, эс-тутум, ой жүгүртүү жана кыялдануу өнүгөт;
- орус тилин мындан ары да өздөштүрүүгө окуу мотивациясы өнүгөт;
- 6 жаштагы балдардын жаңы тилдик дүйнөгө коммуникативдик-психологиялык көнүгүүсү камсыз болот;
- экинчи тилди карым-катыш каражаты катары пайдаланууга карата тоскоолдуктарды жеңип өтүү камсыз болот;
- экинчи тил боюнча оозеки кепти өздөштүрүү үчүн зарыл болгон элементардык лексикалык түшүнүктөрдү өздөштүрүү камсыздалат;
- экинчи тил пайдаланылган жаңы социалдык тажрыйбага аралашуу камсыз болот;
- тили окутулуп жаткан өлкөнүн балдар фольклору жана жеткиликтүү көркөм адабий үлгүлөрү мөнөн таанышуу камсыздалат;
- башка маданияттын өкүлдөрүнө жакындык мамиле өнүгөт.

6 жаштагы балдарды экинчи тилге окутууда болушунча көрсөтмөлүү жана балдарга тааныш материалдарды пайдалануу сунушталат: тааныш жаныбарлардын жана канаттуулардын сүрөттөрү; атрибуттар; иллюстрациялар; сүрөттөр; таблицалар; сүрөт сөздүктөр; бөбөк-китепчөлөр. Тилди үйрөтүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн көркөм жана музыкалык чыгармаларды, мультфильмдерди, кинофильмдерден эпизоддорду, карточкаларды, оюндарды, жазууларды угууну, чыгармачыл тапшырмаларды, балдардын өздөрүнүн сүрөттөрүн пайдаланууга болот.

6-7 жаштагы балдардын экинчи тилди өздөштүрүүсүнүн натыйжалуу ыкмасы «Жомок-оюн» болуп саналат. Ал балага окуялардын жана маалыматтардын агымын езүнө ылайык түшүнгенге жана системалаштырганга мүмкүнчүлүк берет. Мындан сырткары, так ушул жомоктун жардамы менен баланы башка элдин жана башка елкенүн маданиятын кабыл алганга тартууга болот. Элдик чыгармачылыктын бардык башка жанры сыяктуу эле жомок климаттык, тарыхый жана бул маданиятка тиешелүү башка факторлорду жана өзгөчөлүктердү эске алуу менен түзүлүүсү эч кимге жашыруун эмес.

Экинчи тилди окутуу процессинде маанилүү роль оюнга таандык. Окуу милдеттерин чечүүнүн ыкмасы жана экинчи тилге етүүдө психологиялык колдоо катары кызмат кылат. Экинчи тилди үйренүү сабактарында кыймылдуу, ролдук, музыкалык оюндарды, ошондой эле эрежелер менен оюндарды, драмалаштырылган оюндарды, пантомималарды жана башка оюндун түрлөрүн пайдалануу керек. Педагог бала үчүн эмоционалдык жактан маанилүү оюндук карым-катышты уюштуруусу, активдүү кептик ишмердик үчүн шарт түзүүсү, экинчи тилди үйрөнүү процессине жандуу кызыгууну жаратуусу маанилүү. Баланы кызыктыруу үчүн анын реалдуу аракеттеринин кырдаалын же ал «аракет кылып жаткан жакка айланып кеткен» жагдайды жаратуу зарыл. Оюнда балдар сездүк запасын толукташат, туура айтуусун өркүндөтүшөт, ырларды жатташат, бийге түшүп, ырдашат, орус тилинде жомокторду коюшат.

Билим берүү милдеттерин ишке ашыруу үчүн педагог кыргыз, орус жазуучуларынын жана дүйнөлүк элдик классиктеринин керкем чыгармаларын кеңири пайдалануусу абзел. Педагог ез ишинде орус элдик жомокторду, жаңылмачтары, кеңүлдүү ырлары, хороводдору ж.б. колдоно алат.

Экинчи тил катары «орус тили» программасына колдон келсе, сабактарда аудио, видео материалдарды, кеп елчөмде керсетме жана таркатма материалдарды пайдаланууну кошуу шарт.

Ар бир сабактан кийин ар бир бала ата-энеси менен материалды үйде бекемдөө үчүн чакан үй тапшырмасын алат. Зарылдык учурда тапшырманы аткарууда ата-энелери жардам берет.

Экинчи тилде баарлашуу кызыктуу жана максаттуу болушу абзел. Балада башка тилдеги кепке оң психологиялык багытты жаратуу зарыл.

## «Орус тили – экинчи тил» программасынын окуу планы

Болжолдуу тематикалык план

| № | Мазмуну | Сааттардын саны |
|---|---|---|
| 1 | 1. Балдар менен орус тили тууралуу киришүү баарлашуусу. Тема: Оюнчуктар орус тилинде саламдашканга үйрөнүшүүдө. Саламдашуу жана таанышуу. Медведеванын «Матрешка» ыры.<br>2. Экинчи сабак өтүлгөн материалды кайталоо жана бекемдөөгө карата өтүлөт. Балдарды тили окутулуп жаткан өлкөдө кабыл алынган кептик этикеттин ченемдерин сактоого үйрөтүү. | 2 |
| 2 | 1. Үй-бүлө. Мамалак токойго барып, адашып кетти. Ал апасын, атасын, чоң энесин, чоң атасын же эжесин кантип чакырат?<br>2. Өтүлгөн материалды кайталоо. «Ким келди?» драмалаштырылган оюну. | 2 |
| 3 | 1. Кийим. «Куурчак Машаны кийинтели» дидактикалык оюну.<br>2. Өтүлгөн материалды кайталоо жана бекемдөө. «Сиңдиме кийимдерди сатып алуу үчүн дүкөнгө барабыз» оюну. | 2 |
| 4 | 1. Тамак-аш азыктары. Ким эмне жегенди жакшы көрөт?<br>2. Өтүлгөн материалды бекемдөө. «Конок тособуз» дидактикалык оюну. | 2 |
| 5 | 1. Идиш-аяк. Ашканадагы шкафты ачабыз. С. Маршактын «Федорино горе» чыгармасын окуу.<br>2. Бекемдөө. | 2 |
| 6 | 1. Түстөр. Боёк менен таанышуу. «Мен художник болуп төрөлгөм» баш айлантма оюну.<br>2. Бекемдөө. «Өзүң жактырган түстү танда жана апаң үчүн сүрөттү – кызыл алма, жашыл бадыраң же сары алмуруттү тарт» оюну. | 2 |
| 7 | 1. 1ден 5ке чейинки сандар. С. Маршактын «О мальчиках и девочках» чыгармасын окуу.<br>«Колдогу манжаларды санайбыз» оюну.<br>2. Эсепти бекемдөө. «Канча конок келди, чайга канча чыны керек» оюну. | 2 |
| 8 | 1. Жыл мезгили. Күз. Күз тууралуу табышмактар.<br>Стала курица считать<br>Маленьких цыпляток:<br>Желтых пять<br>И черных пять,<br>А всего десяток (программалык милдеттер: күз, түс, эсеп, канаттуулардын, алардын балапандарынын аттары).<br>2. Өтүлгөн сабакты кайталоо. | 2 |
| 9 | 1. Үй/квартира. С. Маршактын «Багаж» чыгармасын окуу.<br>2. Кайталоо. Окуган жана уккан чыгармасына байланыштуу диалогго катышууга кызыгуусун калыптандыруу. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 10 | 1. Жашылча дүкөнүнө соода-сатык үчүн баруу. Берилген тема боюнча сүреттер менен сездүк түзүүгө жана чыгармачыл иштерди аткарууга үйрөтүү.<br>2. «Жашылча-жемиш» темасын кайталоо. | 2 |
| 11 | 1. Транспорт. «Асманда, жерде, сууда». Таануу үчүн карточкалар менен иштее дидактикалык оюну.<br>2. Өтүлгөн теманы кайталоо жана бекемдөө. | 2 |
| 12 | 1. Жыл мезгили. Кыш. Кыш тууралуу орус классиктеринин чыгармаларын окуу. Белгилүү орус балдар жазуучулары, акындары менен тааныштыруу.<br>2. Кайталоо. Кыш тууралуу сүрет тартып, эмне тартылганын айтуу. | 2 |
| 13 | 1. Кесиптер. Ким эмне кылат? Этиштер. С. Михалковдун «Все работы хороши» чыгармасын окуу.<br>2. Кайталоо. «Кимдин куралы, ал кайда?» дидактикалык оюну. | 2 |
| 14 | 1. Үй жаныбарлары. С. Маршактын «Усатый - полосатый» чыгармасын жаттоо. Сүретке таянуу менен татаал эмес жомоктордун, аңгемелердин негизги маанисин түшүнгөнгө үйрөтүү.<br>2. Кайталоо. «Сүретте эмненин баласы экендигин таап, атын ата» дидактикалык оюну. | 2 |
| 15 | 1. Жаңы жыл. «Ёлочка» ыры: «Всю ёлку до макушки украсили игрушки! Вставайте в хоровод! Встречайте Новый год! (В. Берестов). Балатыны оюнчуктар менен кооздоо (оюнчуктардын женекей аттарын бекемдөө: шарик, үй, жамгыр ж.б.).<br>2. Балаты тууралуу «В лесу родилась ёлочка» ырын жаттоо. Текстти жаттатууга жана «ёлочка» сезүн туура айтууга жетишүү. | |
| 16 | 1. Үй канаттуулары. «Вышла курочка гулять» орус элдик тамашалуу ырын жаттоо. Балдарды тили окулуп жаткан өлкөнүн балдар ырларын аткарууга, ырларын жаттоого үйрөтүү.<br>2. Кайталоо. Көңүлдүү ырдын мазмунун балдардын кайталап көрсөтүшү. | 2 |
| 17 | 1. Орус элинин каада-салттары менен таанышуу (оюндар, костюмдар, тиричилик буюмдары).<br>2. Өтүлгөн материалды кайталоо. «У медведя во бору» орус элдик оюнун жаттоо. | 2 |
| 18 | 1. Наташанын туулган күнү. «Поздравляю с Днем рождения. Желаю здоровья и счастья» деген чакан текстти туура айтуу жана жаттоо. «Чебурашка и его друзья» мультфилминдеги крокодил Генанын ырын угуу.<br>2. Кайталоо жана бекемдөө. «Чебурашка и его друзья» мультфилминдеги крокодил Генанын ырын кайталап угуу жана жаттоо. | 2 |
| 19 | 1. Күн режими жана сутканын убакыттары. «Утром я встаю. Днем я учусь. Вечером я играю. Ночью я сплю» (сүрөттер боюнча) сез айкаштарын жаттоо.<br>2. Кайталоо. «Угадай, что я сейчас делаю?» пантомима оюну. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 20 | 1. «Теремок» жомок оюну. Башка маданияттын өкүлдөрүнө карата жакындык мамилени өнүктүрүү.<br>2. Балдар менен кергендөрү, баатырлар, алардын аракеттери тууралуу баарлашуу. Орус тилинин категорияларын: род, сан, түрдү өздөштүрүүсүн жакшыртуу. | 2 |
| 21 | 1. «Уул балдар жана кыздар». Сүйүктүү оюндар. Балдарга таанышууну, өзүн тааныштырууну, коштошууну, куттуктоону. Куттуктоо үчүн ыраазычылык билдирүүнү, кечирим суроону үйрөтүү.<br>2. Кайталоо. Мектеп буюмдары. «Портфелди топто» дидактикалык оюну. | 2 |
| 22 | 1. Жыл мезгили. Жаз. «Водичка, водичка» орус элдик тамашалуу ырын жаттоо.<br>2. Өтүлгөн материалды кайталоо. Тамашалуу ырларды айтуу боюнча катарлардын ортосундагы мелдеш. | 2 |
| 23 | 1. Этиштер менен таанышуу. «Кто что делает?», сүрөттөр боюнча аткаруу.<br>2. Өтүлгөн материалды кайталоо. «Жили у бабуси …» орус элдик тамашалуу ырын жаттоо. | 2 |
| 24 | 1. Үй/квартира, эмерек темасын кайталоо.<br>2. Сүреттөр боюнча «Эмне ашыкча?» дидактикалык оюну. | 2 |
| 25 | 1. Жомок оюн: «Репка» жомогун драмалаштыруу. Балдарды сураныч менен кайрылууга жана суранычка макул болууну же андан баш тартууну айтууга үйрөтүү.<br>2. Өтүлгөн материалды кайталоо. Жомок боюнча суроолорго жооптор. | 2 |
| 26 | 1. Жомок оюн: «Колобок» жомогун драмалаштыруу. Балдарды ролдук оюндарга катышканга жана айрым сөздөрдү жаттап калганга үйрөтүү.<br>2. Өтүлгөн материалды кайталоо. Жомок боюнча суроолорго жооптор. | 2 |
| 27 | 1. Жомок оюн: «Курочка Ряба» жомогун драмалаштыруу.<br>2. Бекемдөө. Өтүлгөн жомокту «суроолор», «жооптор» боюнча талкуулоо. Балдардын суроо бере билүү билгичтиктерин калыптандыруу - Ким? Эмне? Качан? Кайда? Каякка? жана бул суроолорго жооп берүү. | 2 |
| 28 | 1. «Өзүң жөнүндө айтып бер» диалогу. Топтордо иштөө. Сабакта диалогдук пикирлешүү учурунда балдарды мугалимдин жана маектешинин кебин, жөнөкөй маалыматтарды түшүнүп, кабыл алганга үйрөтүү.<br>2. Бекемдөө. Өтүлгөн тема боюнча жөнөкөй суроолорду бергенге жана аларга жооп бергенге үйрөтүү. | 2 |
| 29 | 1. А. Бартонун «Мой веселый звонкий мяч» чыгармасын жаттоо. Логоритмика.<br>2. Жатталган материалды кайталоо. Балдарды диалогго катышууга үйрөтүү. | 2 |
| 30 | 1. Жыл мезгили. Жай. Жайкы айларды жаттоо. Жай тууралуу орус тилинде сүйлөгендер менен диалог.<br>2. Өтүлгөн материалды кайталоо. Жай тууралуу ырларды угуу. Балдарды жай тууралуу бөбөк-китептерди түзгөнгө катышууга үйрөтүү. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 31 | 1. В. Маяковскийдин «Что такое хорошо и что такое плохо?» ырын окуу.<br>2. Балдарда башка кепти кеңүл буруп укканга жана кепти маанилик бөлүктерге, сездөргө, муундарга, тыбыштарга белүү билгичтигин калыптандыруу.<br>3. Өтүлген материалды кайталоо. Жүрүм-турум эрежелери боюнча жаңы сездер менен таанышуу. | 2 |
| 32 | 1. Жуп болуп иштее. Теңтуштары менен «Менин үй-бүлем» темасына диалог. Балдарды мурда жатталган сездердү пайдалануу менен езү, үй-бүлесү, досу тууралуу кыскача айтып бергенге үйретүү.<br>2. Жыйынтыктоо. «Менин үй-бүлем» темасына сүрет тартуу, сүреттү сез менен кыскача сыпаттоо. Балдарды маекти колдоого үйретүү (10 репликага чейин). | 2 |
| | ***Бардыгы*** | ***64*** |

## Окуу жылынын аягына карата базалык күтүлгөн натыйжалар

***1. 6 жаштагы балдардын окуу аракеттери жана жетишкендиктери:***

- драмалаштырууларга, жомок-оюндарга, пантомималарга, концерттерге катышат;
- суроолорго жооп бере билет;
- суроо бере билет;
- чыгып сүйлееге даярданууга катышат;
- орус тилине арналган иш-чараларга, майрамдарга катышат;
- окуу материалдарына этият мамиле кыла билет;
- сүрөт менен сездүктөрдү түзгендү, чыгармачыл иштерди аткара билет;
- ролдук оюндарга катышат;
- топто, жуп болуп иштей билет;
- жекече тапшырмаларды аткара билет;
- саламдашып, саламдашууга жооп бере билет;
- таанышып, езүн тааныштырып, коштошуп, куттуктап, куттуктоо үчүн ыраазычылык билдирип, кечирим сурай билет.

## *2. 6 жаштагы балдардын предметтик билимдери, билгичтиктери, көндүмдөрү*

*Кептик ишмердик:*

- күнделүк пикирлешүү жагдайларындагы, ошондой эле окулган жана угулган чыгармаларга байланыштуу диалогдорго катышат;
- этикет мүнөзүндөгү диалогдорго катышат: саламдашуу, саламдашууга жооп берүү, таанышуу, өзүн тааныштыруу, коштошуу, куттуктоо, куттуктоо үчүн ыраазычылык билдирүү, кечирим суроо;
- тили окутулуп жаткан өлкөдөгү кептик этикеттин ченемдерин сактайт;
- суроо берип: – Ким? Эмне? Качан? Кайда? Каякка? жана бул суроолорго жооп бере билет;
- сураныч менен кайрылып, сураныччка макулдук же баш тартуу менен жооп берүүнү билет;
- кептик интонациянын өзгөрүшүн эске алуу менен диалогго катышат;
- чакан монологдук айтууларды түзөт: өзү, досу, үй-бүлөсү тууралуу аңгеме айтат, сүрөттөрдү, буюмдарды, курчап турган дүйнөнүн көрүнүштөрүн, сүрөттөрдү пайдаланып, өтүлгөн чыгармадагы каармандарды сыпаттайт;
- маектешүүнү 10 репликага чейин колдой билет.

*Угуу (аудио):*

- сабактагы диалогдук пикирлешүү учурунда педагогдун, теңтуштарынын кебин, чакан жөнөкөй маалыматтарды түшүнөт жана кабыл алат;
- сүрөттөргө таянуу менен татаал эмес жомоктордун, аңгемелердин негизги маанисин түшүнөт;
- сөздөгү жана сүйлөмдөгү басымдын ченемдерин сактайт;
- көпти маанилик майда бөлүктөргө, сөздөргө, муундарга, тыбыштарга бөлө билет.

*Социомаданий компетенттүүлүк:*

- тили үйрөнүлүп жаткан өлкөнүн атын билет;
- тили үйрөнүлүп жаткан өлкөнүн балдар адабий чыгармаларынын белгилүү каармандарынын аттарын билет;
- тили үйрөнүлүп жаткан өлкөнүн белгилүү балдар акын-жазуучуларынын аттарын билет;

- тили үйрөнүлүп жаткан елкенүн балдар ырларын, чыгармаларын аткарат;
- бөбек-китептерди түзүүгө катышат;
- езү, үй-бүлесү, досу тууралуу кыскача айтып берет;
- 6 жаштагы балдар үчүн жергиликтүү деңгээлде тилди билгендер менен маектешет;
- башка маданияттын екүлдерүне жакындык мамилесин өнүктүрет;
- үйрөнүлүп жаткан тилди пикирлешүү каражаты катары пайдаланууда психология-лык тоскоолдуктарды жеңе билет.

## VIII бөлүм. Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген (ДМЧ) балдарды инклюзивдик окутуу

Педагогикалык илимдин жана практиканын заманбап жана социалдык жактан маанилүү көйгөйлерүнүн бири – учурда ден соолук мүмкүнчүлүгү жана жашоо ишмердиги чектелген балдарды массалык жалпы билим берүүчү уюмдардын шартында окутуу жана тарбиялоо, аны илимий жана усулдук жактан бекемдөө, окуу процессин кадрдык, техникалык жана маалыматтык жактан тиешелүү камсыздоо маселеси болуп саналат. Бул милдеттерди аткарууну жалпы билим берүүчү уюмдарда жагымдуу билим берүү чөйрөсүн түзүү менен гана чечүүгө болот, анда окуу процесси ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн абдан жагымдуу шарттарда етет.

Кыргыз Республикасынын нормативдик жана укуктук документеринде «Мектепке чейинки билим берүүнүн жана мектепке чейинки курактагы балдарды енүктүрүүнүн негизги милдеттери: баланын есүүгө болгон жекече муктаждыктарын эртелеп аныктоо жана ага тиешелүү инклюзивдик билим берүү жана аны менен байланышкан кызматтарды көрсетүү» болуп саналат, б.а. Кыргыз республикасынын «Мектепке чейинки билим женүнде» мыйзамы ата-энелердин ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдарын жалпы билим берүүчү уюмдарда инклюзивдик билим берүүгү болгон укугун камсыздайт.

Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген (ДМЧ) балдарды массалык жалпы билим берүүчү уюмдардын шартында инклюзивдик окутуу, ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды мындай чектөөлерү жок балдар менен бирге жалпы билим берүү уюмдарынын бир классында/тайпасында окутууда уюштурулушу мүмкүн (инклюзивдик билим берүү). Инклюзивдик билим берүү ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды натыйжалуу окутуу процесси болуп саналат, ал мындай балдарды коомго жуурулуштуруу милдетин, аларды социалдык көнүктүрүү кейгейүн, ошондой эле бүгүнкү күндөгү колдо бар ресурстар менен сапаттуу билим берүү маселесин натыйжалуу чечүүгө мүмкүнчүлүк берет.

## Ден соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген (ДМЧ) балдардын өзгөчөлүктөрү

Түрдүү категориядагы ДМЧ балдарда езгече билим алуу муктаждыктары айырмаланат, анткени ал өнүгүүнүн (угуу, керүү, интеллектуалдык енүгүү, таяныч-кыймылдоо системасы) кемчилдигине жараша болот, демек, педагог тарабынан ушуга жараша окуу процессин куруунун усулдары жана ыкмалары аныкталат жана билим берүүнүн мазмунунан, түзүмүнөн орун алат. Буга байланыштуу бардык ДМЧ балдарга керектүү тиешелүү шарттарды түзүүгө карата мүнөзү боюнча өзгөчө болгон талаптарды белүп көрсетүүгө болот:

- езгече муктаждыктарды эске алуу менен окутууну жекелештирүү;
- билим берүү чөйресүн атайын уюштурууну камсыз кылуу:
- езгече мейкиндик чөйресүн түзүү – усулдук жана медициналык шарттарга ылайык шарттарды түзүү;
- мезгилдик (болжолдуу) чөйрөнү түзүү – баланын көнүгүшүү мезгилине карата жекече психологиялык өзгөчелүктөрүн, айлана чөйреге көнүгүүсүн (партанын артында орун), сабакты тандоо жана сабактын башталыш убактысын эске алуу;
- билим берүү мейкиндиги билим берүү мекемесинен сырткары болушу кажет, анткени 6 жаштагы балдар «изилдеечүлер» болушат, демек, алынган материалды бекемдөөнү айлана чөйрөнү (табият жана турмуштук кубулуштарды) байкоо аркылуу жүргүзүү зарыл;
- эмгек ишмердигинин жана өзүн өзү тейлеенүн элементтерин пайдалануу менен балдарды турмуштук кендүмдерге үйрөтүү.

## ДМЧ балдарды инклюзивдик окутуунун максаттары жана милдеттери

ДМЧ балдарды инклюзивдик окутуунун максаты – аларга болушунча толук кандуу социалдык жашоо, балдар жамаатына активдүү катышуу мүмкүнчүлүгүн берүү, коомчулуктун толук кандуу мүчесү катары аларга толук ез ара байланышты жана камкордукту камсыз кылуу. Таанып-билүү жөндемүнө жана даярдык деңгээлине карабастан, башка балдар менен топто чогуу иштөе аркылуу ар бир баланын таанып-билүүчүлүк жана инсандык активдүүлүгүнүн есүүсүне көмөк керсетүү керек. Бардык балдардын, анын ичинде үйүнде окуган балдардын, предметтик чейрөлөргө катышуусун камсыз кылуу абзел. Алар татаал эмес үй тапшырмаларын аткарып, дубал газета үчүн материалдарды тандап, чыгармачыл иштерди, үлгүлөрдү ж.б. даярдай алышат, алардын салымы педагог тарабынан бааланышы керек. Маанилүү педагогикалык максаттардын бири компенсациялык мүмкүнчүлүктерүн эске алуу, коомчулуктун кеңүл буруусун жана кызыгуусун калыптандыруу, ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга карата балдардын жана чоң адамдардын тилектештигин жакшыртуу аркылуу баланын потенциалын енүктүрүү болуп саналат.

## ДМЧ балдарды жуурулуштуруп окутууга негизги талаптар

1. Атайын изилдееден еткен (баланы изилдее ата-энелеринин же мыйзамдуу екулдерунун катышуусунда еткерулет) жана ПМПКнын (психолого-медико-педагогикалык кеңеш беруу) бутумун алган балдар инклюзивдик окутууга (тиешелуу шарттар болгондо) тартылат, ПМПКнын бутуму баланы 6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо классына/тайпасына алганга негиз болот:

- угуусу темен (кептик чейреде) 60 ДБга чейин, есуусунде аны коштогон кемчилдиктери жок балдар;
- кезунун курчтугу 0,1ден темен эмес, осуусунде аны коштогон кемчилдиктери жок балдар;
- интеллектуалдык онугуусун сактоо менен таяныч-кыймылдоо аппаратында кемчилдиги бар балдар (оз алдынча жылып журе албаган балдар ата-энелеринин же аларды алмаштырган адамдардын коштоосунда мектепке келишет, башка учурларда окутуу уй шартында отот);
- психикалык есуусунде кечигуу бар, интеллектуалдык енугуу мумкунчулуктеру сакталган балдар:

  – акыл-эси кемдиктин жеңил туру;

  – суйлее кеби бузулган балдар.

2. Өсуусунде оор сенсордук, денелик жана интеллектуалдык кемчилдиги бар балдар, алар ПМПКнын бутумунун негизинде жалпы билим беруучу уюмдарга инклюзивдик окутууга тартылбайт (же чектелип тартылат):

- угуусун темендеп (кептик чейреде), 75 ДБдан аз (же угуунун темендешунун акыл-эс, коруу, балдар церебралдык параличи (БЦП) кемчилдиги менен кошулган) балдар;
- коруусу начарлап, 0,1ден темен (же коруунун начарлашынын башка коздун кызматтарынын бузулушу, акыл-эс жагынан артта калуусу, угуунун начарлашы, БЦП менен кошулган) балдар;
- терең/ жеңил деңгээлде акыл-эс кемчилдиги бар балдар;
- БЦП интеллект, коруу, угуу кемчилдиги менен кошулган балдар.

## Инклюзивдик билим берүүнү уюштуруу

*Буларды эске алуу зарыл:*

1. Баланын мүмкүнчүлүктөрү: дефекттин көрүнүшү, жакынкы өсүү зонасы, б.а. баланын мүмкүнчүлүгүн эске алып, чоң адамдын жетекчилигинде маселелерди чечүү менен кандай потенциалдуу өнүгүү деңгээлине жетүүгө болот.

2. Социалдык чөйрөнүн даярдыгы (үйдө тарбиялоо шарттары, балага ата-энесинин, окуган жалпы билим берүү мекемесиндеги педагогдордун, теңтуштарынын ата-энесинин тиешелүү жардам көрсөтүү мүмкүнчүлүгү).

3. Мектептин билим берүү чөйрөсүнүн жуурулуштуруп окутулган баланын муктаждыктарына туура келиши. ДМЧ балдарды окутуу системасынын мүнөздүү өзгөчөлүгү жекече өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен комплекстүү мамиле болуп саналат:

   - ПМПКнын диагностикалык-кеңеш берүү кызматынын бүтүмүнүн (диагнозду эске алган) болушу;

   - адистердин болушу жана өз ара аракети: медайымдар, психолог, атайын педагог (дефектолог), логопед, ата-эне менен педагог, адистердин кеп-кеңеши (мектепте, медборбордо же ПМПКда);

   - класста/тайпада ДМЧ экиден ашпаган бала болот;

   - балдарды медициналык мекемелерде дарылоо жана изилдөө.

4. Жалпы билим берүүчү уюмдарга ДМЧ балдарды алуу ПМПКнын бүтүмүнүн негизинде ишке ашат, мектепке кабыл алууда бардык зарыл документтер, ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) арызы жалпы билим берүүчү мекеменин жетекчисинин буйругу менен толтурулат.

5. Тайпадагы/класстагы балдардын коопсуздугун сактоо максатында агрессивдүү ДМЧ балдарды кабыл алууга тыюу салынат.

## Инклюзивдик иштин негизги принциптери жана эрежелери

1. Ар бир балага жекече мамиле.

2. 6-7 жаштагы балдардын таанып-билүү ишмердигин активдештирүүчү, алардын оозеки кебин жана графикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүчү, зарыл окуу билгичтиктерин калыптандыруучу усулдарды пайдалануу.

3. Педагогикалык тактты көрсетүү, болор-болбос ийгилик үчүн да дайыма колдоо, өз убагындагы жардам, баладагы өз күчүнө жана мүмкүнчүлүгүнө ишенүүнү өнүктүрүү;

4. Көлөмү жана убактысы аныкталган материалды берүү.

*ДМЧ балдардын эмоционалдык жана таанып билүү чөйрөсүнө педагогикалык таасир этүүнүн натыйжалуу ыкмалары болуп булар саналат:*

- оюн кырдаалдары;
- предметтердин түрлер жана тектер боюнча белгилерин издөө менен байланышкан дидактикалык оюндар;
- башкалар менен пикирлеше билүүсүн енүктүрүүчү оюн тренингдери;
- бетте жана колдун манжаларындагы тарамыштардын кысылып жана жабышып калуусун жок кылуучу көнүгүүлөр;
- сабакка барууну бала тандап, баланын кызыкчылыгына туура келиши керек, енүктүрүүчү мүнездегү сабактарга, эмгек ишмердигинин элементтери менен баланын ез алдынчалуулугун естүрүүчү сабактарга баруу сунушталат;
- катыша турган сабактардын саны чарчоо деңгээлине жараша жекече аныкталат;
- балдар окуу процессинде стационарда дарыланууда (мезгил-мезгили менен) болуп калышы мүмкүн, ошондуктан ДМЧ балдардын окутуу программасынын материалын 100% өздештүрүүсүнө катуу талап коюунун кереги жок. Мындай учурларда ДМЧ балдардын окутуу курсун 6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо тайпасында кайталоосуна жол берилет, бул эреже аларга гана тиешелүү болот.

ДМЧ балдарды окутууда 6 жаштагы балдарга мектепке даярдоо класстарында/тайпаларында билим берүү боюнча жалпы даярдоо программасына таянышы керек, бирок усулдар жана ыкмалар балдардын түрдүү типологиялык жана жекече муктаждыктарын эске алуу менен ыңгайлаштырылышы керек. Педагогдор менен ата-энелер жуурулуштурууну эле ойлоп туруп албай, аны биринчи кезекте, баланы естүрүү үчүн абдан жагымдуу шарт түзүү мүмкүнчүлүгү жана ыкмасы катары кароо керек.

## Окуу- тарбия процессин уюштуруу

Билим берүү системасынын максаттарын ийгиликтүү ишке ашыруу ДМЧ балдарды окутууну уюштуруунун түрдүү формаларынан (жекече, жуп болуп, топто) жана окутуу шарттарынын варианттарынан (мектепте, мектепке чейин билим берүү уюмдары, үйде, бириктирип) көз каранды болот.

Окуу сабактарынын расписаниесинин бир нече түрүн иштеп чыгуу зарыл: балдар жана педагогдор үчүн сабактардын расписаниеси; үйде же үйдө-мектепте окуган балдар үчүн сабактардын расписаниеси; жекече жана топтогу сабактардын расписаниеси. Бардык расписаниелер динамикалуу мүнезге ээ болушу абзел. Билим берүү процессин уюштуруунун негизги формасы болуп жуурулуштурулган сабак эсептелет.

Тиешелүү инсандык сапаттарга ДМЧ балдар менен иштечүү педагогикалык кадрлар ээ болушу мүмкүн. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштөө педагогдон чөнөмсиз чыдамкайлыкты, талап коюу менен кайрымдуулукту принциптүүлүк менен айкалыштыра билүүнү талап кылат. Педагог усулдук сунуштарды эске алуу менен ДМЧ балдар менен иштөө усулдарына жана ыкмаларына ээ болушу керек.

Дене тарбия менен жалпы сабактар туура келбей турган балдардын ден соолугун сактоо максатында педагог ДМЧ балага дарылоо дене тарбиясы менен жашаган жеринде алектенүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылышы зарыл. Бул сабактарды бейтапкананын (медициналык борбордун) дарылоо дене маданият (ДДМ) инструктору ар бир балага жекече иштеп чыгат жана өткөрөт.

Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштөөдө жалпы билим берүү уюмдарынын алдында мүмкүнчүлүгү чектелген *балдарды коштоо кызматы* болушу шарт, анда: медициналык кызматкер, педагог-психолог, кошумча билими бар педагог, дене тарбия педагогу, анын медициналык билими болсо жакшы, дефектолог, социалдык педагог же төмөнкү адистер менен кызматташтык жолго коюлган болушу абзел: ПМПК, медициналык борборлор ж.б.

Инклюзивдик билим берүүнү уюштурууга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын адистери, райондогу (облустагы) психолого-медико-педагогикалык комиссиянын адистери, билим берүү уюмдарынын администрациясы.

*Экскурсиялык ишмердик*

Психофизикалык мүнөздөгү кейгейлерге жана ДМЧ балдардын үй-бүлөсүнүн социалдык жактан корголбогондугуна байланыштуу түрдүү иш-чараларды өткөрүү үчүн булар зарыл:

- ата-энелерди коштоочу катары тартуу;
- мектеп администрациясынын музейдин администрациясына жазуу түрүндөгү сурамычынын негизинде экскурсияларды колдон келсе акысыз өткөрүү;
- тайпадан тышкаркы иштерде виртуалдык экскурсияларды (элестетүүсүн, эс-тутумун өстүрүү) пайдалануу.

*Жалпы мектептик иш-чаралар*

Белгилүү даталарга жана коомдук маанилүү окуяларга арналган жалпы мектептик майрамдардын жана иш-чаралардын тематикасы салттуу эле болот. ДМЧ балдарды жөндөмүнө, кебинин өсүү деңгээлине, нервдик-психикалык оорусуна, дене кемчилдигине карабастан активдүү ишмердикке (мисалы, спектаклге катышуу) тартуу сунушталат.

*Дене чыңдоочу спорттук иш-чаралар*

Мүмкүнчүлүктүн болушуна жараша ДМЧ балдарды тигил же бул спорттук-дене чыңдоого тартса болот. Дене тарбия педагогунун жана дарылоо дене маданияты (ДДМ) ишинин негизги принциби окутуунун бардык мезгилинде балдардын кейгейүнө комплекстүү мамиле жасоо болуп саналат. Дене тарбия жана ДДМ сабактарында баланы дене жагынан тарбиялоо гана максаты коюлбайт. Биринчи кезекте, баланы ар тараптуу енүктүрүү үчүн шарт түзүлет, ал баланын инсандык потенциалын болушунча ачканга жардам бериши абзел. ДДМ педагогунун иштее усулдары жана формалары баланын эмоционалдык оң абалын жаратканга багытталган, бул анын денесинин жалпы жакшырышына кемек керсетет. Башкы акцент балдар оорусун унутуп коё турган спорттук оюндарга жасалат. Сабактарда түрдүү медициналык керсеткүчтерге ээ балдар үчүн атайын ДДМ комплекстери пайдаланылат. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн теннис, минифутбол, баскетбол боюнча турнирлер еткөрүлөт, тренажердук зал (бар болсо) активдүү пайдаланылат.

*Натыйжалуулук*

Билим берүү ишмердигинде алынган натыйжаларды жана баланын жетишкендиктерин аныктоо максатында педагог таанып-билүү ишмердигинин өсүүсүнө ички мониторингди өткерүшү керек: окуу ишмердигинин башында, ортосунда, жана аягында. ДМЧ бала женөкей билимдерди жана билгичтиктерди узак убакытта ездөштүрүшү (ар бир ДМЧ бала жекече) мүмкүн, андыктан, зарыл болгон учурда 6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо тайпаларында окутуу курсун кайталоого туура келет.

## IX бөлүм. Окуудагы жетишкендиктерге жана балдардын өнүгүүсүнө мониторинг жасоо жана баалоо

Мониторинг жасоо жана баалоо билим берүү процессинде баланын жетишкендиктерине көз салуу болуп эсептелинет жана жетишкендиктерди эске алып, кийинки сабактардын түзүлүшү баланын өсүүсүнө багытталган. Мониторинг жүргүзүү менен баалоо топтоочу мүнөзгө ээ, ошондуктан балдардын иши окутуунун бардык мезгилин кучагына алат. Баланын мониторинг жүргүзүү жана баалоо процессине тартылышы колдоого аларлык, ал позитивдүү мүнезгө ээ жана жыйынтыгында бала езүн баалоонун маңызын аңдап-түшүне баштайт. Мониторинг менен баалоонун предмети болуп ар бир окуучунун жетишкендиги эсептелинет, бул жетишкендиктер башка балдардын жетишкендиктери менен салыштырылбашы керек.

## Мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун регламенттик негизи, норматив-дик документтери

Баланын енүгүүсүн жана окуусунун жетишкендиктерин баалоо жана мониторинг жасоо 2007-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик стандартында сунушталган 6-7 жаштагы баланын енүгүү индикаторлорунун негизинде жүргүзүлет. Стандарттын декларациясына ылайык мониторинг жана баалоо билим берүүнүн жыйынтыктарын, педагогикалык процесстин проблемалуу жактарын жана күтүлген жыйынтыктарды аныктоо үчүн, ошондой эле мектепке чейинки билим берүүнүн жана балдарды кароонун милдеттерине жана максаттарына жетүүнү жакшыртуу үчүн ишке ашат.

*Мониторинг менен баалоонун объектиси болуп:*

- балдардын ден соолугу жана коопсуздугу үчүн шарт;
- имарат жана участоктор, материалдар жана жабдуулар;
- билим берүүнүн кызматын ишке ашырган жана балдарды караган жактар;
- билим берүүчү-программалык документтер, усулдук колдонмолор, ойной турган жана дидактикалык материалдар;
- үй-бүлө жана коомчулук менен ез ара аракеттенүүчү механизм;
- балдардын ден соолугунун жана өнүгүүсүнүн деңгээли.

Кыргыз Республикасынын орто жалпы билим берүүсүнүн Алкактык Улуттук куррикулуму баланын өнүгүүсүнүн жана окуусунун жетишкендиктерин баалоо жана мониторинг жүргүзүүдө темендегүдөй ыкмаларды жана усулдарды сунуштайт:

| | |
|---|---|
| • баланын жетишкендигин педагог менен оозеки баалоо;<br>• эмоционалдык (мактоо же сындоо) баалоо;<br>• балдардын бири-бирин баалоосу;<br>• окуучунун ездүк чыгармачылыгын баалоо (жекече мамиле);<br>• тематикалык карточкалардын жардамы менен баалоо;<br>• окуучунун езүн езү баалоосу (өзүн баалоо жана езүне анализ жасоо);<br>• презентациянын жардамы менен тапшырманы баалоо; | • езүнүн оюн коргоо (презентация);<br>• топтун ишин презентациялоо;<br>• ата-энелерди сурамжылоо каражаты;<br>• менен баланын енүгүүсүн баалоо;<br>• балдардын өз алдынча иштери;<br>• текшерүү иштери;<br>• суроолорго оозеки жооптор;<br>• балл менен баалоо;<br>• чыгармачыл иштер;<br>• аңгемелешүү; |

| | |
|---|---|
| • окуучунун сабактагы ишмердиги боюнча пикирин билдирүү;<br>• рефераттардын жардамы менен баалоо;<br>• долбоорлордун жардамы менен баалоо;<br>• текшерүүчү тесттер;<br>• текшерүү жумуштары;<br>• портфолио;<br>• портфолиону коргоо; | • ыраазычылык билдирүү;<br>• эмоционалдык баалоо (начар жана күчтүү жактарын белгилее);<br>• жекече чыгармачыл иштер;<br>• езүнүн оюн баалоо (презентация);<br>• тема боюнча тесттер;<br>• текшерүү иштери;<br>• оозеки сурамжылоо;<br>• аңгемелешүү;<br>• «ардак такта». |

*Эскертүү:*

Мониторинг куралдарын *№1 тиркемеден* карагыла.

# ТИРКЕМЕ

*1-ТИРКЕМЕ.* **Окуудагы жетишкендиктерге жана балдардын өнүгүүсүнө мониторинг жасоо жана баалоо**

## Мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун методологиясы

Мониторинг жүргүзүү жана баалоо баланын өнүгүүсүн жана окуудагы жетишкендигин көзөмелдөө үчүн жүргүзүлөт, алынган жыйынтыктын негизинде окутуучу пландар жана материалдар түзүлөт жана оңдоп түзөлөт. Баланын жетишкендигине байкоо жүргүзүү, конкреттүү кырдаалды жазуу, күндөлүктөрүн анализдөө, окуучунун реалдуу ишинин үлгүсү, аңгемелешүү, портфолио, тесттер, тапшырмалар жана башка жолдор менен белгиленет. Педагогдор балдардын кантип окуп, ойноп, материалды кантип өздөштүрүп, бири-бири менен кантип өз ара мамиле кылганын байкоонун жардамы менен дайыма балдардын өнүгүүсүнө жана окуусуна мониторинг жүргүзүшү керек. Бул байкоолордун кээ бирлери формалдуу эмес болушу мүмкүн, башкалары бала кандайдыр бир конкреттүү билгичтикти, билимди жана көндүмдөрдү өздөштүргөнүн текшерүү үчүн жүргүзүлөт. Байкоонун бул эки түрү баланын өнүгүүсүн баалоо жана анын окутуудагы жетишкендиктери үчүн маанилүү маалымат берет.

Балдардын артынан системалуу байкоо жүргүзүү менен педагогдор айрым балдардын жана топтордун кызыкчылыгын жана муктаждыгын эске алып, окутуунун кыска жана узак мөөнөттүү планын түзүшөт, балдарга жардам катарында кийинки окуусунда ийгилик коштоп жүрсүн үчүн колдоо жана чакырыктарды (кыйынчылыктар) сунушташат. Педагог окутуу процессин жана натыйжасын чагылдырган системалуу байкоону жана балдардын өсүүсүнө туура келген формативдик (учурдагы) баалоо куралдарын пайдаланганда балдар:

- өзүнүн «менин» жана өзүн өзү баалоону өнүктүрөт;
- педагог балдар жаңы түшүнүктөрдү кабыл алууга даяр болгондо жана жаңы көндүмдөргө ээ болгондо, өзүнүн окуусун тездетерин билет, ошондуктан педагог алардын көндүмдөрүн жана билимдерин өнүктүрүү үчүн балдарга «таяныч» сунуштоого шарт түзөт, ошондуктан сабакты пландаштырат;
- жаңыча окутуу чоң даярдык менен жүргүзүлөт: байкоолор жана кезектеги баалоонун башка түрлөрү (формативдик) балдарга «акыркы баа» түрүндө «балл» коюуда эмес, аларга жакшы окууда жардам берет, анда балдар азыраак тынчсызданышат, ката кетирүүдөн абайлашат жана окутууда ачык айрым болушат.

***Мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун максаты:***

- деңгээлин аныктоо: окутуудагы жетишкендик; балада езүн кеземелдеенү өнүктүрүү; жеке жүрүм-турумун башкаруу жендемдүүлүгү деңгээлин аныктоо;
- билим берүү иштерин пландаштырууда жана окутуу процессин жекелештирүү үчүн мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун жыйынтыктарын пайдалануу;
- кошумча жардам керек болгон балдарды (ДМЧ балдар да) таап чыгуу;
- балдарынын окуусу жана енүгүүсү женүндө ата-энелерди кабардар кылуу;
- окуу процессинде балдардын жетишкендиктери женүнде маалыматты администрацияга сунуштоо.

***Байкоо жүргүзүү боюнча жыйынтык жазуулары***

Педагог баланы окутуудагы прогресске анализ жасоо жана жаңы окуу милдеттерин пландаштыруу үчүн байкоонун жыйынтыктары боюнча дайыма жазууларды жүргүзет. Байкоо топтогу балдарга жана жеке балдарга узак убакытка ар түрдүү кырдаалда жүргүзүлет, ал педагогго енүгүүнүн жекече езгечөлүгүн таап чыгууга, баланын жүрүм-турумунда атайын бир мыйзам ченемди жана окутууну жекелештирүүгө жардам берет.

Усулдардын биреесүнде педагог кагаздын кичинекей баракчасына белгилерди жазат, андан кийин айрым балдардын енүгүүсү же предметтик тармак боюнча файлдарга бөлүштүрет; жазууга киришүүнүн жана классификациялоонун дагы башка көп жакшы жолдору бар. Педагогго маал-маалы мөнөн өзүнүн байкагандарын, жазгандарын карап турган пайдалуу, бардык балдарда документация барбы, мүмкүн кээ бир балдарда предметтик чейре же енүгүүнүн кээ бир облустары боюнча маалыматтар бар. Педагог мындай боштукту көргөндө ага кийинки күнү бул балдарга же өнүгүүнүн бул чейресүнө кеңүл буруусу керек. Бул байкоолордо педагог жума сайын үйүнө женетүлген ар бир баланын ийгилиги жөнүнде кыска жазууларды пайдаланса болот, ошондой эле езүнүн кыска жазууларында да пайдаланса болот. Педагогдор алардын байкоо жазуулары балдар женүндө ой-пикир эмес, балдар чындыгында эмне кылышкандыгын сыпаттоо болушу керектиги женүндө кам керүшү керек.

Ой-пикир баланы так кере билүүде педагогдун жендемүнө таасир этиши мүмкүн. Алар баалоочу сөз – ой-пикирлерди камтып албаганына ишениш үчүн маал-маалы менен байкоонун жазууларына анализ жүргүзүп турушу керек.

***Балдарга байкоону киргизүү жана бул байкоолор жөнүндө жазуулар боюнча сунуштар:***

- байкоонун максатын аныктагыла;
- убактысын көрсетүп, кырдаалды жазып бергиле;
- сыпаттап жазуу так жана конкреттүү болушу керек;
- жазуунун женөкей системасын пайдалангыла (жумушчу дептер, күндөлүк, байкоочу журнал ж.б.у.с.).

***Портфолио баланын өнүгүүсүн жана окуусунун жетишкендигин байкоочу форма катары***

***Жалпы портфолио***

Баланын эмгектери сакталган папканы билдирет. «Жалпы портфолиого» төмөнкүлөрдү киргизсе болот:

- баланын жазуу иштеринин үлгүлөрү, окулган аңгемелердин тизмеси жана окуу боюнча текшерүү барактары;
- окулганга карата реакция кылуусунун үлгүлөрү, окулган китептерге карата жоопторунун мүнөзү, ачык суроолорго берилген айрым жооптор;
- майда иштердин экспонаттары (чаптоо боюнча ж.б.);
- математика жана жазуу боюнча текшерүү баракчалары.

***Демонстрациялык портфолио*** Баланын прогрессин жана жетишкендигин күбөлөндүргөн анын иштери сакталган папканы/коробканы билдирет. Ага бир же бир нече предметтер боюнча материалдар салынышы мүмкүн. Портфолио ата-энелерге көрсөтүү үчүн жасалат. Бул портфолиого төмөнкүлөр кирет:

- баланын өсүүсүнүн жана жетишкендиктеринин күбөсү болгон «жалпы портфолиодон» алынган айрым мыкты иштер;
- баланын дүйнө таанымын чагылдырган иштер жана бул конкреттүү ишти тандап алуунун негиздемеси;
- үй-бүлөсүнүн, досторунун сүрөттөрү жана баланын жетишкендиктери ж.б. менен папка («өзүн өзү урматтоо папкасы»).

***Баалоо портфолиосу***

Бул документтердин топтому, ал баланын прогрессин баалайт жана жалпы баалоонун бөлүгү болуп саналат. Бул папкада окуучунун «демонстрациялык портфолиодон» алынган иштеринин көчүрмөлөрү, педагог тарабынан түзүлгөн тесттер, конкреттүү байкоолордун жазуулары, ошондой эле педагогго керек каалаган документтер сакталат. Мисалы:

- «демонстрациялык портфолиодогу» материалдардын көчүрмөлөрү;
- байкоо боюнча жазуулар;
- маектешүү боюнча жазуулар;
- баланын кызыкчылыктарын сыпаттоо;
- педагог түзгөн тесттер.

**Баалоо**

Баалоо педагогго сабакты пландаштыруу үчүн, алынган маалыматты пайдаланууга шарт түзөт. Баланын жетишкендигин баалоо үчүн баланын ишмердигин конкреттүү эсепке алуу үчүн сүрөттөрдү, аудиожазууларды пайдаланса болот.

***Баалоо төмөнкүдөй болушу кажет:***

- ар бир бала эмнени аткара албаганын эмес, анын күчтүү жактарын чагылдыруу;
- мындан ары окутуу үчүн маалыматты берүү, ал эмнеге жана кантип окутууну көрсөтмөк;
- алдыдагы окутуунун бөлүгү болуу;
- комплекстүү болуу жана социалдык-эмоционалдык да, когнитивдик да өсүүнү чагылдыруу;
- педагог-ата-энелердин жана педагог-балдардын активдүү биргелешкен баалоолорун киргизүү;
- окутуунун маанилүүлүгүн белгилөө;
- ийгиликке жана окууну оптималдаштырууга көмөк көрсөтүү;
- балдар үчүн да, алардын ата-энелери үчүн да түшүнүктүү болуу.

***Өсүүсүндө кемчилдиги бар же өнүгүүсү кечиккен балдар***

Өсүүсү кемчил же өнүгүүсү кечиккен балдарды мурдараак байкоо өтө маанилүү, бирок жүргүзүлгөн баада алынган жыйынтык баалоо куралдарын тандоо жана маалыматты интерпретациялоо этикалык принциптерге ылайык келиши керек: балдарга жана ата-энелерге сезимталдыкты көрсөтүү зарыл. Педагог керектүү маалыматты алып, өзүнүн ишинин практикасын жакшыртуу үчүн баа коюуну пайдаланат; ал эч убакта балдарды диагноздоо үчүн пайдаланылбайт. Типтүү эмес образда өнүгүп жаткан же өзгөчө муктаждыкты талап кылган балдарга, балада проблемалар бар болсо, ошол тармактагы адис диагноз коёт. Педагогго мындай баланы окутуу үчүн баланын ата-энеси менен биргеликте бала үчүн жекече планды иштеп чыгууга катышуусу зарыл.

***Түшүндүрмөлөр – баалоо методу катары***

Педагог окуу милдетине жана балдардын ишинин мүнөзүнө жараша комментарий жасайт. Комментарийлер коюлган максатына жараша кыска жана көнен болот. Педагогдун комментарийи кээде балага дем берүүгө, өзүнө ишенүүгө жана ага карата симпатияны билдирүүдө керек. Педагог маңызы боюнча түшүндүрмө берип жана баланы анын шартында колдош керек. Бул кырдаалда балдарда чымыркaнып иштееге мотивация пайда болот жана окууга жакшы мамиле иштелип чыгат. Педагог бала жеткен чекти (балдар же үй бүлө мүчөлөрү ишке түшүндүрмө берсе болот), окутуунун жана өнүгүүнүн чегин белгилеп өзүнүн комментарийлерин балдардын ишине бекитиши мүмкүн.

***Тестирлөө баланы өнүктүрүүнүн жана окутуунун жетишкендиктерин баалоо жана мониторинг усулу катарында***

***Керн-Йерасека тестти***

Болочоктогу мектеп окуучуларын тестирлөө үчүн ар түрдүү усулдар, ошону менен бирге Керн-Йерасиктин усулу иштелип чыкты, ал баланын мектептеги окууга даярдыгын аныктоочу өтө кеп таркалган тесттердин бири болуп эсептелинет. Бул тест өзүнө үч субтестти камтыйт:

- жалпы психикалык өнүгүүнүн деңгээли жөнүндө күбөлөндүргөн сүрөт;
- чекиттердин жайгашуусунун схемасын көчүрүп тартуу, анда формалдуу эреже боюнча аракеттенүү билгичтигин көрсөтөт;
- сүйлөмдү көчүрүү, кепти сезге жана айрым тамгаларга бөлүү боюнча түшүнүк калыптангандыгын текшерүү.

Керн-Йерасиктин тестинин жыйынтыгы боюнча башка методдорду колдонот, ага моторика блогун, кабардар болууну жана мотивацияны киргизет, педагогдор баланын интеллектуалдык өнүгүүсүнүн деңгээлин, анын эмоционалдык-эрктик жүрүм-турумун жөнгө салууну, ошондой эле социалдык жетилүүсүнүн деңгээлин аныктай алышат.

6-7 жаштагы балдарды баалоо үчүн пайдаланууга мүмкүн болгон баалоонун башка куралдарын камтыйт: балдардын иштеринин үлгүлөрү, анын ичинде жазуу иштери, сүрөттөр, бала кантип окуп жатканы жөнүндө аудиожазуулар, балдар айткан аңгемелер, «адабиятка реакция кылуу журналы», долбоорлорго топ болуп жазуулар, бала менен сүйлөшүү же аңгемелешүүнү сүрөттөп жазуу, сүрөт жана видеожазуулар.

## Баалоо жана пландаштыруу

Сапаттуу педагогика үчүн окутууну камсыз кылуу үчүн баалоонун жана пландаштыруунун ролун түшүнүү мүнөздүү, ал ар бир балага ийигиликке жетүүгө мүмкүнчүлүк берет. Пландаштырып, педагог бир бүтүнгө чогултат: балдарды өнүктүрүүнүн деңгээли жана жаш курагына туура келүүчүлүк күтүлүүсү; улуттук программанын талабы; баланын изилдөөсү жана чыгармачыл эркиндиги; жеке балдардын жана бардык топтогулардын кызыкчылыгы. Баалоо-пландаштыруу циклы ар бир баланын окуусун жана өнүгүүсүн колдойт, мында педагог балдардын ынтызарлыгына, алар тарабынан мурда өздөштүрүлгөн билимге жана көндүмдөргө, алардын кызыкчылыктарына жана жашоодогу тажрыйбасына таянат. Бул процесс окууга көндүмдөрдү жана баалоону, өзүн өзү баалоону өнүктүрүүгө шарт түзгөндүгү менен маанилүү.

Балдарды системалуу кароо жана башка тиешелүү методдорду пайдалануу менен педагог айрым балдардын жана топтордун муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын эске алып, келечектеги ийгиликти аларга камсыз кылуу үчүн, балдарга колдоо көрсөтүү менен окутуунун кыска мөөнөттөгү жана узак мөөнөттөгү планын түзөт.

Педагог балдардын жасай аларына, билгенине жана түшүнгөнүнө таянып план иштеп чыгат, ар бир баланын толук мүмкүнчүлүгүн ачууга жардам берүү зарыл экенин аныктайт. Пландарда айрым балдардын жөндөмдүүлүгү жана окутуунун/кабыл алуунун кеп жактуу стили эске алынат.

Баалоо жана пландоо циклине балдар, үй-бүлөлөр, зарыл адистер камтылат. Бул процесс максаттуулугу жана ийкемдүүлүгү менен айырмаланат; анда окутуу процесси кандай өтүп жатат, баланын жашоосунда, жергиликтүү коомчулукта эмне жүрүп жаткандыгына көңүл бурулат; кайсы жерде жакшыртуу аныкталат, ошондой эле кийинки кадамдар жазылат.

***Баалоо жана пландаштыруунун принциптери***

1. *Педагог ар бир баланын жетишкендигин жана өнүгүүсүнө системалуу жана регулярдуу көз салат: адегенде – жалпы, кийин – жекече.*

   - окутуунун жана өнүгүүнүн жыйынтыктарын жана процесстерин чагылдырган системалуу байкоолорду, формативдүү баалоонун башка ар түрдүү инструменттерин пайдаланат;

   - балдарды тартуунун деңгээлин баалайт жана ар бир бала окутуу процессинде түшүнүп жана активдүү катыша алуусу үчүн тиешелүү өзгөрүүлөрдү киргизет;

   - ар бир баланын күчтүү жагын, анын кызыкчылыгынын жекече зарылдыгын эске алат.

2. *Педагог окутуунун жана өнүгүүнүн жыйынтыгын жана процессти чагылдырган баалоонун башка куралдарын жана системалуу байкоону пайдаланат.*

Байкоо – окутуунун максаты үчүн эң жакшы курал болуп эсептелинет. Байкоо аркылуу педагог балдар женүндө жакшы маалымат алат, айрым балдардын муктаждыгы женүндө маалымат алат жана алар женүндө жакшы билет, алардын эмнеге кызыгарын, эмне жасай аларын жана алар мүмкүнчүлүктерге жана тоскоолдуктарга кандай реакция кыларын билет. Балдар езүн вербалдык же жазуу жүзүнде керсете албаган кезде дагы алардын үнү, жесттери, жүрүш-турушу жана кыймыл-аракети педагогго баланын аларга, башкаларга жана өзүн курчап турган дүйнөгө реакциясын билүүгө жардам берет. Педагогдун документтерге жана езүнүн байкагандарын жазуу үчүн атайын бир системасы болушу керек – себеби, аларды окутууну пландаштырууда балдар, алардын үй-бүлөлөрү жана мектептин башка кызматкерлери менен мамилелешүүдө, балдарды енүктүрүү жана окутууну талкуулоодо, аларды пайдаланса болот.

3. *Педагог билим берүү процессине түшүнүп, активдүү катышуусу үчүн балдарды тартуунун деңгээлин баалайт жана тиешелүү езгерүүлөрдү киргизет.*

Балдар башка адамдар менен жана өзүн курчап турган чөйрө менен ез ара аракеттенүү аркылуу окушат. Эгерде балдар сабакка тартылышпаса, анда алар окушпайт; анда алар угушпай, башка бир нерсе жөнүнде ойлонуп отурушат же жөн эле тапшырманы механикалык түрде жасашат. Педагогдор балдарды пайдасы аз нерселер менен алаксытпай, мисалы, сүрөттү боёо (балдардын майда моторикасын өстүрүүчү, бирок аны кебүреек чыгармачылык менен да естүрсө болот) маанилүү (балдар үчүн мааниге ээ болгон) окууга жана енүктүрүүчү тапшырмаларга тартышы зарыл. Педагог дүйнөнү балдардын кезү менен кароосу зарыл

жана аларды көбүнче эмне кызыктырат, эмнеден алар көбүнчө ырахат алат, өзүнө ишенимдүү жана ачык айрым болушуп, энергиясынын көбүн кайда чыгарышарын билүүсү зарыл.

4. *Балдардын сабакка/оюнга катышуусун баалоодо, педагогго балдардын катышуусу алар окуган деңгээлде жана өнүгүүсү баарынан жакшы болушу үчүн кам көрүүсү керек.*

Бул мындай конкреттүү буюмдарга көңүл буруу зарыл дегенди түшүндүрөт, мисалы, балдарга баарынан кеп жага турган чөйрө жана материалдар; аларга ким менен иштөө жагат; аларда ойлоого жана изилдөөгө каалоо болгондо; алар жакынкы өнүгүү зонасында иштеп жатышканда; аларды жетектеген аларга канчалык деңгээлде жагат; канча убакытка чейин кандайдыр бир теманын үстүндө иштеген жагат. Балдарды окуу процессине тартуунун деңгээли өзгөрүлүп кетерин, ар кандай мезгилде сабактын ар түрдүүсү зарыл экенин түшүнүш керек.

5. *Педагог баалоо процессинде ар бир баланын күчтүү жактарын, анын жеке кызыкчылыгынын муктаждыгын эске алат.*

Байкоолорду жазуу жана баалоонун башка инструменттери бала эмне жасап, эмне айтканын сүреттөп жазып, объективдүү болгону жакшы, башка эч кандай субъективдүү интерпретацияны, ярлыкты кармабаганы жакшы. Ар бир бала уникалдуу инсан болуп эсептелет жана анын өнүгүүсү өзүнүн алдына үзгүлтүксүз татаал процессти коёт. Баланын жетишүүдөгү өсүүсү, баланы башка балдарга салыштырып эмес, бала мурда билген же жасаган нерсеге салыштырылып өлчөнөт. Тилекке каршы, байкоолордо жана баалоодо сүреттеп айтуудан ой-пикир чыгаруу өтө жеңил. Пикирдин элементин камтыган же баалоо чыгаруучу сөздөр («жакшы», «жаман», «агрессивдүү», «кежир» деген сөздөр ж.б.) педагогдо балдар жөнүндө түшүнүктү калыптандырат. Биз кээде адамдын жүрүм-турумун, чыныгы абалды билбей туруп эле талкуулай беребиз жана көргөнүбүз боюнча баа беребиз. Мындай көрүнүш көпчүлүк учурда туура эмес болуп калат. Талкуу үчүн пайдаланылган сөздөр бала үчүн «пайгамбар тарабынан» орундалуучу болушу мүмкүн, б.а. педагог атайлабаса да, бала педагогдун ой-пикирин өзүнө алганда, анын ою турмушта аткарылып калышы мүмкүн.

Экинчи жагынан, аларга конкреттүү маалымат бербей туруп, бардык учурда баланы мактоо туура эмес болуп калат. Биринчиден, балдардын окууга жана бир нерсеге жетүүгө, аларга бардык өмүрүнө жеткидей ички мотивациясын көбөйтүү зарыл. Экинчиден, баалоо түрүндөгү сөздөрдү колдонуу кейгейлүү. «Жакшы деген эмне, жаман деген эмне?» Критерийлерди ким түзгөн? Үчүнчүдөн, кандай жол менен бир нерсени кайталоо же кантип жакшыртууда конкреттүү эмес мактоолор балдарга маалымат бербейт. Балдарга алардын күчтүү жагынан жакшыртуу үчүн конкреттүү кайтарым байланыш

болуш керек. Бул өздерү жөнүндө түшүнүктү курганга жана езүнүн компетенттүүлүгүн сезүүнү өнүктүрүүгө керек, алар окуу процессине тартууга жардам берет.

6. *Баалоо жана пландаштыруу процессине педагог балдарды, ата-энелерди жана тиешелүү адистерди тартат.*

Педагог баалоо процесси балдардын күчтүү жагын жана алардын жеке муктаждыктарын эске алып жана алардын кызыкчылыктарына таянып, кам керөт, анда балдар:

- ездерү жөнүнде позитивдүү түшүнүктерду, езүн жөндемдүү жана компетенттүү адамдардай көрүп, езүн езү баалоосун енүктүрөт;
- кепчүлүк учурда жыргалчылык сезими болот;
- кепчүлүгүнде активдүү окушат;
- ездерүн окуучулар коомчулугунун бир белүгү катары сезишет.

Педагог баалоо процессине жана пландоого балдарды, ата-энелерди, тиешелүү адистерди киргизүүсү керек. Баалоо процессине жана пландоого балдардын ездерүн, алардын үй-бүлелерүн жана алар менен иштеген башка кишилерди киргизүү алар менен түздөн-түз байланышкан бардык жактардын балдарын окуу процессине катышууга түрткү берүү жана кызыктыруу негизги кадам болуп эсептелинет. Бул принцип 6-7 жаш курактагы балдарды окутуу жана тарбиялоо чейрөсүнде өзгөче мааниге ээ, маанилүүлүгү ушунда, үй чейрөсүнен мектеп чейрөсүне өтүү балдар үчүн тегиз болушу керек.

7. *Педагог жана үй-бүлө мүчөлөрү балдардын өсүүсү жана алардын кызыкчылыктары женүндө маалыматты бөлүшүшөт; бала үчүн кыска мөөнөттөгү жана узак мөөнөттөгү жеке максаттарды аныкташат.*

8. *Педагог баалоо жана пландоо процессине зарыл болгон мезгилде кез карандысыз адистерди киргизет.*

9. *Педагог балдарга жүрүм-турумдун баасынын көндүмдөрүнө ээ болууга жана башкалардын ишмердигине жардамдашат.*

10. *Балдардын демилгесин көтерүүнүн жана аларды өзүнүн окуусуна тартуунун бирден бир жакшы жолу булардан турат:* пландоо жана баалоо циклине киргизип «пландаштырабыз – жасайбыз – талдайбыз» моделин демонстрациялоо, балдарга езүн езү баалоодо жардамдашуу менен биз аларга окуу процессинде активдүүлүктү көрсетүүсүнө мүмкүнчүлүк беребиз. Балдар езүнүн жашоосунун алгачкы баскычында эле баалоо окутуудан белүнүп каралбай тургандыгын, окуучу менен педагогдун ортосундагы кызматташтык болуп эсептелинерин, окутуу процессинин

жана естүрүүнүн ажырагыс бөлүгү экенин билишет. Ошентип, биз балдарга жеке муктаждыгына ылайык окутуунун планына салым кошууга мүмкүнчүлүк беребиз.

*Мониторинг жана баалоонун объектиси болуп төмөндөгүлөр эсептелет:*

- балдардын ден соолугун жана коопсуздугун сактоо үчүн шарттар;
- окуу имараты жана жер тилкелери, материалдар жана жабдуулар;
- билим берүү кызматындагы жана балдарды караган адамдар;
- окуу-программалык документтер, методикалык окуу китеби, оюн жана дидактикалык материалдар;
- үй-бүлө жана коомчулук менен байланыш механизми;
- балдардын өсүү деңгээли жана ден соолуктары.

## ГЛОССАРИЙ

**Адаптация** – өзгөрүлүп турган социалдык чөйрөдө инсандын же социалдык топтордун активдүү ылайыкташуусу.

**Аудирование** – аудио (грекче) угуп жатам жана айтам.

**Ачык типтеги суроолор** – көп туура жоопторду камтыган жана ага ар кандай жолдор менен жооп берсе боло турган суроо. Ачык суроолор чындап ой жүгүртүүгө жардам берет, анткени жооп же анык эмес, же аныкталган эмес.

**Билингвизм** – эки тилдүүлүк, эки тилди билүү.

**Балдардын ден соолугу** – денесинин, руханий абалынын жана социалдык бакубатчылыгынын абалы.

**Балдардын өсүү индикаторлору** – балдардын физикалык, когнитивдик, социалдык жана эстетикалык өсүүсүн баалоо үчүн колдонулган көрсөткүчтөр.

**Баалоо** – окутууну жана балдарды өстүрүү шарттарын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу максатында кырдаалды, процессти, натыйжаны (мониторингдин негизинде) системалаштырып изилдөө.

**Балага багытталган окутуу** – бул окутууда ар бир балага уникалдуу, башкаларга окшобогон, кайталанбаган катары мамиле жасалат. Ал, биринчиден, системалуу бардык баскычтарды камтышы керек. Экинчиден, окуу планы ар бир баланын жеке-че тандоосу, анын туруктуулугу керүнүш үчүн шарттарды түзүү түрүндөгү өзгөчө билим берүү чөйрөсү зарыл. Үчүнчүдөн, педагогдор атайын окуудан өтүшү шарт, алар балага багытталган билим берүүнүн максаттарын, баалуулуктарын түшүнүшү жана колдоосу абзел.

**Билгичтик** – кайсы бир билимге (эрежеге) негизделген, иш-аракеттердин жаңы ыкмасына ээ болуунун аралык баскычы.

**Графикалык көрсөтмөлүүлүк** – таблицалар, моделдер, техникалык сүрөттөр (предметтерди конструкциялоодо материалды саны, өлчөмү жана формасы боюнча тандап алуу үчүн).

**Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген (ДМЧ) балдар** – өсүү үчүн өзгөчө муктаждыгы бар, атайын кароого жана үй-бүлөнүн, педагогдордун, коомчулуктун көңүл буруусуна муктаж балдар.

**Депривация** – (лат. *deprivatio* – жоготуу, бир нерседен айрылуу) буларды билдирет: жетишерлик узак убакыт ичинде негизги (турмуштук) муктаждыктарын канааттандыруу үчүн субъектиге мүмкүнчүлүк берилбеген абалдан улам келип чыккан психикалык абал.

**Дискреттик эсеп** – үзүлме, бөлчектүк, езүнчө белүктерден турган эсеп.

**Дифференциялык окутуу** – билим берүү процессин уюштуруу формасы, анда ар бир топ менен иштөө үчүн атайын усулдарды жана ыкмаларды тандоо максатында окуучуларды аларга мүнөздүү белгилердин негизинде түрдүү топторго бөлүп окутуу ишке ашат.

**Диагностикалык кеңеш берүү кызматы** – бул өсүүсүндө нормадан четтөө бар экенин аныктоо жана аларды өстүрүү, окутуу жана тарбиялоо боюнча кеп-кеңеш берүү максатында түрдүү профилдеги адистер тарабынан балдарды терең изилдөө.

**Жабык типтеги суроолор** – бир гана туура жообу бар суроо жана/же жооп белгилүү болгон же минималдуу жоопту талап кылган суроо.

**Жуурулушуу (интеграция)** – кептеген адамдардын же топтордун социалдык биримдигин калыбына келтирүү, бириктирүү. Жуурулушуунун үч формасы бар: толук жуурулушуу, жарым-жартылай жуурулушуу, превентивдик жуурулушуу.

**Жуурулуштуруп окутуу** – бул баланын негизги өсүү чейрелерү менен окуу милдеттеринин тематикалык, таанып-билүү өз ара байланышына негизделген окутуу, анын негизинде балдарда дүйнөнү бүтүндөй кабыл алуу калыптанат.

**Жекече окутуу** – бул окутуунун тиби, анда педагог окутуу процессин иштеп чыгууда, ишке ашырууда жана баалоодо окуучулардын жекече жендөмдерүн, муктаждыктарын, кызыкчылыктарын жана тажрыйбасын пайдаланат.

**ЖМТК** – 6 жаштагы балдарда женекөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандырууга багытталган мектепке даярдоо программасынын окуу предмети.

**Окутууга жуурулуштурулган мамиле** – оюн же иш, алар балдардын түрдүү предметтерден билимдерди жана кендүмдөрдү пайдалануусун талап кылат. Окутууга болгон жуурулуштурулган мамиле холистикалык өстүрүү менен тыгыз байланышта.

**Инклюзивдик билим берүү** – бардык аяр мамилеге муктаж топторду билим берүү процессине тартууну билдирет жана ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды мындай чектөөсү жок балдар менен жалпы билим берүүчү мекемеде бир класста/тайпада чогуу окутуу менен ишке ашырылат.

**Интеллектти көбөйтүү теориясы (ИКТ)** – Говард Гарднер тарабынан түзүлгөн, ал адатта интеллекттин деңгээлине (IQ) карата тест менен аныкталчу интеллект түшүнүгү когнитивдик жөндөмдүүлүктердүн кеңири кеп түрдүүлүгүн жетиштүү деңгээлде сыпаттап бере албайт деп бекемдейт. Гарднер интеллект түшүнүгүн кеңейткен, анда мейкиндик, тилдик, логикалык-математикалык, денелик-кинестетикалык, музыкалык, инсан аралык, натуралисттик жана экзистенциалдык сыяктуу интеллекттин түрлөрү камтылат.

**Интерактивдик усулдар** – диалогдук окутуу, анын жүрүшүндө окутуучунун жана окуучунун өз ара аракеттенүүсү ишке ашат.

**Когнитивдик өстүрүү** – баланын таанып-билүү жана интеллектуалдык жөндөмдөрүн өстүрүү.

**Күтүлгөн натыйжалар** – балдардын жетишкендиктеринин көрсөткүчтөрү, алардын өсүүнүн негизги чөйрөлөрү боюнча тиешелүү билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү өздөштүрүүсү.

**Катар сандардын ортосундагы мамиле** – бул так түшүнүк, анткени бир сан жанындагы катар сандан бирге көп же аз болот.

**Кептик ишмердик** – адамдын максатка багытталган жүрүм-турумунун түрү, ал ойду сөздө берүү процессин билдирет.

**Компетенция** – бул окутуу аркылуу өздөштүрүлгөн билимдерге, тажрыйбага, баалуулуктарга, шыкка негизделген жалпы жөндөмдүүлүк.

**Компетенттүүлүк** – билимдердин, билгичтиктердин жана ишмердик ыкмаларынын түрдүү элементтерин тиешелүү окуу, инсандык, кесиптик жагдайда адамдын өз алдынча колдоно билүүсүнүн жуурулушкан жөндөмдүүлүгү.

**Көнүгүшүү (адаптация)** – инсандын же социалдык топтун өзгөрүлгөн социалдык чөйрөнүн шарттарына активдүү ыңгайлашуу процесси.

**Кызыктыруу (стимулирование)** – адамды тигил же бул жүрүм-турумга, ишмердикке кызыктыруу, шыктандыруу процесси жана усулдары.

**Мониторинг** – бул процесс, ал өсүү процессин карап, көзөмөлдөө үчүн маалыматтарды такай топтоону жана жазууну өзүнө камтыйт. Мониторингдин максаты – ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу, аны пайдаланууну түзөтүп туруу, пландалган милдеттерди аткаруу, терс кесепеттерди болушунча азайтуу, өсүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо.

**Моделдештирүү** – көрсөтмелүү-практикалык ыкма, ал моделдерди түзүүнү жана аларды элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн пайдаланууну өзүнө камтыйт. Мектепке чейинки курактагы бала үчүн буюмдарды моделдештирүү (конструкциялоо) жана графикалык моделдештирүү (сүрөт, схема) оптималдуу болуп саналат.

**Майда булчуңдар (моторика)** – нервдик, булчуңдардын жана сеек системасынын женгө салынган аракеттеринин жыйындысы жана колдун, буттун сөөктөрү жана манжалары аркылуу майда, так кыймылдарды аткаруу.

**Окутуу стилдери** – окутууну натыйжалуу жана балдар үчүн маанилүү кылган окутуунун түрдүү усулдары жана ыкмалары, булар менен катар анда баланын угуусу, көрүүсү, кинестетикалык, тактилдик же көркөм өсүүсү, ошондой эле окуучулар окуунун кандай ылдамдыгын каалары, алар жалгыз же башкалар менен иштөөнү каалайбы ж.б. маселер камтылат.

**Окуу планы** – 6 жаштагы балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө туура келген окутуу процессинин мазмунун жана түзүмүн, уруксат берилген окуу жүктөмүн аныктаган ченемдик документ.

**Окуу-оюн ишмердиги** – сабакта коюлган максатка жараша балдар кеп нерсени оюндардан билишет, ошол эле учурда жаңы предметтик билимдерди өздөштүрүшөт.

**Өстүрүү (активдүүлүк) борборлору** – жуурулуштуруп окутууга, балдарды ар тараптуу өстүрүүгө, балдардын жөндөмдөрүнө, муктаждыктарына жана кызыкчылыктарына багытталган предметтик-өстүрүү борборлору (бурчтар, аймактар).

**Өзүн өзү баалоо** – өзүнүн прогрессин, күчтүү жана алсыз жактарын же өзүнүн өсүүсүн карап, тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн жүрүм-турумун баалоо максатында окуучу өзү жасаганын баалоо.

**Өстүрүүчү жана окутуучу чөйрө** – бул балдарды дене жагынан, когнитивдик, социалдык жана эстетикалык жактан толук кандуу өстүрүү үчүн түзүлгөн ыңгайлуу жана коопсуз жагдай, анда өз алдынча жекече ишмердик, балдардын изилдөөсү жана эксперимент жасоосу үчүн мүмкүнчүлүк камсыз болгон.

**Пландоого комплекстүү мамиле** – пландоого карата мамиле, ал класстагы/тайпадагы балдардын муктаждыктарына жана кызыкчылыктарына таянат жана бүтүндөй класс боюнча, чакан топто жана жекече иштөөгө эсептелген сабактарды жана тапшырмаларды билдирет.

**Психолого-медико-педагогикалык кеңешмеси (ПМПК)** – атайын түзүлгөн компетенттүү орган, ал диагнозду аныктап, ДМЧ балдардын оорусунун деңгээлин аныктайт, бүтүм чыгарып, кеп-кеңеш берип, ортомчулук кызмат көрсетет.

**«Пифагор»** – математикалык оюн-баш катырма, логикалык ой жүгүртүүнү, геометриялык фигуралардын касиеттеринин көп түрдүүлүгү тууралуу балдардын математикалык түшүнүктөрүн өнүктүрүүгө багытталат.

**Баланын портфолиосу** – баланын ишин жана өсүүсүн көрсеткөн максатка ылайык тандалып, топтолгон документтер. Портфолио адатта баланын мыкты иштери камтылган папканы же дептерди, ошондой эле бала иштөөсүн улантып жаткан иштерди билдирет. Иштер педагог, бала, анын үй-бүлөсү тарабынан тандалат. Портфолиодо педагог койгон баа, тандалган иштердин күчтүү жактары, ошондой эле бала, анын ата-энеси жасаган баалоо болот. Баланын өздүк иштеринен сырткары, портфолиодо педагогдун байкоолору жана жазуулары камтылышы кажет. Ага балдар иштөөсүн улантып жаткан же аткарып бүткөн иштердин (скульптура, коллекция түрүндөгү) фотолорун, ошондой эле аудио-видеожазууларды да кошууга болот. Бардык документтерге датасы коюлушу абзел.

**Педагогдун портфолиосу** – педагогдун ишин жана өсүүсүн көрсөткөн максатка ылайык тандалып, топтолгон документтер (мисалы, күбөлүктөр, окутуунун натыйжалары боюнча отчеттор, окуучулардын иштеринин үлгүлөрү), ошондой эле педагогдун эмгектери (мисалы, сабактын планы, окуу китебинин бөлүмдөрүн талдоо, сабактын видеожазуусу, өтүлгөн окуу блогу боюнча педагог өзү түзгөн тест, семинарда же конференцияда окулган баяндама ж.б.). Педагогго портфолиого кандай типтеги материалдарды киргизүү боюнча конкреттүү көрсөтмө берүүгө же ага кандай документтерди киргизүү мүмкүнчүлүгүн анын өзүнө берүүгө да болот.

**Парциалдык** (грек. *partialis)* – бөлүк, бир нерсенин бөлүгүн түзүүчү. **Парциалдык программа** – бул баланы өнүктүрүүнүн бир же бир нече багыттары (денелик, социалдык-эмоционалдык, когнитивдик, эстетикалык) боюнча программа. Парциалдык программа негизги билим берүү ишмердигинин алкагында ишке ашат.

**Социалдаштыруу** – бала тарабынан социалдык тажрыйбаны активдүү өздөштүрүү, аткаруу процесси жана натыйжасы, ал өзүнө социалдык жүрүм-турумду, социалдык көндүмдөрдү, социалдык адаптацияны камтыйт.

**Сингармонизм** – үндөштүк, үндүүлөрдүн үндөштүгү, гармониясы (кыргыз тилине гана тиешелүү).

**Сандардын ортосундагы өз ара кайра мамиле** – ар бир натуралдык сан n мурдагыдан бирге көп жана тескерисинче, ар бир мурдагы сан кийинкиден бирге аз.

**Сөздөрдү тыбыштык талдоо** – сөздөгү тыбыштардын санын жана сапатын (үндүү, үнсүз, каткалаң, жумшак, жоон, ичке, басымдуу, басымсыз ж.б.) балдардын аныктоосу жана айтуусу.

**Сабактар боюнча тематикалык план** – балдарды мектепке даярдоо программасынын билим берүү иштеринин булар боюнча кеңири тематикасын камтыйт: дене өстүрүү, айлана чөйрө менен таанышуу, кеп өстүрүү, сабат ачуу, элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу, көркөм өнөр ишмердиги. Сабактар боюнча тематикалык пландар: окуу материалын берүүнү акырындык менен татаалдаштырууну (жөнөкөйдөн татаалга); өтүлгөн материалды бекемдөө жана кайталоону; жуурулуштуруп окутуу жана предметтер аралык байланыш принциптерин чагылдырууну эске алуу менен түзүлөт.

**Сензитивдик мезгил** – баланын өсүүсүндө мезгилдер болот, аларда бул процесс, бул функция абдан тез жана толук калыптанат. Башка мезгилде мындай толук өнүгүүгө жетишүү мүмкүн эмес. Бул психиканын (процесстердин жана касиеттердин) тиешелүү тараптарын оптималдуу өнүктүрүү мөөнөттөрүнүн мезгили.

**Социалдык өстүрүү** – бала сезимдерин билдирүүнүн социалдык формаларын өздөштүрөт, баланын ишмердигиндеги эмоциянын ролу өзгөрөт, эмоционалдык башкалардан мурда сезүү калыптанат.

«Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик стандарты – 6-7 жаштагы балдардын өсүү индикаторлорун камтыган ченемдик документ. Бул мамлекеттик стандарт КР Өкмөтүнүн токтому менен 2012-жылы бекиген.

**Түрдүү деңгээлдеги мамиле** – балага жеткиликтүү программалык материалдын түрдүү деңгээлине ориентация кылуу.

**Түрдүү өлчөмдөгү предметтердин топторунун теңдиги** – өлчөмүнө карабастан предметтердин топторун салыштыруу (мисалы, тобурчактардын тобу жана топчулардын тобу).

**Толеранттуулук** – башкаларга түшүнүү менен мамиле кылуу, чыдамкай мамиле.

**Түзөтүү (коррекция)** – түзөтүлүп жаткан процессти же көрүнүштү түп тамырынан өзгөртүүнү талап кылбаган айрым кемчиликтерди, туура эместиктерди оңдоо.

**Фланелеграф (фланель менен тартылган доска)** – бул кеп функционалдуу курал, ал балдардын театралдашкан ишмердигин жана өз алдынча практикалык ишмердикти уюштуруу үчүн колдонулат.

**Фонетикалык бузуу** – (фонема – тыбыш, үн) сөздөрдү тыбыштык жактан бузуу.

**Фонетикалык минимум** – тыбыштардын тиешелүү саны.

**Фонематикалык угум (угуу)** – бул тыбыштарды угуп, кабыл алуу.

**Фишкалар (сабат ачууда)** – тыбыштарды белгилеенүн шарттуу белгилери, б.а. картондон 8 x 10 см өлчөмүндө төрт бурчтук болуп жасалган түстүү фигуралар (үндүү – кызыл, үнсүз – көк), алар тыбыштарды түс менен шарттуу белгилөө максатында 6–7 жаштагы балдардын сабатын ачуу сабактарында колдонулат.

**6 жаштагы балдарды мектепке даярдоо классы/тайпасы** – мектепке чейинки программалардан өтпөгөн балдарды мектепке даярдоо үчүн жалпы билим берүүчү уюмдардын алдында түзүлгөн класс/тайпа. Даярдоо атайын программанын негизинде ишке ашырылат.

**Шарттуу ченем** – ченөө каражаты катары пайдаланылган предмет, өзүнчө бир ченөө куралы болуп саналат.

# АДАБИЯТТАР

## «Дене өстүрүү» программасы


1. *Адашкявич Э. Й.* Спортивные игры и упражнения в детском саду. – М., 1992.
2. *Аникина Л. П.* Методическое руководство развитием движений детей // Дошкольное воспитание. – № 10, 1984.
3. *Бадалян Л., Миронов А.* Воспитание двигательных способностей // Дошкольное воспитание, 1988.
4. *Боген М. М.* Обучение двигательным действиям. – М., 1985.
5. *Глазырина Л. Д.* Физическая культура – дошкольникам: Программа и программные требования. – М.: Гуманит, 1999.
6. *Качашкин В. М.* Физическое воспитание в начальной школе. – М., 1978.
7. *Кенеман А. В., Хухлаева Д. В.* Теория и методика физического воспитания детей дошкольного возраста. – М.: «Просвещение», 1985.
8. *Пензулаева Л. И.* Подвижные игры и игровые упражнения для детей 5–7 лет. – М.: Гуманит, изд. центр ВЛАДОС, 2002.
9. *Рукова М.* Особенности организации занятий по физкультуре // Дошкольное воспитание. – № 9, 2002.
10. *Страковская В. Л.* 300 подвижных игр для оздоровления детей от 1 года до 14 лет. – М.: Новая школа, 1994.


## «Айлана чөйрө менен тааныштыруу» программасы


1. *Абраменкова В. В.* «Социальная психология детства: развитие отношений ребенка в детской субкультуре». – М.: Воронеж, 2000.
2. *Аджи А. В.* Конспекты интегрированных занятий в старшей группе детского сада. – Воронеж: ТЦ «Учитель», 2005.
3. *Аркин Е. А.* Дошкольный возраст. – М., 1978.
4. *Белобрыкина О. А.* Речь и общение. – Ярославль, 1998.

5. *Березина Р. Л., Михайлова З. А., Непомнящая Р. Л.* Формирование элементов логического мышления у детей 6–7 лет. – Москва: «Просвещение», 1988.
6. Воспитание и обучение в подготовительной к школе группе детского сада / Сост. *Т. С. Комарова.* – М., 2008.
7. Детский сад. Пособие для воспитателей / Сост. *М. Р. Рахимова.* – Бишкек, Мектеп, 1999.
8. *Житникова Л. М.* Учите детей запоминать: Пособие для воспитателя. – М., 1972.
9. *Илларионова Ю. Г.* Учите детей отгадывать загадки. Пособие для воспитателя детского сада. – М., 1976.
10. К проблеме периодизации психического развития в детском возрасте / *Д. Б. Эльконин.* – М.: ТЦ «Сфера», 2000.
11. *Миронова О. С.* Учимся сочинять и рассказывать. – Волгоград, 2010.
12. *Непомнящая Р. Л.* Развитие общих способностей. Детство-Пресс, 2005.
13. *Нефедова Е. А., Узорова О. В.* Готовимся к школе. – М., 2000.
14. Развивающие игры для младших школьников. Кроссворды, викторины, головоломки: Популярное пособие для родителей и педагогов. – Ярославль: Академия развития, 1997.
15. *Рахимова М. Р.* Детский сад: Пособие для воспитателей. – Бишкек: Мектеп, 1999.
16. *Рихтерман Т. Д.* Формирование представлений о времени у детей дошкольного возраста. – М.: «Просвещение», 1991.
17. *Тарунтаева Т. В.* Развитие элементарных математических представлений у дошкольников. – М.: «Просвещение», 1980.
18. *Тихоморова Л. Ф.* Развитие логического мышления детей. – СПб, 2004.
19. *Эльконин Д. Б.* Психическое развитие в детских возрастах. – М. – Воронеж. НПО МОДЭК, 2001. – 417 с.
20. Энциклопедия воспитания и развития дошкольника. / Под ред. *Л. Ю. Субботиной*. – Ярославль, 2001.

## «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият» программасы

1. *Аджи А. В.* Конспекты интегрированных занятий в подготовительной группе детского сада. Познавательное развитие. Развитие речи. Обучение грамоте. – Воронеж, 2006.

2. *Алексеева М. М., Яшина В. И.* Методика развития речи и обучения родному языку дошкольников: Учебное пособие. – М.,1998.

3. *Вальчук Е. В.* Развитие связной речи детей 6–7 лет: Конспекты занятий. – Волгоград, 2009.

4. *Васильева Н. Н., Новоторцева Н. В.* Развитие игры для дошкольников. Популярное пособие для родителей и педагогов. – Ярославль: Академия Развития, 1998.

5. *Волчкова В. Н., Спетанова Н. В.* Конспекты занятий в старшей группе детского сада.

6. *Колесникова Е. В.* Развитие звуковой культуры речи. – М., 2009.

7. Развитие речи. – Воронеж, 2010.

8. *Рахимова М. Р.* Мелбулак. Тарбиячылар жана башталгыч класстын мугалимдери үчүн колдонмо. Түзгөн. – Бишкек, 2000.

9. *Рахимова М. Р, Абдыкеримова М. А.* Мелбулак: Программа 1-бөлүк. – Бишкек, 2009.

10. *Соколова Ю.* Развитие речи. – М., 2008.

11. *Стародубова Н. А.* Теория и методика развития речи дошкольников. – М., 2012.

12. *Ушакова О. С., Гавриш Н. В.* Знакомим дошкольников с литературой: Конспекты занятий. – М., 2005.

13. *Чулкова А. В.* Формирование диалога у дошкольников. – Ростов-на Дону, 2008.

### «Сабат ачуу» программасы

1. *Аджи А. В.* Конспекты интегрированных занятий в подготовительной группе детского сада. Познавательное развитие. Развитие речи. Обучение грамоте. – Воронеж, 2006.

2. *Алексеева М. М., Яшина В. И.* Методика развития речи и обучения родному языку дошкольников: Учебное пособие. – М.,1998.

3. *Вальчук Е. В.* Развитие связной речи детей 6–7 лет: Конспекты занятий. – Волгоград, 2009.

4. *Васильева Н. Н., Новоторцева Н. В.* Развитие игры для дошкольников. Популярное пособие для родителей и педагогов. – Ярославль: Академия Развития, 1998.

5. *Волчкова В. Н., Спетанова Н. В.* Конспекты занятий в старшей группе детского сада.

6. *Колесникова Е. В.* Развитие звуковой культуры речи. – М., 2009.

7. Развитие речи. – Воронеж, 2010.

8. *Рахимова М. Р.* Мөлбулак. Тарбиячылар жана башталгыч класстын мугалимдери үчүн колдонмо. Түзгөн. – Бишкек, 2000.

9. *Рахимова М. Р., Абдыкеримова М. А.* Мелбулак: Программа 1-белук. – Бишкек, 2009.

10. *Соколова Ю.* Развитие речи. – М., 2008.

11. *Стародубова Н. А.* Теория и методика развития речи дошкольников. – М., 2012.

12. *Ушакова О. С., Гавриш Н. В.* Знакомим дошкольников с литературой: Конспекты занятий. – М., 2005.

13. *Чулкова А. В.* Формирование диалога у дошкольников. – Ростов-на Дону, 2008.

### «Элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу ЭМТК/Конструкциялоо» программасы

1. *Амонашвили Ш. А.* В школу – с шести лет. – М., 2002.

2. *Аникеева Н.Б.* Воспитание игрой. – М., 1987.

3. Давайте поиграем! Математические игры для детей 5–6 лет. / Под ред. *А. А. Столяра*. – М., «Просвещение», 1991.

4. *Коваленко В. Г.* Дидактические игры на уроках математики. – М., 2000.

5. *Леушина А. М.* Занятия по счету в детском саду: Учпедгиз, 1963.

6. *Метлина Л. С.* Математика в детском саду. – М.: «Просвещение», 1984.

7. *Михайлова З. А.* Игровые занимательные задачи. – М.: «Просвещение», 1985.

8. *Перова М. Н.* Дидактические игры и упражнения по математике. – М., 1996.

9. *Петерсон Л. Г., Кочемасова Е. Е.* Игралочка: Практический курс математики для дошкольников. Методические рекомендации. – Москва: Баласс, 2001.

10. *Сай М. К., Удальцова Е. И.* Математика в детском саду. – 1990.

11. *Сербина Е. В.* Математика для малышей. – М., «Просвещение», 1999.

12. *Смоленцева А. А.* Сюжетно-дидактические игры с математическим содержанием. – М.: «Просвещение», 1987.

13. *Таpунтаева Т. В.* Развитие элементарных математических представлений у дошкольников. – М.: «Просвещение», 1980.

14. Формирование элементарных математических представлений у дошкольников. / Под ред. *А. А. Столяра.* – М.: «Просвещение», 1988.

15. Формирование элементарных математических представлений у дошкольников / Под ред. *Р. Л. Березина, З. А. Михайлова А. А. Столяра* и др. – М.: «Просвещение», 1988.

16. *Фридман Л. М.* Психолого-педагогические основы обучения математики. – М.: Наука, 1999.

17. *Шорыгина Т. А.* Учимся ориентироваться в пространстве. – М., ТЦ «Сфера», 2004.

18. *Щербакова Е. И.* Методика обучения математике в детском саду. – М.: Академия, 2000.

## «Көркөм өнөр чыгармачылыгы» программасы

1. *Григорьева Г. Г.* Изобразительная деятельность дошкольников. – М., 1998.

2. *Казакова Т. Г.* Изобразительная деятельность и художественное развитие дошкольников. – М., 1983.

3. *Комарова Т. С.* Изобразительная деятельность в детском саду. – М., 1990.

4. *Уметов Т. Э.* Игра в системе народной педагогики. – Бишкек, 1998.

5. *Флерина Е. А.* Эстетическое воспитание дошкольника. – М., 1961.

6. *Шпак А. М.* Методическое пособие «Альбом ИЗО, ручной труд», «Альбом по аппликации»: Наглядное иллюстрированное пособие для детей 6–7 лет. – Бишкек, 2010.

## «Экинчи тил» (кыргыз/орус) программасы


1. *Барташникова И. А., Барташников А.А.* Учись, играя Тренировка интеллекта. – Харьков, 1997.
2. *Бородич А. М.* Методика развития речи детей. - М., 1981.
3. *Горькова Л. Г., Обухова Л. А.* Сценарий занятий по комплексному развитию дошкольников. Подготовительная группа. – М., 2005.
4. Государственный стандарт Кыргызской Республики. Дошкольное образование и уход за детьми. – Бишкек, 2007.
5. Методика обучения русскому языку в национальном детском саду. – М., 1985.
6. *Орусбаева Т. А.* Орус тилинде иштеген бала бакчалар да кыргыз тилин үйренет // Бишкек, 1992.
7. Орус тилинде иштеген балдар бакчасынын улуу жана даярдоо группаларында кыргыз тилин үйретүү программасы / Түзүүчүлөр: *Орусбаева Т. А., Акматов К., Орусбаев А. Т., Байганалиева А. Т.* – Фрунзе: Мектеп, 1989.
8. *Протасова Е. Ю., Родина Н. М.* Русский язык для дошкольников: Учебно-методическое пособие для двуязычного детского сада. – СПб: Златоуст, 2006.
9. *Рылеева Е. В.* Программа развития самосознания дошкольников в речевой активности «Открой себя». – М., 1999.


## Дене мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга (ДМЧ) инклюзивдик билим берүү


1. *Жумагулова Ч. А., Эсенгулова М. М.* Практика инклюзивного образования. – Бишкек, 2009.
2. «Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген жактардын укуктары жана кепилдиктери женүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 03.04.2008, №38.
3. «Кыргыз Республикасында жарандардын ден соолугун коргоо женүнде» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 09.01.2005, № 6.
4. «Кыргыз Республикасында мамлекеттик желекпулдар жөнүнде» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 05.03.1998, №15.

5. «КР калкын социалдык төйлөөнүн негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 19.12.2001, №11.

6. «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 4-статья;

7. «Минималдык социалдык стандарттар кепилдиги жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 26.05.2009, №170.

8. «Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 21.07.2008, №162.

9. «Эркектер жана аялдар үчүн тең укуктардын жана тең мүмкүнчүлүктөрдүн кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 04.08.2008, №184;

10. «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 25.03.2003, №62.